Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК Ошского государственного университета

2019-жылдын 30-ноябрында өткөрүлгөн “Студент жана илимий-техникалык прогресс” аттуу VI аймактык студенттик илимий конференциянын материалдарынын жыйнагы

Атайын чыгарылышы, 2020

ISSN 1694-7452

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

«ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ» ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

2019-жылдын 30-ноябрында өткөрүлгөн “Студент жана илимий-техникалык прогресс” аттуу VI аймактык студенттик илимий конференциянын материалдарынын жыйнагы

Атайын чыгарылышы, 2020

Илимий журнал ыргыз мамлекеттик китеп палатасынан 2000-жылдын 28-декабрында каттоодон өткөн.

Жыйнакка кирген материалдар автордук редакцияда жарыяланды. Макаланын мазмуну жана шексиздиги үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт. Редакциянын пикири макалалардын пикири менен дал келбеши мүмкүн.

Жыйнактын электрондук версиясын www.oshsu.kg сайты аркылуу эркин кирип көрүүгө болот.

**** Берилген материалдардын сапаттуулук деңгээлине, илимий мазмунуна, жаңылыгына, автор, сунуштаган кафедра жана рецензиялаган окумуштуу жооптуу***

Башкы редактор:

ф.-м.и.к., доцент ***Кожобеков К.Г.***

Башкы редактордун орун басары:

мед.и.д., профессор ***Осумбеков Б.З.***

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

МЕДИЦИНАЛЫК ИЛИМДЕР:

1. Жээнбаев Ж.Ж. – мед.и.д., проф.
2. Жолдубаев Р.Дж. – мед.и.д., проф.
3. Жумабаев А.Р. – мед.и.д., проф.
4. Тайчиев И.Т. – мед.и.д., проф.
5. Эшиев А.М. – мед.и.д., проф.
6. Мамаев Т. – мед.и.д., проф.
7. Сулайманов Ш.А. – мед.и.д., проф.
8. Жолдошов С.Т. – мед.и.д., проф.

БИОЛОГИЯЛЫК ИЛИМДЕР:

1. Жумабаева.Т.Т. – б.и.д., проф.
2. Каримова Б.К. – б.и.д., проф.
3. Тажибаев А. – б.и.д., проф. м.а.
4. Момунова А. – б.и.д., доцент

ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР:

1. Матикеев К.М. – г.и.д., проф.
2. Низамиев А.Г. – г.и.д., проф.
3. Алтыбаева Д.Т. – х.и.д., проф.
4. Камалов Ж.К. – х.и.д., проф.

ФИЗИКА-МАТЕМАТИКА ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК ИЛИМДЕР:

Физика-Техника

1. Кенжаев И.Г. – тех.и.д., проф.
2. Арапов Б.А. - ф.-м.и.д., проф.
3. Сайипбекова А.М. - ф.-м.и.д., проф.
4. Ташполотов Ы.Т. - ф.-м.и.д., проф.

Математика:

1. Алымкулов К.А. - ф.-м.и.д., проф.
2. Каримов С.К. - ф.-м.и.д., проф.
3. Матиева Г.М. - ф.-м.и.д., проф.
4. Турсунов Д. - ф.-м.и.д., проф.
5. Сопуев А.С. - ф.-м.и.д., проф.

ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР:

1. Эргешбаев У.Ж. – э.и.д., проф.м.а.
2. Култаев Т.Ч. – э.и.д., проф.
3. Кулуева Ч.Р. – э.и.д., проф.

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ:

1. Исаков К.А. - филол.и.д., профессор
2. Зулпукаров К.З. – филол.и.д., профессор
3. Калыгулова С.Ш. – филол.и.к., доцент
4. Элчиев Ж.Э. – филол.и.д., проф.м.а.
5. Жамгырчиева Г.Ж. – филол.и.д., проф.м.а.

ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ:

1. Бабаев Д.Б. – пед.и.д., профессор
2. Момуналиев С.М. – пед.и.д., профессор
3. Син Е.Е. – пед.и.д., профессор
4. Алтыбаева М.А. – пед.и.к., проф., м.а.
5. Батыралиев А. – пед.и.к., доцент
6. Акматова Т.А. – пед.и.к., доцент
7. Закиров А.З. писхол.и.к., проф.м.а.

УКУК ЖАНА ЮРИСПРУДЕНЦИЯ ИЛИМДЕРИ:

1. Дүйсенов Э.Э. – ю.и.д., профессор
2. Кулдышева Г.К. – ю.и.д., профессор
3. Арабаев Ч.И. – ю.и.д., профессор

САЯСАТ ТААНУУ ИЛИМДЕРИ:

1. Абдурешев А.Б. – саяс.и.д., проф.
2. Омукеева Ж.А. – саяс.и.д., профессор
3. Абазбек у. Р. – саяс.и.к., доцент

ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ:

1. Абытов Б.К. – т.и.д., профессор
2. Нурумбетов Б. – т.и.д., профессор
3. Кененсариев Т.К. – т.и.д., профессор

ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЛИМДЕР:

1. Аттокуров Т.А. – филос. и.д., профессор
2. Шарипова Э.К. – филос.и.д., профессор
3. Балтабаева А.Т. – филос.и.д., профессор

МАЗМУНУ

	ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР	
1	***Абжапар кызы Фарида*** *Ош мамлекеттик университетинин IT клубун түзүүнүн зарылчылыгы*	6
2	***Арзыбек уулу Алымбек*** *"Anylogic" программасынын жардамында мит факультетинин студенттерин компьютердик борборго оптималдуу жайгаштырууну моделдештирүү*	12
3	***Камалов Султанбек, Пакал уулу Долонбек*** *Мектептеги окуу процессин ата энелерге кабарлап туруучу электрондук күндөлүктүн мобилдик тиркемесин иштеп чыгуу технологиясы*	24
	ПЕДАГОГИКА. ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ	
4	***Алиева Зинат*** *Көп баскычтуу билим берүүдө электрондук окуу китептерин пайдалануу маселелери*	30
5	***Баратова Арофат Улугбековна*** *Филологиялык багыттагы бакалаврларды даярдоодо математикага коюлуучу талаптар*	39
6	***Токсонбаева Канимет*** *Жаш муундарга таалим-тарбия берүүдө ата-эненин ролу*	45
	ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕР	
7	***Адилжанова Сураё*** *Өзгөрүлмө коэффициенттүү сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдеменин чечимин изилдөө*	52
8	***Токтобаева Зуура Мадияровна*** *ек аралык катмар усулун колдонуп сингулярдык козголгон дифференциалдыктеңдеменин чечимин изилдөө*	56
	ТАРЫХ, ФИЛОСОФИЯ ЖАНА ДИН ТААНУУ	
9	***Арзыбекова Гулиза*** *Калыгул Бай уулунун адилеттүүлүк тууралуу айткан насааттарын хадистердин негизинде анализдөө*	61
10	***Жумабаев Бекжан, Балтабай уулу Сооронбай, Орунбай уулу Куттубек*** *Азыркы мезгилдеги чек араларда жашаган кыргыздардын тарыхы жана тагдыры (кыргызстандын түштүгүндөгү облустардын мисалында)*	70
11	***Мулдалиева Адина*** *Дин жана каада-салт: окшоштуктарына жана айырмачылыктарына саресеп*	79
12	***Полотбек кызы Канайым*** *Илим-билим түшүнүгүн светтик философия жана ислам дининин алкагындагы маңызы*	86
13	***Сапарали кызы Бурабия*** *Өзгөчөлөнүп сакталып калган тамак-аштардын бүгүнкү күндөгү орду*	95
14	***Токтобаева Аксана*** *Бала укуктарын коргоо – мамлекеттин келечеги*	108
15	***Ырысбек кызы Нуркан*** *Ааламдашуу доорундагы котормочулардын ролу*	114
16	***Хожиев Шахбос*** *«Кут алчу билим» чыгармасында өкүмдарларга тиешелүү сын-сыпаттардын чагылдырылышы*	120
17	***Эгемназаров Исхак Сардарбекович*** *Исхак Раззаков – улуттук лидер, жаратман жетекчи*	128
	ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ	
18	***Алимжан кызы Мээрим*** Ч. Айтматовдун чыгармалары – менин жашоом	134
19	***Асилбек кызы Мадина*** *Маалымат алмашуу боюнча кыргыз элинин тажрыйбасы*	142
20	***Бекмурзаева Асель*** *Традиции поэзии серебряного века в творчестве поэтов республики 50-60-х годов XX века*	149
21	***Гайымова Насипгүл*** *Улуттун уңгусу – мамлекеттик тилинде*	159

22	***Далиева Умида*** *Ч. Айтматов – доор жаңырткан калемгер Ч. Айтматовдун учкул кептеринин мааниси*	***169***
23	***Маматкадыр кызы Айбарчын*** *Кыргыз драматургиясы кечээ жана бүгүн*	***173***
24	***Мамашева Аскатбек Жолборсович.*** Ч. *Айтматовдук ааламдын котормо маданиятындагы орду*	***179***
25	***Орунбаева Акбермет*** *Концепт «сылыктык» жана алардын түшүнүгү катары кечирим, кайрылуу материалында кыргыз, англис жана орус тилдеринде*	***183***
26	***Токтомаматова Гулиза Талаевна*** *Адамдын түрдүү толкунануу абалын туюндурган кыргыз тилиндеги кээ бир фразеологиялык бирдиктердин англис тилинде берилиши*	***191***
27	***Узакбай уулу Кайратбек*** *Тил – элдин байлыгы жана баалуулугу*	***198***
	ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕРИ	
28	***Азизилла уулу Эгемжар*** *Финансылык сабаттуулуктун адам жашоосундагы ролу жана финансылык маселелерди чечүүнү автоматташтыруу*	***204***
29	***Асанова Астра, Мухтардинова Жибек*** *Кыргызстандын түштүгүндө сүт фабрикасынын ачылышы атаандаштыктын жана калктын артыкчылыктарын көбөйтүүнүн фактору катары*	***212***
30	***Газизулина Милана Саматовна*** *Кыргыз республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн кыйынчылыктары жана тенденциялары*	***220***
	МЕНЕДЖМЕНТ	
31	***Абдылдаева Айпери Бакытбековна, Шадбекова Акмарал Болотбековна,*** *Кадрларды баалоо – ишкананы кадрдык башкаруудагы негизги маселе*	***233***
32	***Абытова Назбийке Турдубековна*** *Туризм тармагынын кыргызстандын түштүк регионундагы орду жана социалдык-экономикалык абалы*	***244***
33	***Амиракулова Акбермет, Кошмаматова Айчолпон*** *Социалдык маркетинг өлкөнүн калкынын турмушун жакшыртуу үчүн курал*	***251***
34	***Замирбек кызы Айзирек*** *Кыргыз Республикасынын миграциялык процесстерин, талдоо жана сунуштар*	***258***
35	***Махмудов Дилмурад Тухтасинович, Эргашбаева Хуршида Неъматовна*** *Кадрдык саясат – билим берүү мекемесинин кадрдык ишинде приоритеттүү багыт*	***266***

ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР

УДК: 004 05 (575.2)

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН IT КЛУБУН ТҮЗҮҮНҮН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ

Абжапар кызы Фарида, ОшМУ
E-mail: abjaparkyzyfarida@gmail.com

Аннотация. *Бул макалада учурдагы коомдогу санариптештирүү процессинин алкагында, мамлекетибиздин келечеги үчүн сапаттуу кадрларды даярдоо аркылуу аймактардын өнүгүүсүнө салым кошуу идеясы сунушталган. ОшМУнун IT клубун түзүү менен жаштардын өз алдынчалуулугун өнүктүрүү, эл аралык конкурстарга катыштыруу жана башка көндүмдөрдү калыптандырууга болору далилденген. Университеттин IT клубун түзүү жана санариптештирүү студенттердин сапаттуу кадр кылып даярдоого мыкты багыт болуп эсептелет.*

Ачкыч сөздөр*: санариптештирүү, IT клуб, аймактарды өнүктүрүү, студент, жаш кадрлар, командалык иш, проект, ийкемдүү жөндөмдүүлүктөр.*

НЕОБХОДИМОСТЬ СОСТАВЛЕНИЯ IT КЛУБА В ОШСКОМ ГОСУДАРСТВЕННОМ УНИВЕРСИТЕТЕ

Абжапар кызы Фарида, ОшГУ
E-mail:abjaparkyzyfarida@gmail.com

Аннотация. *В этой статье предложена идея, в рамках цифровизации общества во благо будущего страны через подготовку качественных кадров для развития регионов. С созданием IT клуба ОшГУ, была доказана что это поможет студентам привыкнуть к участиям международных конкурсов, самостоятельным работам. Разработка IT клуба станет путем для подготовки качественных кадров и цифровизации общества.*

Ключевые слова*: цифровизация, IT клуб, развития регионов, студент, командная работа, проект, гибкие навыки.*

THERE IS NECESSITY TO CREATE IT CLUB IN OSH STATE UNIVERSITY

Abzhapar kyzy Farida, OshSU
E-mail:abjaparkyzyfarida@gmail.com

Abstact. *This article proposes an idea, in the framework of digitalization of society for the good of the future of the country through the training of quality personnel for the development of regions. With the creation of the OSU IT club, it was proved that this will help students get used to participating in international competitions, independent work. The development of an IT club will be a way to train quality personnel and digitalize society.*

Key words*: digitalization, IT club, regional development, student, teamwork, project, soft skills.*

Өлкөбүздө акыркы жылдары IT тармагында бир топ өнүгүүлөр болгону баарыбызга маалым. Ошондой эле бул сферада көптөгөн окуу курстары күндөн-күнгө көбөйүүдө. Маалымат технологиясы секунд сайын өзгөрүп турган учурда, IT адистери жетиштүү деп айта албайбыз. Учурда IT тармагында 2500 дөн ашык адис эмгектенет, бирок, биздин өлкө үчүн дагы 50000 адис керек. Ал эми жогорку технологиялар паркында болсо, учурда 400 программист иштейт, аларга дагы 4000 программист жетишпейт. Бул бир гана биздин өлкөдө эмес дүйнө жүзү боюнча жетиштүү болбой жаткан адистик болуп саналат. Суроо-талап жана эмгек акысы жогору болгон бул адистикке кызыккан жаш досторубуздун саны күндөн-күнгө өсүүдө. Мектепти бүткөн окуучулардын 30-40%ти программист болууну каалашып өлкөбүздөгү жогорку окуу жайларына жана чет элдик окуу жайларга тапшырышат [6].

Статистика боюнча өлкөдө IT технология жаатында эмгектенген 30дан ашуун компания бар, аларга 70% буйрутма башка мамлекеттерден түшөт. Дээрлик көпчүлүк IT компаниялар практикалык тажрыйбасына, команда менен иштей алышына жана жөндөмдүүлүгүнө карап жумушка алышкандыктан, алар окуу жайды бүтүү менен эле өздөрү самаган жумуш орундарына иштей алышпайт [5].

Компаниялар менен адистердин ортосундагы көпчүлүк келишпестиктер, ушул сыяктуу көйгөйлөрдөн чыгат. Кайра практикалык тажрыйба топтоп кээ бир жөндөмдүүлүктөргө көнүгүү үчүн алар өзүнчө убакыт коротушуп, ошол компанияларда айлап-жылдап стажер болуп иштөөгө мажбур болушат. Бул чөйрөдө иштеп кетүү үчүн бир гана практикалык тажрыйба маанигe ээ, кайсыл окуу жайды бүткөнү, же болбосо диплому көпчүлүк компанияларда талап кылынбайт.

Мамлекетибизди келечеги жаш, сапаттуу кадрлардын колунда. Сапатуу жаштарды кадр катары даярдоо билим берүү мекемелеринин түздөн-түз милдети болуп эсептелинет.

Ош Мамлекеттик Университетинин Математика жана информациялык технологиялар факультетинде жылына IT тармагында адистер билим алып чыгышат. Алар информациялык технологиялар, колдонмо информатика, автоматташтырылган информациялык системалар багыттары боюнча адистикке ээ болушат [7]. Бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү өздөрүнүн адистиктери боюнча иштешпейт. Анын себеби алар өздөрү бул кесипти сүйбөгөнүндө, өз кесибинин канчалык актуалдуулугун түшүнбөгөндүгүндө жана кесибин жетишээрлик деңгээлде үйрөнбөгөндүгүндө болуп саналат. Жана ошондой эле окуу мезгилинде чыныгы проекттер менен иштебегендиги да себеп болот. Эгер студент окуу менен бирге эле ушул сферадагы жок дегенде бир проект менен иштеген болсо, анда ал кандайдыр өлчөмдө болсо да тажрыйбага ээ болуп, иштеп кетүү жөндөмү жаралмак. Бүтүрүүчүлөр IT компанияларга резюме калтыргандан чочулашы да жашыруун эмес, анткени ваканциялардын талаптары аларды чочулатпай койбойт. Аларга өздөрүнүн жөндөмүн көрсөтүүгө жана алдыга умтулуусуна стимулдар жетишсиз.

Бул маселени чечүү үчүн студент окууну бүтө элек мезгилде алар менен иш алып баруу керек, алар окууну бүткөн учурда билимге, тажрыйбага жана ийкемдүү жөндөмүүлүктөргө да ээ болуп чыга тургандай шарт түзүүбүз керек. Ал үчүн Ош мамлекеттик университетинин IT клубун түзүүнү сунуш кылам.

IT клуб негизинен студенттер жана дасыккан окутуучулар тарабынан түзүлөт, ошондой эле клубка ОшМУнун ар бир студенти мүчө боло алат.

Бул IT клуб кимдер үчүн?

- IT тармагына кызыккан студенттер үчүн
- Өлкөбүздүн технологиялык өнүгүшүнө кайдыгер карабаган жаштар үчүн
- Үйрөтүүнү жана үйрөнүүнү каалаган студенттер үчүн
- Өзүнүн жеке программасын түзүүнү каалаган студенттер үчүн
- Команда менен иштөөнү каалаган студенттер үчүн
- Идеяга бай студенттер үчүн

Клубга мүчө болгон студенттер негизинен чыныгы проекттер менен иштөөнү, команда менен иштөөнү, менторлукту үйрөнүшөт. Маалыматтарга караганда адамга өзүнүн курагындагы маектешинин же досунун сөзү түшүнүктүү болот. Анткени ал маектешип жатканда эч кандай дискомфортко учурабай эркин баарлаша алат жана каалаган суроосун тоскоолдуксуз бере алат. Ушул жол менен үйрөнүү угуучуларга эффективдүү болот [1]. Билгендер билбегендерге үйрөтүү менен өздөрүнүн билимин дагы да толукташат. Ушул тартипте клубдун мүчөлөрү чогуу маселелерди талкуулашат, жаңы идеяларды сунушташат, проекттерди ишке ашырышат жана өздөрүнө келечек керектүү болгон практикалык билимди алышат.

IT клубдун максаты:

- Өлкөбүздүн IT тармагынын өнүгүшүнө салым кошуу;
- Практикалык көнүгүүлөрдүн натыйжасында дүйнөлүк технологияга ынгайлашуу;
- Университеттин жана ошондой эле факультеттин программалык көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшүү;
- Студенттердин ийкемдүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу;
- Студенттерди республикалык жана дүйнөлүк конкурстарга даярдоо;
- Мамлекеттик жана дүйнөлүк долбоорлор менен иштөө;

- IT компаниялар менен адистердин ортосунда көпүрө болуу;
- КАРПОУ ПВТ га мүчө болуу (Кыргызская Ассоциация Разработчиков Программное Обеспечения и Услуг, Парк Высоких Технологии (HIGH TECHNOLOGY PARK).

2017-жылдан бери IT сферасында алгылыктуу бир топ иштер жүргүзүлүп келет, алар ар кандай митаптар, стартаптар, хакатондор жана проекттер. Аларга окуу жайлардан өзүнчө командалар катышып, проекттерин ишке ашырышат жана көптөгөң жаңы маалыматтарга ээ болуу менен бирге, бул тармактагы алдыңкы адистер менен таанышышат. ОшМУда IT боюнча атайын команда жок болгондуктан мындай иш чараларга дээрлик катышпайт.

Бул IT клубду түзүүдөн максат, ушул сыяктуу конкурстар, чоң-чоң проекттерге катышууга мүмкүнчүлүк түзүү. Бул сыяктуу иш чаралар студенттерге кошумча стимул бере алат. Ал жерге IT тармагынын мыкты спикерлери өздөрүнүн тажрыйбалары менен бөлүшүп, кеңештерин берет. Жана ошондой эле уютурулган хакатондорго катышуу аркылуу аз убакыттын ичинде жыйынтык көрсөтүүнү жана команда менен адаптацияланып иштөөгө көнүгүшөт.

IT клубдун структурасы [2]:

- Проект-менеджер;
- Продукт-оунер;
- Юрист;
- Бизнес-аналитиктер;
- Дизайнерлер;
- Лингвисттер;
- Программисттер;
- Тестировщиктер.

Клубдун ишмердүүлүгү жогорудагы критерийлерден турат. Бул бир проекттин толук бүтүшү үчүн керектүү болгон топ. Командада проект-менеджер баарын көзөмөлдөйт, продукт-оунер болсо тапшырыкчы менен

макулдашып, топко ошого жараша иш жүргүзүүнү пландайт, бизнес-аналитиктер проекттин финансылык тарабы менен алектенишсе, дизайнерлер анын графикалык макетин тургузушат. Тилчилер маалыматтарды которушат, көзөмөлдөшөт, чет өлкөлүк уюмдар менен иштешүүдө жардам беришет. Качан гана ушул жумуштар аткарылганда программисттер программаны иштеп чыгууну башташат. Алар бүткөдөн соң тестировщиктер текшерип аны проект-менеджерге тапшырат, ошентип командалык жумуш аткарылат.

Аны менен эле чектелбестен клуб өз алдынча иш чараларды (мероприятия) уюштурат. Бул алардын уюштуруучулук жөндөмүн артырат. IT багытында конкурсттарды, семинар-тренингдерди жана программистер менен жолугушууларды, бардык студенттер үчүн университеттик деңгээлде уюштуруу менен да алектенишет. Ошондой эле атайын программалоо тилдерин (HTML, CSS, JavaScript, PHP, Java ж.б. [3]) маретинг боюнча, финансылык сабаттуулук боюнча (1C, бухгалтерия, CMM, менеджер), графикалык дизайн боюнча (Corel Draw, Photoshop ж.б.) курстар уюштурулуп, аны клубдун мүчөлөрү өздөрү үйрөтүшөт.

Аны менен бирге клубдун мүчөлөрү үчүн Кыргызстандагы ири IT компанияларга (Zensoft, Irokez, TimelySoft, Mad devs, Sun Rise, Neobis) стажировкалар жана жумушка ортоштуруу боюнча келшимдер түзүлөт.

Адабияттар:

1. Джон Максвелл – «17 неопровержимых законов работы в команде»
2. Коллектив авторов – «Цифровизация»
3. Сопуев У., Асылбеков Т., Молдояров У. «Web-программалоо»

Медиа адабияттар:

4. Кырыз-Туусу гезити, №75 саны
5. azattyk.org
6. kaktus.media
7. oshsu.kg

УДК: 004.414.23

“ANYLOGIC” ПРОГРАММАСЫНЫН ЖАРДАМЫНДА МИТ ФАКУЛЬТЕТИНИН СТУДЕНТТЕРИН КОМПЬЮТЕРДИК БОРБОРГО ОПТИМАЛДУУ ЖАЙГАШТЫРУУНУ МОДЕЛДЕШТИРҮҮ

Арзыбек уулу Алымбек, ОшМУ
E-mail: Alymbek.1399@mail.ru

Аннотация: *Бул макалада Anylogic программасынын жардамында студенттердин кабинеттерге жайгашуусун, оптималдуу жол менен моделдештирүү каралды. Бул программа графикалык программа болуп эсептелет. Ошондой эле обьектик ориентирлөөгө ыңгайланышкан.Anylogic программасы моделдөөгө гана эмес, талдоого да мүмкүнчүлүк берет. Моделдештирүүнүн натыйжасында факультетте мугалимдер жана студенттер үчүн ыңгайлуу шарт түзүү, методисттер үчүн баш аламан кыймылды жөнгө салууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.*

Ачкыч сөздөр: *оптималдуу, жөнгө салуу, моделдештирүү, ыңгайлуу,студент.*

МОДЕЛИРОВАНИЕ ОПТИМАЛЬНОГО РАЗМЕЩЕНИЯ СТУДЕНТОВ ФАКУЛЬТЕТА МИТ В КОМПЬЮТЕРНОМ ЦЕНТРЕ ПРИ ПОМОЩИ ПРОГРАММЫ "ANYLOGIC"

Арзыбек уулу Алымбек, ОшГУ
E-mail: Alymbek.1399@mail.ru

Аннотация: *В этой статье рассмотрена размещение студентов в кабинеты компьютерного центра с оптимальным решением с помощью программы Anylogic. Это графическая программа. Также она составлена на объектное ориентирование. Программа Anylogic дает возможность не только моделировать, но и анализировать. В результате моделирования, на факультете создаются благоприятные условия для преподавателей и студентов, также для методистов дает возможность регулировать движения.*

Ключевые слова: *оптимальный, регулирование, моделирование, удобство, студент.*

MODELING OF OPTIMAL PLACEMENT OF STUDENTS OF THE FACULTY OF MIT IN THE COMPUTER CENTER USING THE PROGRAM "ANYLOGIC"

Arzybek uulu Alymbek, OshSU
E-mail: Alymbek.1399@mail.ru

Abstract: *This article discusses the placement of students in the offices of the computer center with the optimal solution using the program Anylogic. It's a graphics program. Also it is made on object orientation. The program Anylogic gives the opportunity not only to model, but also to analyze. As a result of modeling, the faculty creates favorable conditions for teachers and students, as well as for methodologists gives the opportunity to regulate movement.*

Key words: *optimal, regulation, modeling, convenience, student.*

AnyLogic имитациялык моделдин системасы жөнүндө жалпы түшүнүк. Моделдөөнүн ролу азыркы дүйнөдө өтө жогору. Мурда окшоштуруп моделдөө маанилүүлүгүнө баа берүү өтө кыйын болгон дээрлик заманбап каражаттары менен ар түрдүү тармактарда бир жараян тийиштүү тутунган болот. Машыктыруучу эксперименттер жүргүзүү ар түрдүү өзгөрүүлөргө таасирин баалоо үчүн тутум жөндөөлөрүн жана келечекте туура чечим чыгарууга. Окшоштуруп моделдөө көп чечимдерди өндүрүүдө колдонулат стратегиялык башкаруу аралык жол-жоболорун оптималдаштыруу боюнча ар кандай маселелер. Моделдөө бизге гана эмес, талдоого мүмкүнчүлүк берет белгилүү бир жараян, бирок ал бир башкаруу стратегиясын капитал керектөөсүнүн текшерүүгө мүмкүндүк берет, бүтүндөй бир өндүрүш системасынын. моделди колдонуу менен эксперименттерди өткөрүү чыныгы жашоодо эксперименттерди жүргүзүү зарылдыгы жок жана иштин өндүрүш жолтоо болбойт. моделдөөнүн жардамы менен тез жана жеңил болот, бир компьютер экранындагы ар кандай жагдайлар, ошол жол бүгүнкү күндө көптөгөн программалар ар турдуу татаал машыгууларды түзөт. Anylogic программалар, моделдөөнүн куралы болуп саналат. Окшоштуруу моделдеринин түзүү үчүн бул бардык ыкмаларды колдойт: иш-багытталган (дискреттик окуя), система-

динамикалуу жана АВ, жана анын ар кандай айкалышы. Ушул иш-жылы бул маселе иш моделдөөнүн мисалы тарабынан каралат. Колдонмо илимий практикалык милдеттери магистр жана аймактарда "Ground transport no tehnologicheskie каражаты "окуп " Заманбап техникалык кызмат маалыматтык технологиялар" тартипке салуу үчүн "Иш transportnotehnologicheskih машиналар жана комплекстер" жана "Computer технологияларды ишке ашырууга жана даярдоого арналган" [3].

90-жылдардын башында компьютердик илимде параллельдик процесстердин өз ара иштешүүсүнүн математикалык түшүндүрүлгөн баяндоосун курууга чоң кызыкчылык бар болду.

Санкт-Петербург Политехникалык университетинин бир топ окумуштуулары параллель жана бөлүштүрүлгөн системалардын туура анализ жүргүзүү үчүн программалык пакеттерди иштеп чыгуу менен алектенишкен. Мындай программалык продукт ойлоп табылып жана ал жаны инструменттин атын COVERS (Параллелдуу верификация жанаМоделдештирүү).

Бул пакетте анализденип жаткан система графикалык менен берилген, анын баяндоо структурасы менен жана бөлөк параллельдүү компоненттери башка процесстер жана чөйрө менен өз ара аракеттенише алышы.

1998-ж бул изилдөөнүн ийгилиги менен лаборатория коммерциялык компания түзүп анда имитациялык моделдөө үчүн жаңы программалык камсыздалыштарды ойлоп табуу идеясы келген.

Ал изилдеп чыгууда негизги басып прикладдык методдордо турган: стохастикалык системаларды моделдөө, моделдин оптималдаштыруусу жана визуалдаштыруусу. Жаңы программалык камсыздоо 2000-жж. чыгарылган,ал акыркы техникалык артыкчылыктарга негизделген: UML-элементтик стандарт, Java программалык тили [2].

Продукт Anylogic деп аталат, анткени ал 3 белгилүү багытты кармап турат.

Рис.2.1.

Anylogiстин биринчивер сиясы Anylogic 4, анткени ал 4 индекстүү.

- системалык динамика;
- дискреттикокуялуу (процесстик) моделдөө;
- агенттикмоделдөө.

2003-жылы Anylogic бир кадамга алдыга жылган. 5 версиясы чыккан. Anylogiстин жардамында төмөндөгү чөйрөдө моделдерди түзүүгө мүмкүнчүлүктөр бар.

- Өндүрүш;
- Логистика и цепочки поставок;
- Базар жана конкуренция;
- Бизнес процесстер жана тейлөөчөйрөсү;
- Саламаттыкты сактоо жана фармацевтика;
- Проекттерди жана активдерди башкаруу;
- Телекоммуникациялар жана информациялык системалар;
- Социалдык жана экологиялык системалар;
- Өтмөк динамикасы;
- Коргонуу.

Anylogic 6 Java программалык тилинде жазылган. Anylogic графикалык тилди өзүнө камтыйт. Anylogic системасы XJTechnologies (Россия), компаниясы тарабынан иштелип чыккан.

AnyLogic компаниясынын кардарлары:

1. Сбербанк России;
2. Akbank;
3. Baltika;
4. Gazprom;
5. IBM;
6. Volvo;
7. Mitre;
8. NSG;
9. Cargill;
10. Diamond;
11. Allstate;
12. JST;
13. Евросиб.

Жөө адамдардын кыймылы





Бизнес процесстер

Телекоммуникация



Anylogic 5 Rockwell Arenанын принциби менен түзүлгөн.

AnyLogic чөйрөсүндө колдонулган базалык инструменттер.

AnyLogicтин редактор терезесинде төмөнкү инструменттер колдонулат (рис. 2.5):

- Панели инструментов;
- Панель Проекты (дерево всех объектов проекта);
- Панель Палитра;
- Панель Ошибки;
- Окно свойств.
- Окно графического редактора [1].



Рис. 2.5. Окно редактора AnyLogic

Инструменттер панели көпчүлүк функцияларга тез доступту камсыз кылат, автоматтык түрдө болуп жаткан режимге түздөлөт. AnyLogicте төмөндөгүдөй инструменттер панели бар:

Стандарттык (Создать, Открыть модель, Сохранить модель, Сохранить все модели)

Построение (Построить модель, Построить все, Отладка, Запуск)

Редактирование (Отменить, Повторить, Вырезать, Скопировать, Вставить, Удалить) 

Рисование (100%, Отдалить, Масштаб, Приблизить, Отобразить/скрыть сетку)

Проект Панели. Элементтер моделинин дарагы.



Рис. 2.6. Панель Проекты

Палитра панели бир нече командалардын бүктөмөлөрүнөн турат жана алардын ар бири белгилүү бир маселеге таандык элементтерди камтыйт:

- Негизгиси негизги элементтерди камтыйт, алардын жардамында моделдин динамикасын, анын структурасын жана берилгендерин берсе болот;

- Системалык динамика өзүнө агымдардын жана топтоочу диаграммалардын элементтерин камтыйт;
- Диаграмма абалы объектти графика түрүндө берүүгө болгон диаграмма блокторун камтыйт;
- Кыймыл-аракет диаграммасы структурлашкан блок-схемаларды камтыйт, ал алгоритмди визуалдык түрдө берүүгө мүмүкүндүк берет;
- Статистика моделдердин жыйынтыгын көрсөтүүгө, анализдөөгө топтолгон элементтерин камтыйт;
- Презентация презентацияларды тартууга болгон элементтерди, башкаруу элементтерин, презентацияга интерактивдүүлүктү камтыйт;
- Сырткы берилгендер тексттик файлдарды жана берилгендер базасы менен иштөө инструменттерди камтыйт;
- Сүрөттөр дайыма колдонулууучу сүрөттөрдүн курамын камтыйт: человек, грузовик, фура, погрузчик, склад, завод и т. д.

Панель Ошибки астынкы сол бурчта жайгашкан. Ал мыштын эки жолу басуу менен катасын чыгарып берет.

Свойства терезеси. Any Logic редакторунда касиеттер терезесинде ар бир белгиленген элементтер үчүн касеттер терезеси ачылат. Касиеттер терезеси редактор терезесинин оң жагында ачылат.



Рис.2.7. Окно свойств

Графикалык редактордун терезесинде объекттер үчүн эки өлчөмдүү, үч өлчөмдүү анимациялык көрүнүштө көрүүгө болот. Мында моделдин абалын контролдоп турууга болот. Ушул терезеде моделди визуалдык түрдө көрүүгө болот.



Рис. 2.8. Окно графического редактора

Аткарылуу модель. Моделди жүргүзүүдө компилятор чыгат, ал моделдин тилин Javada түзөт.



Рис. 2.9. Запуск модели

Презентациянын терезеси ачылат

При этом откроется окно презентации (рис.2.10).



Презентация терезеси Рис.2.10.

EnterpriseLibrarykитепканасынынжардамындататаалмоделдердитүзүүгө болот.Мисалы:

- Өндүрүштүк кыймылынын моделин;
- Тейлөө системасынын моделин (банктар,аэропотторж.б.);
- Бизнес-процесстердин моделин;
- Логистика жана жеткирүү чынжыры;

Enterprise Library китебинин объекттерин колдонуп ар түрдүү моделдерди, процесстерди, ресурстарды түзүүгө болот. Процесстер блоктук диаграмма түрүндө берилген.



Рис. 2.11. Библиотека Enterprise Library.

– Pedestrian Library өтмөк агымдарын моделдештирүүгө чыгарылган. Бул көп сандагы өтмөктөрдүн моделдерин түзүүгө мүмкүндүк берет. Модель ар чөйрөдөгү статистикалык учетун кармап турат.

Өтмөктөрдүн агымдарын тез көркөмдөө үчүн – Pedestrian Library жогорку даражадагы блоктук диаграмма түрүндө берилет.



Рис. 2.12. Библиотека Pedestrian Library

AnyLogicJavaга негизделген жана Eclipse платформасына базаланган.

Eclipseтин жардамы менен AnyLogic бардык таралган операциондук системаларда иштейт (Windows, Mac, Linuxж.б.)

AnyLogic редакторунда



Рис.2.13

Модель менен ар түрдүү эксперименттер жүргүзүүгө болот:

- Моделдештирүү (simulation);
- Оптимизациялоо (optimization);
- Монте-Карло эксперименттери;
- Сезүү анализи;
- Колдонуучунун экспериметтери [2].

Anylogic программасын пайдалануу менен факультеттеги группаларды компьютердик борбордогу кабинеттерге жайгаштырууну моделдештирүү аркылуу, методисттердин ишин жеңилдетүү. Кабинеттерге группалардагы студенттердин батпай калуусу, бир кабинетке 2 группа кирип калышы жана башка көйгөйлөрдүн чечилүүсүнө көмөктөшүү.

Адабияттар:

1. Маликов Р.Ф., Практикум по имитационному моделированию сложных систем в среде AnyLogic 6 [Текст]: учеб. пособие / Р.Ф. Маликов.
2. Илья Григорьев Anylogic за три дня. Практическое пособие по имитационному моделированию.
3. Боев В.Д., Кирик Д.И., Сыпченко Р.П., Компьютерное моделирование: Пособие для курсового и дипломного проектирования.

УДК: 004.4’24/575.2

МЕКТЕПТЕГИ ОКУУ ПРОЦЕССИН АТА ЭНЕЛЕРГЕ КАБАРЛАП ТУРУУЧУ ЭЛЕКТРОНДУК КҮНДӨЛҮКТҮН МОБИЛДИК ТИРКЕМЕСИН ИШТЕП ЧЫГУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

Камалов Султанбек , Пакал уулу Долонбек
магистранттар, ОшМУ

Аннотация: *Бул эмгекте мектеп окуучулары үчүн атайын электрондук күндөлүк иштелип чыккан. Бул электрондук күндөлүк окуучулар жана окуучунун ата энелери үчүн керек болгон мобилдик тиркеме. Башка мобилдик тиркемелерден айырмачылыгы, бул тиркеме бир гана мобилдик тиркеме болбостон, интернет сайт катары да колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Окуучу жана ата эне күнүмдүк сабактардын жадыбалын, берилген тапшырмаларды, сабака катышууну, ар түрдүү мектепте болуп жаткан иш чаралар, спорттук мелдештер, ж.б.у.с. кулактандырууларды, окуучуларга коюлган күнүмдүк бааларды жана чейрек бааларды билип турууга арналган электрондук күндөлүк.*

Ачкыч сөздөр: *интернет, электрондук күндөлүк, мобилдик тиркеме, онлайн, маалымат, интернет – сайт, телефон, HTML, CSS, PHP, Java, авторизация, логин, пароль*.

ТЕХНОЛОГИЯ РАЗРАБОТКИ МОБИЛЬНОГО ПРИЛОЖЕНИЯ ЭЛЕКТРОННОГО ДНЕВНИКА ДЛЯ ОПОВЕЩЕНИЯ РОДИТЕЛЕЙ О ШКОЛЬНОМ УЧЕБНОМ ПРОЦЕССЕ

Камалов Султанбек , Пакал уулу Долонбек
магистранты ОшГУ

Аннотация: *В этой работе разработан специальный электронный дневник для школьников. Это мобильное приложение, необходимое как для учащихся, так и для родителей учащихся в электронном дневнике. В отличие от других мобильных приложений, данное приложение имеет возможность использовать не только как мобильное приложение, но и как интернет-сайт. Учащиеся и родители должны знать, как вести себя при повседневных занятиях, как вести себя при заданных заданиях, как вести себя при посещении занятий, как вести себя при различных школьных мероприятиях, так и спортивных соревнованиях и т.д. электронный дневник, предназначенный для ознакомления с объявлениями, текущими оценками, выставленными на учащихся, и ежеквартальными оценками.*

Ключевые слова: *интернет, электронный дневник, мобильное приложение, онлайн, информация, интернет сайт, телефон, HTML, CSS, PHP, Java, авторизация, логин, пароль.*

TECHNOLOGY OF DEVELOPMENT OF A MOBILE APPLICATION ELECTRONIC DIARY TO ALERT PARENTS ABOUT THE SCHOOL EDUCATIONAL PROCESS

Kamalov Sultanbek, Pakal uulu Dolonbek
masters of Osh SU

Abstract: *In this work, a special electronic diary for schoolchildren has been developed. This is a mobile application required for both students and parents of students in an electronic diary. Unlike other mobile applications, this application has the ability to use not only as a mobile application, but also as an Internet site. Students and parents need to know how to behave in everyday activities, how to behave when given tasks, how to behave when attending classes, how to behave at various school events and sports competitions, etc. an electronic diary designed to review announcements, current grades posted to students, and quarterly grades.*

Keywords: *Internet, electronic diary, mobile application, online, information, website, phone, HTML, CSS, PHP, Java, authorization, login, password.*

1. Киришүү

Баарыбызга белгилүү болгондой бүгүнкү күндө адамзаттын жашоосуна компьютердик технология, интернет булактары кандай чоң орун ээлеп калса, азыркы убакта медицина тармактарында, педагогикалык өндүрүштө, окутууга, илим изилдөө иштеринде жана башка көптөгөн тармактарда да зор агым менен маалыматтык системалар, компьютер, интернет аралашуусу кеңейип келүүдө.

Электрондук күндөлүк – бул атайын мектеп окуучулары үчүн иштелип чыккан, күнүмдүк сабактардын жадыбалын, берилген тапшырмаларды, сабака катышууну, ар түрдүү мектепте болуп жаткан иш чаралар, спорттук мелдештер, ж.б.у.с. кулактандырууларды, окуучуларга коюлган күнүмдүк бааларды жана чейрек бааларды билип туру үчүн атайын мобилдик тиркеме.

Бул электрондук күндөлүк кадимки күндөлүктөн айырмасы чоң, биз кандайдыр маалыматты угуу үчүн мектепке баруу зарылчылыгы туулбайт же болбосо берилген тапшырманы билүү үчүн кимдир бирөөдөн суроонун кажети жок, жөн гана мобилдик тиркемеден билүүгө болот. Окуучулар бул тиркемеге уюлдук телефондон, планшеттерден жана компьютерден кирип колдонууга жана өзү дагы билдирүү калтыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Электрондук күндөлүктүн пайдасы:

- Убакытты үнөмдөө, эгерде бизге эртеңки күндүн сабактарынын жадыбалы керек болсо, биздин кадимки күндөлүк кандайдыр бир шарттардан улам жоголуп же болбосо ал күндөлүктөн биз маалымат ала албай же жазууну унутуп калган болсок, аны билүү үчүн убакыт керектелет, а электрондук күндөлүктө жөн гана мобилдик тиркемени ачуу менен көрө алат.
- Жаратылышты сактап калууга аз болсо да өз пайдасын берет. Кадимки күндөлүктү иштеп чыгаруу үчүн канчалаган дарактар, токойлор кыйылып, аны иштеп чыгуу үчүн канчалаган электр энергиясы, күч керектелет. Жогоруда айтылгандардын баарын колдонуп күндөлүк иштелип чыкса, ал эми электрондук күндөлүккө эч кандай каражат кетпейт. Бир гана уюлдук телефон, интернет жетиштүү. Азыркы убакта баарыбызда эле уюлдук телефон колдонулуп калды.
- Мугалимдин убактысын үнөмдөө. Мугалим өзүнүн кандай жарыялары же тапшырмасы болсо, жөн гана электрондук күндөлүккө жүкктөп кою жетиштүү болот.
- Мугалим менен менен окуучунун ортосундагы үзгүлтүксүз байланыш ж.б көптөгөн пайдалуу жактарын алып кароого болот.

Электрондук күндөлүктү түзүүнүн технологиясы

Бул электрондук күндөлүктү түзүү үчүн биз аткара турган иштер жана керектөөлөр: мейкиндик, ишенимдүү хостинг, төлөм системасын туташтыруу

жана тиркемени түзүү. Электрондук күндөлүктү Html, Css, Javascript, Php, MySQL тилдеринин жардамында түзүүгө болот.

2. HTML

HTML (англ. Hyper Text Markup Language) – дүйнөлүк желедеги документтерди стандарттык белгилөө тили. Көпчүлүк веб – баракчалар HTML же (XHTML) тилинде жазылат. HTML тили браузер менен которулуп, кишиге ыңгайлуу документ калыбында көрсөтүлөт.

3. CSS

CSS (/siːɛsɛs/ англ. Cascading Style Sheets – каскадные таблицы стилей) бул – бир белгилөө тилинде жазылган документтин сырткы көрүнүшүн жасалгалоо үчүн колонулган формалдуу тил болуп эсептелет.

4. PHP

PHP – веб-программалоо тилдеринин бири болуп эсептелет. Анын синтаксиси жөнөкөй, бирок объектке багытталган мүмкүнчүлүгү жогору болгондуктан PHP тилинде ар кандай татаалдыктагы веб-колдонмолорду жасоого болот.

5. JavaScript программалоо тили

Web-бетке жайгаштырылган ар түрдүү башкаруучу элементтер кандайдыр бир аракеттерди аткарышы үчүн атайын программаларды, башкача айтканда сценарийлерди жазуу керек.

Жогоруда айтылынган программаларды колдонуп күндөлүктү түзүп чыгууга болот. Мындан сырткары мобилдик тиркеме түзүүчү даяр программалар да бар, бирок иштеп чыгып жаткан адам түзүлүп жаткан тиркеменин эффективдүүлүгүн, колдонууга ыңгайлуулугун эске алуу менен программалоо тилдерин колдонуп түзсө талапка жооп берет.

Электрондук күндөлүктүн структурасы:

Иштелип чыккан электрондук күндөлүктү жогоруда айткандай ар кандай бөлүктөргө бөлүп, ар бири өзүнө жараша кызматтар аткарылат.

1-сүрөт



1- сүрөт. Бул терезе тиркемеге кирүүчү ар колдонуучунун логини жана паролу менен кирүү үчүн атайын авторизация терезеси.

2-сүрөт



2-сүрөт. Электрондук күндөлүктүн башкы бети. Бул жерде керектүү нерсени бат эле көрүү үчүнтиркеменин бөлүмдөрү.



Бул сүрөттө мектепте кандай иш чара болсо, сабакка катышуу, үй тапшырмалар, коюлган баалар ж.б көптөгөн маалыматтар менен танышууга мүмкүн болгон күндөлүктүн башкы менюсу. Ар бир бөлүктүн ичинде өзүнө тиешелүү маалыматтар киргизилип өзгөрүлүп турат.





Төмөндө калган бөлүктөр менен таанышабыз:

- сабактардын жадыбалы
- чейрек баалар
- үй тапшырмалар
- баалар

Жыйынтык

Эмне үчүн башка электрондук күндөлүк эмес, биз ушул күндөлүктү сунуштайбыз? Себептеринин басымдуу бөлүгүн айтып өттүк. Бирок дагы бир белгилеп айтчуу нерсе бул тиркеме персоналдык комьютерде сайт катары,

телефондо мобилдик тиркеме катары иштей берчүү каражат. Азыркы мезгилдин талабына ылайык бул тиркеме ар бир колдонуучунун купулуна толуп, мектеп менен окуучунун, ата эненин, кызыктар тараптын ортосунда тынымсыз онлайн байланыш болуп кызмат аткарат.

Адабияттар:

1. Мишель Е. Дэвис – Изучаем PHP и MySQL. – Лондон. 2013 г.

2. Дженнифер НидерстРоббинс «HTML5, CSS3 и JavaScript. Исчерпывающее руководство». 4-ое издание (2014)

3. Алан Бьюли «Изучаем SQL» (2007)

Сайттар:

1. https://semantica.in/blog
2. http://mir-fin.ru
3. http://site-do.ru

ПЕДАГОГИКА. ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ

УДК: 004.738.5

КӨП БАСКЫЧТУУ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ЭЛЕКТРОНДУК ОКУУ КИТЕПТЕРИН ПАЙДАЛАНУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

Алиева Зинат, ОшМУ
Илимий жетекчиси – пед.и.к., доцент Жутанова Г.А.

Аннотация: *Көп баскычтуу билим берүүдө электрондук китепчелердин пайдалануу орду, жөнөкөй кагаз китептен өзгөчөлүгү, пайдалуулугу. Биздин өлкөдө канчалык деңгээлде колдонуп келүүдө. Ошондой эле билим берүүнүн бардык баскычтарында электрондук китепчелерди пайдалануу зарылчылыгынын келип чыгуу себептери жөнүндө айтылат.*

Ачкыч сөздөр: *Көп баскычтуу, электрондук китепче, билим берүү, гипершилтеме, сайт.*

ПРОБЛЕМЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ЭЛЕКТРОННЫХ КНИГ В МНОГОУРОВНЕВОМ ОБРАЗОВАНИИ

Алиева Зинат, ОшГУ
Научный руководитель –к. пед.н., доцент Жутанова Г.А.

Аннотация: *Полезность, особенность простой бумажной книги, и место использования электронных книг в многоуровневом образовании. В какой уровне они используются в нашей стране. А также рассказывает о причинах возникновения необходимости использования электронных книг во всех уровнях образования.*

Ключевые слова: *Многоуровневая, электронная книга, образование, гиперссылка, сайт.*

PROBLEMS USING ELECTRONIC TEXTBOOKS IN MULTILEVEL EDUCATION

Alieva Zinat, OshSU
Research supervisor – c.ped.s., docent Jutanova G.A., OshSU

Annotation: *Usefulness, feature of a simple paper book, place of use of e-books in multi-level education. At what level they are used in our country. It also explains the reasons for the need to use e-books at all levels of education.*

Key words: *Multilevel, e-book, education, hyperlink, website.*

Көп баскычтуу билим берүү – дегенибизде мектептен баштап колледж, бакалавр, магистр, доктор жана ошентип билим берүүнүн этабы жогорулап кете берет. Ал эми жалпы билим берүү боюнча сөз кыла турган болсок, Кыргызстандагы жалпы орто билим төмөндөгү баскычтардан турат:

- Башталгыч класстар (1-4 класстар), билим берүүнүн алгачкы баскычы;
- Негизги орто билим – 5 жылга созулган негизги орто билим берүүнүүн экинчи баскычы,орто билим берүү мектептеринде 5-9-класстарды камтыйт;
- Толук орто билим берүү баскычы, жогорку мектептерге жол ачат, эки жыл аралыгында орто билим берүү мектептеринде, кесиптик орто билим

берүү мектептеринде, гимназияларда, лицейлерде (10-11-окутуу жылдары) ишке ашырылат [6https://edu.gov.kg/kg/about/sistema-obrazovaniya/].

- Жогорку окуу жайлар көп тармактуу жана көп баскычтуу билим берет. Алар негизинен университтер жана адистештирилген институттар, академиялар ж.б. турат. Университтер жогорку даражалуу жана квалификациялуу окутуучулар жана профессорлор менен камсыз болушуна жараша илимдин бакалаврдык, магистрдик, кандидаттык жана докторлук даражаларын берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ [https://ky.m.wikipedia.org/wiki/%D0%96%D0%BE%D0%B3%D0%BE%D1%80%D0%BA%D1%83_%D0%BE%D0%BA%D1%83%D1%83_%D0%B6%D0%B0%D0%B9%D1%8B].

Көп баскычтуу билим берүүдө Кыргызстанда электрондук китепчелердин колдонуу орду, көп деле актуалдуу маселелердин катарына каралбай келет. Анткени менен акыркы жылдары билим берүүдө, илимдин күндөн-күнгө өсүү деңгээлдери жогорулап жатат. Ошону менен катар кыргыз тилиндеги адабияттар, сайттар, электрондук китепчелер аз жана жетишсиздиктин айынан билим берүү системасында көйгөйлөр пайда болду.

Алгач билим берүү – бул системалуу илим билимдерди берүү жана алуу процесси болуп эсептелет.

“Билим берүү” мазмунун өтө тереңдетип кароодо; окуучунун же студенттин инсан катары өнүктүрүү процессин; таалим-тарбия берүү иш-аракетин жана ишке ашырууга түзүлгөн мүмкүнчүлүктөрдүн бардык түзүлүшүн, ошондой эле окутуучулардын иш-аракетин; акыры келип личносттун гармониялуу мүнөздөгү калыптанышын түшүнүү дал келет [7**https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%91%D0%B8%D0%BB%D0%B8%D0%BC_%D0%B1%D0%B5%D1%80%D2%AF%D2%AF**].

Билим берүү системасында мектептерден баштап жогорку окуу жайларга чейин окуу китептердин жетишсиздиги, айрым бир адабияттардын азыркы талапка жооп бербегендиги баарыбызга маалым.

Ошол себептүү окутууда жалпы билим берүү нормасына жооп берген, теориялык негизде далилденген информациялардын негизинде түзүлгөн электрондук окуу китептерди түзүү жана билим берүү системасында аны колдонуу маселелери бир топ иш-аракеттерди кылуу талап кылынат.

Электрондук окуу китеби деп Интернет жана локалдык информациялык ресурстар менен байытылган, система түзүүчү элементи болуп графикалык көркөм көрсөтмөлүүлүк эсептелген, тексттик документтерди, сүрөттөрдү, аудио жана видео фрагменттерин камтыган файлдардын жыйындысын айтабыз [2].

Электрондук окуу китеби – колдонуп келе жаткан окуу куралдарына караганда бир нече айырмачылыктары бар. Мисалы, биз колдонуп жүргөн компактный дискке 400-450 бөлүккө жакын китептерди киргизсе болот.

Дагы бир көрүнүш көпчүлүгүбүз флэшка колдонобуз. Ошол флэшкага жүктөп алсак, каалаган учурда компьютер же ноутбуктан керек болгон маалыматты алсак да болот. Телефондордо Google Disk сактагычна керек болгон адабияттарды сактап койсо түбөлүктүү да сакталып жүрөт.

Электрондук окуу китебинин дагы бир себебин алып карай турган болсок практикалык жактан түбөлүктүү, эскирип же болбосо айрылбайт, кичине гана орун ээлейт, кошо алып жүргөнгө да ыңгайлуу. Колдонулуш боюнча ар тараптуу: тексттеги шрифтердин өлчөмүн, түсүн, билим берүүнүн максатына ылайык толуктоого, кайра түзөөгө болот. Кайсы бир учурда керек болгон болсо принтердин жардамы менен чыгарып алууга, текстти которуп алганга шарт түзүлөт.

Электрондук окуу китеби билим берүү процессинде окутуучуну да сабакка кошумча айрым бир китептерди жөнөтүүдө, тапшырмаларды, тексттерди кыркып дярдоо операциясынан куткарат. Электрондук окуу

китебиндеги жайгашкан китептердин аталыштарын, журналдарды да интернеттеги сайттан табып алуу аркылуу оңой эле табып алса болот. Башкача айтканда билим чөйрөсүндөгү китептердин мазмунун жыл өткөн сайын алда болсо алдыга алып чыгат.

Кыргызстанда эң кеңири электрондук китептерди колдонуу Okuma.kg сайтын көбүнчө студенттер колдонуп келүүдө. Бул сайттын эң бир өзгөчөлүгү кыргыз тилиндеги китептер жайгашкан. Окуучулар, студенттер үчүн колдонууга эң оңой мүмкүнчүлүктөр менен камсыздалган. Эң негизги биринчи максаты билим берүүдө окуучулар менен студенттердин кыргыз тилинде татыктуу билим алуусуна шарт түзүүнү канаттандырууну камсыз кылган сайт;

Экинчи максаты мектептердин мугалимдери менен жогорку окуу жайлардын окумуштуу – окутуучулар курамына, окуткан сабактары боюнча өздөрүнүн билим берүү деңгээлин канчалык деңгээлде бере тургандай кылып, окуу методдорун, кылган иш-аракеттерине карап сыноо жана коомчулуктун ой-пикирин алуусуна электрондук баарлашууну түзүү;

Үчүнчү максаты мамлекеттик тилде окутуунун жана билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуу менен, кыргыз тилин жана маданиятын улуттар аралык мамилелеринин көпүрөсүнө айландыруу максаттарын көздөйт.

Биздин Ош мамлекеттик университети күндөн күнгө электрондук окуулуктарды өз сайтына китептердин санын көбөйткөнгө, билим берүү системасына көптөгөн салымдарын кошуп жатат. Айтсак орус жана кыргыз 10 миңден ашуун электрондук китепчелерди Ibooks.oshsu.kg сайтында жайгаштырылган. Колдонуу мүмкүнчүлүгү оңой, дизайны жакшы түзүлгөн. Дагы бир электрондук китебинин Library.oshsu.kg сайты ачылды, ал жерден да көптөгөн авторлордун китебин тапсак болот. Жыйынтыктап айтканда, ОшМУ Электрондук окуулу китептерди көбөйтүүдө өз салымын кошуп келе жатат.

Билим берүүдө канча маалыматтар изилденип келсе да аздык кылат. Себеби азыркы мезгилде биз билбеген канчалаган китептер каралбай келет, же болбосо алганга эч кандай мүмкүнчүлүктөр болбой, жетпей калат деген өңдүү маселелер болсо, ошол маселени кийинки мезгилдерде билим берүүдө компьютердик-коммуникациялык техникаларды жана интернет желесин пайдалануу билим берүү иш-аракетинде деңгээлин толуктоодо. Билим берүү усулунда электрондук энциклопедияларды, электрондук маалымдамаларды, электрондук окуу куралдарын жана дүйнөлүк маалыматтык каражаттарды пайдалануу күндөн-күнгө күч алууда. Электрондук окутуу ресурстарынын ар кандай аталыштагы түрлөрү бар. Мисалы: окутууга арналган каражат, электрондук өздүк жана электрондук окуу китеби жана башка. Жогоруда айтылган электрондук окуу китебинин түзүү маселелерине токтолсок. Электрондук окуу китебин түзүү бир эле адамдын колунан келе бербейт. Түзүү үчүн студенттердин, окуучулардын, программисттердин, ар багыттагы мугалимдердин, интернет блогерлердин, дизайнерлердин жана башка чоң коллектив менен биргеликте келип чыгат. Сабактарды компьютердик класстарда өтүп жатканда окуу-усулунун негизги өзөгүн түзөт жана окуучулардын, студенттердин да өз алдынча иш алып баруусуна жардам берүүчү каражат болуп эсептелет. Электрондук окуу китеби тенденциялык мүнөзгө ээ болуш керек. Тенденциялык мүнөзү дегенде электрондук окуу китебиндеги теориялык жана практикалык маалыматтар мезгилдин өтүшү менен же билим алуучунун деңгээлине жараша өзгөрүп турушун түшүнсөк болот. Электрондук окуу китеби кадимки окуу китептерине окшобошу керек. Ошондуктан электрондук окуу китебинин негизги маселеси болуп маалыматтык структурасын иштеп чыгуу болуп эсептелет. ЭОКтун маалыматтык структурасы деп дидактикалык ыраттуулукта такталган, маалыматтык элементтердин өз ара логикалык байланышта болгон ыраттуулукту айтабыз. Бул түшүнүктү киргизүү азыркы мезгилде актуалдуу маселелердин бири. Анткени Кыргызстандагы ар кайсы багыттагы адабияттар

же болбосо, мисалы, информатика сабагында эле Кыргызстандын өзүнөн жана Россиядан басылып чыккан окуу китептери, ошондой эле СССР мезгилиндеги калган адабияттар колдонулуп келе жатат. ЭОКтун дагы маселеси болуп окуу материалдарын тандоо, бириктирүү жана аларды изилдөө эсептелет.

Электрондук окуу китебинин түзүлүшүнүн маанисине көңүл буруп алсак. Негизинен электрондук окуу китебин иштеп чыгууда эки нерсеге көңүл бурушубуз керек. Электрондук окуу китепти мааниси педагогикалык жана программалык түзүмдөрдү камтылуусу абзел. Дисциплиналарда материал менен иштөөнү, керектүү маалыматтарды үйрөнүүнү, окуу процессиндеги иш-аракеттерди башкаруу жана ошол дисциплина боюнча аткарылган тексттеринин жалпылыгын программалык түзүмдө аткарылат. Ал эми педагогикалык багыттагы иш-аракеттер: маалыматтык илимийлүүлүктү, билимдин өлчөмүн текшерүүнү, өзүн-өзү баалоону, билимди бышыктоону, стимулдаштырууну, топтоштурууну жана тарбиялоону кошот.

Электрондук китептер менен иштөөнүн технологиясы:

1-кадам: Дискке жазылган керектүү электрондук китептин шилтеме берүүсүн басуу.

2-кадам: Ачылган терезеден китептин авторлору, максаты, түзүлүшү тууралуу маалымат алуу.

3-кадам: Электрондук китепти башкаруунун жолдорун өздөштүрүп алуу.

4-кадам: Китептин мазмуну жана аны менен иштөөнүн жолдорун окуп-үйрөнүү.

5-кадам: Лекцияларды окуп чыгуу.

6-кадам: Лекциядан алган билимдерди бышыктоого текшерүү үчүн суроолорго жооп берүү.

7-кадам: Көнүгүү жана тапшырмаларды аткарып машыгуу [1].

Жогоруда айтылып өткөндөй электрондук окуу китептерин пайдалануу маселелерин бир топ маалыматтарды карап өттүк. Өзүбүз билгендей эле

2020-жылдын башынан баштап дүйнө жүзүн жугуштуу оору пандемия каптап, COVID-19 аталышындагы оорунун айынан адам өмүрүнүн кыйылуусуна алып келип, ар бир адамдын саламаттыгын сактоо үчүн, дүйнө жүзүндөгү көп мамлекеттер чек араларын, самолет каттамдарын, билим берүү мекемелерин, соода түйүн тармактарын, заводдорду жана башка ишканаларды жабып салды. Чындыгында – бул адамдын экономикалык тарабына өтө чоң терс таасирин тийгизип жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Бирок билим берүү багытында окутуу маселеси чечилип, дистанттык билим берүүгө бардык билим берүү мекемелери өттү. Кыргызстанда интернет желеси менен окуучу, студент менен мугалимдин ортосундагы когнитивдик-коммуникациялык байланыш түзүлүп, байланыш түзүмдөрүн түзүүгө жардамын көрсөткөн, айрыкча билим берүү мекемелеринин сайтына, электрондук китепкаана, сабактардын өтүлүшүнө, кайтарым байланыш алуусуна чоң таасирин тийгизип, Beeline, O!, MegaCom компаниялары бардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берди. Башкача айтканда электрондук окуу китебинин канчалык деңгээлде керек экенин байкасак да болот. Кандай гана маалымат издебейли телефон, ноутбук жана компьютерлер аркылуу интернеттен биринчи ирээтте карайбыз. Азыркы мезгилде илим жолунда жүргөн адамдар жаңы чыгарылышка чыгып жаткан китептерин сөзсүз түрдө электрондук вариантта интернетке ссылка аркылуу киргизсе, ошондой эле билим берүү багытында жүргөн окуучу, студент жана мугалимдерге өтө жакшы мүмкүнчүлүк болот.

“Билим түгөнбөгөн кенч” сыяктуу ЭОКтун пайдасы онлайн окуу түрүндө билим алып жаткан адамдарга аябагандай пайдасын алып келип жатат. Убакыттан үнөмдөйт, каалаган учурда карап маалыматтарды алып карап тапшырмаларды бүтүргөнгө пайдалуу жагын алып жатат.Болушу мүмкүн китептер сатылбай калат деген өңдүү маселелер. Биз акчаны башка бирөөлөргө которуп, алып жатабыз. Ошол сыяктуу китептерди кайсы бир суммада сатып алганга, айрыкча кыргызча китептерди көбүрөөк Элсом сыяктуу программалар аркылуу же болбосо сайттарды ачып төлөмдөрдү

ошодон сатып алсак кай жерде жүрсөк да илимий-изилдөөдө жүргөн адамдарга аябай керек.

Жыйынтыктап айтканда азыркы мезгилде китептердин жетишсиздик көйгөйлөрүн чечүүдө электрондук китептерди көбүрөөк түзүү менен чече алабыз. Электрондук китептер – окуу китебинин мазмунуна шайкеш келген. Окуучу, студенттердин телефон, компьютердик технология каражаттардын жардамы менен билим ала турган заманбап билим берүү материалы болуусу абзел. Түзүлгөн китептерде ар бир өтүлүүчү темалардын мазмунун тексти, практикалык көндүмдөр үчүн түзүлгөн тапшырмалар ыраттуулугу, кайсы тилде окутуу эрежелерин жүргүзүү, дисциплина боюнча берүүлүчү текшерүү иштери, өз алдынча, доклад, рефераттардын темалары, билим деңгээлин текшерүү жана баалоо боюнча түзүлгөн тестердин варианттары киргизилиши керек.

Адабияттар:

1. Касымалиев М.У., Электрондук окуу китептерин жана курстарды түзүү үчүн материалдарды даярдоого усулдук колдонмолор, 2018
2. Эркинбаев М.А., Шарипова М.М., Атабаев У.М. К.Тыныстанов ат. ЫМУ., Электрондук окуу китебин түзүү маселелери
3. Эркинбаев М.А., Искаков Р.Т., Бапа кызы А. Билим берүүдөгү информациялык технологиялар // Вестник ИГУ. 2004. №10.
4. https://edu.gov.kg/kg/about/sistema-obrazovaniya/
5. **http://kutbilim.journalist.kg/2016/03/25/elektronduk-kitepkana-t-g-nb-g-n-resurs/**
6. **http://www.okuma.kg/about**
7. https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%91%D0%B8%D0%BB%D0%B8%D0%BC_%D0%B1%D0%B5%D1%80%D2%AF%D2%AF
8. [https://ky.m.wikipedia.org/wiki/%D0%96%D0%BE%D0%B3%D0%BE%D1%80%D0%BA%D1%83_%D0%BE%D0%BA%D1%83%D1%83_%D0%B6%D0%B0%D0%B9%D1%8B].

УДК: 370/247-91

ФИЛОЛОГИЯЛЫК БАГЫТТАГЫ БАКАЛАВРЛАРДЫ ДАЯРДООДО МАТЕМАТИКАГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

Баратова Арофат Улугбековна, БатМУ САИ
E-mail: arbaratova@mail.com
Илимий жетекчиси – Толубаев Ж.О., ф.-м.и.к., доцент, БатМУ САИ

Аннотация: *Бул макалада учурдагы математиканы математик эмес профилдерде окутуунун актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болгон филологиялык багыттагы бакалаврларды даярдоодо математиканы окутууда коюлуучу талаптар каралды. Тактап айтканда макалада математиканын негизги түшүнүктөрү болгон чекит, түз сызык, тегиздик, мейкиндик жана гипермейкиндик түшүнүктөрү менен филологиялык багыттагы бакалаврлардын негизги түшүнүктөрү болгон тамга, сөз, сүйлөм, текст жана роман түшүнүктөрүнүн байланыштары изилденди.*

Ачкыч сөздөр*: чекит, түз сызык, тегиздик, мейкиндик, гипермейкиндик, тамга, сөз, сүйлөм, текст, роман.*

ТРЕБОВАНИЯ К ОБУЧЕНИЮ МАТЕМАТИКЕ ПРИ ПОДГОТОВКЕ БАКАЛАВРОВ ФИЛОЛОГИЧЕСКИХ НАПРАВЛЕНИЙ

Баратова Арофат Улугбековна, БатГУ СРИ
E-mail: arbaratova@mail.com
Научный руководитель – к.ф.-м.н., доцент Толубаев Ж.О., БатГУ СРИ

Аннотация: *В этой статье рассмотрено требование к обучению математике бакалавров филологических направлений. В связи с этим исследованы связь основных понятий математики таких как, точка, прямая линия, плоскость, пространство, гиперпространство с основными понятиями бакалавров филологических направлений буква, слово, предложение, текст, роман.*

Ключевые слова: *точка, прямая линия, плоскость, пространство, гиперпространство, буква, слово, предложение, текст, роман.*

REQUIREMENTS FOR TRAINING IN MATHEMATICS AT TRAINING OF BACHELORS OF PHILOLOGICAL DIRECTIONS

Baratova Arofat Ulugbekovna, BatSU SRI
E-mail: arbaratova@mail.com
Research supervisor – c.f.-m.s., docent J.O. Tolubaev, BatSU SRI

Annotation: *This article deals with the problems of teaching mathematics to non-mathematical specialties. In connection with this, the connection of the basic concepts of mathematics such as, point, straight line, plane, space, hyperspace with basic concepts of specialties of philological directions, letter, word, sentence, text, novel.*

Key words: *Point, straight line, plane, space, hyperspace, letter, word, sentence, text, novel.*

Азыркы жогорку окуу жайларынын алдында окутуунун сапатын жогорулатуу, жогорку билимдүү жана квалификациялуу бакалаврларды даярдоо маселеси турат.

Билимдин жана техниканын ар түрдүү тармактарында эмгектенген окумуштуулардын, программистердин, мугалимдердин, филологдордун, инженерлердин жана бакалаврлардын логикалык билиминин фундаменти болуп – математика эсептелет.

Кыргыз Республикасынын бакалаврдык мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын негизинде «Математика» окуу курсу жогорку окуу жайынын бардык билим берүү багыттары боюнча базалык предметтерден болуп эсептелет жана окутулат.

Окутулуп жаткан билим берүү багыттарынын окуу планында көрсөтүлгөн математика жана жогорку математика курстары негизинен мамлекеттик стандартка жараша түзүлгөн. Даярдала турган бакалавриаттын өзгөчөлүктөрүнө жараша Кыргыз Республикасынын бакалаврдык мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын жана негизги билим берүү программасынын негизинде математика курсунун окуу-усулдук комплекстери, жумушчу программалары жана силлабустары түзүлөт.

Негизинен математик окутуучулар ар бир билим берүү багытынын талабына, максатына жараша окуу-усулдук комплекстерди, жумушчу программаларды жана силлабустарды түзүү менен сабактарды алып барса, анда анын жыйынтык натыйжасы бир канча эсе жогору боло тургандыгы белгилүү.

Бул көңүл буруунун негизги себеби болуп даярдалып жаткан багыттардын математикага болгон талабын эске албастан, аны окутуу математиканы окуу процессинде кандайдыр бир жалпы аң сезимди өнүктүрүү үчүн болгон жана даярдалып жаткан профилдин сапатын жогорулатууга эч кандай таасир тийгизбеген туюк система катарында каралышы мүмкүн. Математиканын жогорку окуу жайларындагы окуу процессиндеги мындай орду даярдалып жаткан математик эмес профилдерге карата жетишсиз экендиги көрүнүп турат. Себеби, математика боюнча жогорку окуу жайларга тапшырган студенттердин базалык даярдыгы көбүн эсе өтө начар экендиги байкалат. Бирок, азыркы учурда жогорку окуу жайларда математика бир жактан фундаменталдык дисциплдиналардын арасында алдыңкы орунду ээлебестен, ошондой эле колдонмо дисциплиналардын ортосунда да орунга ээ болот. Бул деген азыркы учурдагы санариптештирүү заманында жалаң гана табигый илимдерде эмес, ошондой эле гуманитардык илимдерде да анын орду бар экендигин аныктайт. Ошондой болсо дагы ал жалпы билим берүүчү дисциплиналардын катарына кирет.

Азыркы ар бир окуу жайдын окуу планына жараша математиканы жалаң гана табият таануу багытындагы профилдин студенттери гана окубастан, аны филологиялык багыттагы профилдердин студенттери да окуу үчүн көп күчтөрүн жана аракеттерин жумшайт.

Мындан сырткары математика окуу дисциплинасы катарында көп профилдердин атайын дисциплиналарында колдонула тургандыгынын зарылчылыгын түшүндүрүү керек.

Бул жөнүндө көпчүлүк математик окумуштуулардын жана усулчулардын макалалары басма сөз беттеринде, ошондой эле илимий конференциялардын жана семинарлардын материалдарында жарык көрүүдө.

Азыркы учурда филологиялык жана гуманитардык багыттагы профилдерде математиканы окутуунун кээ бир кемчиликтери түздөн-түз байкалууда.

Атап айтканыбызда:

- математикалык түшүнүктөрдү көп эле керексиз формалдаштырып жиберүү;
- математикалык материалдарды жеткирүүдө даяр түшүнүктүн мүнөзү катарында берилиши;
- математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууда алардын профилдик дисциплиналары менен байланышынын жоктугу;
- азыркы компьютерлештирилген окуу процессинде профилдик дисциплиналарды окутууда математиканын колдонбогондуктарын белгилеп кетсек болот.

Жогоруда келип чыккан маселени чечүү үчүн биз филологиялык багыттагы бакалаврларды даярдоодо “Математика” жана “Математикалык логика жана анын колдонулуштары” дисциплиналарын окутууда алардын негизги профилдик дисциплиналарында колдонулуучу түшүнүктөрүн колдонуу менен окутууну сунуш кылдык.

Математиканын негизги түшүнүктөрү:



Тилдин негизги түшүнүктөрү:



Жогорудагы түшүнүктөрдү колдонуп математиканын [1; 5], [2; 237], [3; 18] жана тилдин [3; 20], [4; 3], [5; 7] негизги түшүнүктөрүн аныктай турган болсо, анда алар төмөндөгүдөй таблицада орун алат:

№	Негизги түшүнүк	Аныкталуучу түшүнүк	
		аталышы	аныкталышы
1	Чекит	Түз сызык Тегиздик Мейкиндик Гипермейкиндик	Чекиттердин жыйындысы Түз сызыктардын жыйындысы Тегиздиктердин жыйындысы Мейкиндиктердин жыйындысы
2	Тамга	Сөз Сөз айкашы Сүйлөм Текст	Тамгалардын жыйындысы Сөздөрдүн байланышы Бүткөн айрым бир ойду билдирген сөздөрдүн тизмеги Кандайдыр бир маалымат берүүчү сүйлөмдөрдүн жыйындысы

Жогорудагы таблицадан биз математиканын негизги түшүнүктөрүн [3;18] тилдин негизги түшүнүктөрүнө [3;84], [5;56] тиешелүү түрдө салыштырып аныктала тургандыгын көрдүк.

Мындан сырткары “Математикалык логика жана анын колдонуштары” предметин да окутууда даярдала турган адистиктерди алардын өзгөчөлүктөрүн эске алса болот.

Бүгүн	2-март	2018-жыл
X	2-март	2018-жыл
Бүгүн	У	2018-жыл
Бүгүн	2-март	Z
X	У	2018-жыл
Бүгүн	X	У
X	У	Z

Жогоруда көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдөгү X, У, Z белгисиздердин маанилерине тиешелүү маанилерди коюу аркылуу ар кандай жыйынтыктарды алсак болот.

Бул келип чыккан жыйынтыктар “Математикалык логика жана анын колдонуштары” предметиндеги айтылыш жана предикат түшүнүктөрүн аныктоого алып келет.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен математик окутуучуларды математик эмес бакалаврларды даярдоодо алардын ар биринин кесиптик өзгөчөлүктөрүн эске алуу, алардын атайын дисциплиналарын окутууда математиканын түшүнүктөрүн колдонуусун жана математиканын негизги түшүнүктөрүн калыптандыруусунда профилге тиешелүү түшүнүктөрдүн жардамында аныктоосу жогору натыйжаларды бере тургандыгы анык десек болот.

Адабияттар:

1. И.Я. Бекельман, Аналитическая геометрия и линейная алгебра.
   – М:. «Просвещение», 1976.
2. И.Н. Бронштейн, К.А., Семендяев Справочник по математике.
   – М: «Наука», 1976.

3. М.Я. Выгодский, Справочник по высшей математике. – М:. «Большая медведица», 1976.
4. А. Айылчиев Математика. – Фрунзе «Мектеп», 1984.
5. Ж. Сулайманов, Жогорку математика сабагынан лекциялар жыйнагы. – Бишкек. 1993.
6. Ж.О. Толубаев, К.С. Кудаяров, “Математика боюнча мисалдар жана маселелер жыйнагы”. – Бишкек, «Турар» 2005.

УДК: 370/247-91

ЖАШ МУУНДАРГА ТААЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ АТА-ЭНЕНИН РОЛУ

Токсонбаева Канимет, БатМУ, САИ
Илимий жетекчиси – З.Г. Мадмуратова, окутуучу, БатМУ, САИ

Аннотация: *Бул макалада үй-бүлө тарбиясы, балдарды турмушка даярдоо, маданий жана моралдык баалуулуктарды өткөрүп берүү, бүгүнкү күндө жаш муундарга таалим тарбия берүүдөгү ата-эненин таасири, окутуу жана тарбиялоодогу негизги көйгөйлөр жөнүндө айтылып, “Энелер мектебинин” негиздөөчүсү п.и.к. Г.Мадаминовдун сиңирген эмгеги талкууга алынды жана изилденди.*

Ачкыч сөздөр: *үй бүлө, ата-эненин сүйүүсү, тарбиялоо, тартип, тартиптүү, адептик, сапаттар, ата-эне, үлгү, урмат-сый.*

РОЛЬ РОДИТЕЛЕЙ В ОБУЧЕНИЕ И ВОСПИТАНИЕ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЕ

Токсонбаева Канимет, БатГУ, СРИ
Научный руководитель – Мадмуратова З.Г., преподаватель, БатГУ, СРИ

Аннотация: *В этой статье рассмотрено главной и общей задаче семейного воспитания – подготовка к жизни, восприятие и передача культурных и моральных ценностей, воздействие родителей в воспитании молодого поколения в современном мире, основные проблемы обучения и воспитания, а также и исследованно работа “Школа матерей” заслуженного работника образования к.п.н. Г.Мадаминова.*

Ключевые слова: *семья, родительская любовь, воспитания, порядок, нравственный, нравственные качества, родители, уважение.*

ROLE OF PARENTS IN TEACHING AND EDUCATION OF YOUNG GENERATION

Toksonbaeva Kanimet, BatSU, SRI
Research supervisor – Madmuratova Z.G., teacher, BatSU, SRI

Annotation: *This article discusses the main and general task of family education - preparing for life, perceiving and transmitting cultural and moral values, the impact of parents in educating the younger generation in the modern world, the main problems of education and upbringing, as well as the work "School of Mothers" of an honored worker Education Ph.D. G. Madaminova.*

Key words: *family, parental love, parenting, order, moral, moral qualities, parents, respect.*

Азыркы коомдо окутуу жана тарбиялоодо негизги көйгөй баланы тарбиялоо болуп саналат. Бүгүнкү күндөгү негизги өзгөрүү инсанга багытталган окутууну көрсөтөт. Анткени тарбиялоодо баланын өз алдынчалуулугу, ой-жүгүртүүсү курчап турган чөйрө менен байланышы, ошону менен катар эле ата-эненин да таасири эң негизги орунда тураарын турмуш тастыктоодо.

Учурда ата-энелер улуттук идеологиянын жоктугунан балдарыбызды кантип?, кандайча?, эмнеге карап?, кайсы убакытта?, кимге карап түздөнүп?, кайсы ураан менен тарбияласам деп, ойлонуп турган учурда тарбия, билим берүүчү мекемелердин энелер менен биргеликте балдардын журум-турум маданиятын, билим тарбиясын жакшыртуу максатында Лейлек районундагы №3 эксперименталдык мектеп-гимназиясынын директору, педагогика илимдеринин кандидаты Гапыр Мадаминовдун "Энелер мектеби" окуусунун автордук программасын, ал боюнча "Ата-энелер сиздер үчүн" методикалык колдонмосун иштеп чыгып, программанын негизинде бир айда бир жолу энелер үчүн атайын лекциялар окулуп, практикалык сабактар өткөрүлүп үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо ишинде ата-энелерге жардам берүүгө көмөк

көрсөттү. Гапыр агай көпчүлүк жаш ата-энелердин тарбиялоо ишине даярдыксыздыгы, балдарынын психикалык өнүгүшүнүн татаал процессин түшүнө билбегендиги жөнүндө өзү жетектеген мектеп-гимназиясында атайын эксперимент жүргүзүү аркылуу аныктап, “Ата-энелер сиздер үчүн” китебин, “Энелик мектеп” программасын мектептерге жайылтып келет [1; 64].

Учурда агайдын педагогикалык тажрыйбасы жайылтылып, өз жемишин берип жаткандыгына күбө болуп келе жатабыз. Бул мугалимдер жана ата-энелер үчүн тайгак жолдо туура багыт алууга жардам кылган жол көрсөткүч багыты болду, башкача айтканда, мугалимдер, ата-энелердин тарбиялоо ишинде кезиккен кыйынчылыктарды жоюунун жеңил жолун табууга үйрөтүү милдетин коюп, бүгүнкү күндө мугалимдер ата-энелер менен максаттуу иштөөсү уюштурулуп, атайын түзүлгөн пландын негизинде сабактар өткөрүлүп жаткандыгы талашсыз. Ал аркылуу ата-энелерди бала тарбиялоого тартып үй-бүлөдө энелер бала тарбиялоону максаттуу жүргүзө баштаган. Мында 60 сааттык программа менен энелер “Энелер мектебинде” окутулуп жыйынтыгында экзамен, атайын сынактарды тапшырышып, бала тарбиясы, билим баалуулугу тууралуу маалымат алышат.

Г. Мадаминовдун сиңирген эмгегинин мааниси, “Ата-энелер сиздер үчүн” китеби үй-бүлөдө тарбиялоонун татаал милдеттерин чечүүнүн ачкычы болуп бергендигинде жатат. Мугалимдер жана ата-энелер үчүн баланы тарбиялоодо туура багыт алууга жардам кылган жол көрсөткүч болду. Анткени бүгүнкү күндө ата-энелердин балдарына таасир берүүсү, үлгү болуусу замандын өзгөрүүсүнүн натыйжасында өтө эле жетишсиз [1; 84].

Коомдогу бардык окуу-тарбия мекемелеринин ичинен үй-бүлөнүн мааниси зор. Үй-бүлөдө инсандык, нравалык сапаттары, жеке жөндөмдүүлүгү өсүп, активдүүлүк, аракетчилдик, чыгармачылык жөндөмдүүлүгү калыптанат. Мектепке барганда билими жана маданияты артса да үй-бүлө ичинде калыптанган адеп-ахлак, руханий тарбия жана мүнөз маанилүү болот. Демек коомдогу эң маанилүү топтордун бири - үй-бүлө. Ошондуктан Гапыр агай

биринчи иретте балага үй-бүлө тарбиясын жакшыртуу максатында “Энелер мектеби” уюшулгандыгын айтып жүрөт [1; 28].

Биринчиден үй-бүлө деген эмне? Өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоонун максаты кандай? Тарбиялоо процессинде ата-эненин ролу барбы? Кантип тарбияласа болот? деген сыяктуу суроолорго жооп берүү маанилүү болуп турат.

Жогорудагы суроолорго ОшМУнун профессору, улуу педагог Бекембай Апыш 1996-жылы жарык көргөн “Тарбия назарияты” деген эмгегинде, ал үй-бүлөнү “Коомдун баштапкы уюму”, же болбосо бул кичинекей, өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон, каада-салт, үрп-адат, түзүлүшү, жазылган жазылбаган мыйзамдары бар кичинекей мамлекет деп жазат. Бул мамлекетте түрдүү көз караштагы инсандар жашашат. Булар жашоо процессинде пайда болгон мүчүлүштүктөрдү, кырдаалдарды изилдеп, үйрөнүп, туугандык мамилелердин негизинде чечишет. Бул кичинекей мамлекеттин башында “ата”, “эне” деген жол башчылар турушат. Алардын үй-бүлөдөгү тарбиялоо жараянын канчалык ойлонулган түрдө туура жана негиздүү уюштура билгендиги мектеп жашына чейинки балдарды окууга даярдоодо чоң көмөк болот. Ата-эне турмуштун, жашоонун туткасы [2; 124].

Белгилүү советтик педагог А.С. Макаренко “Үй-бүлөнү кичинекей коллектив” деп эсептеген. ”Үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары алардын айланасына тыгыздашып, ата-энелердин көрсөткөн жолдору менен жашоого аракеттенишет. Эгерде ата-эне балдарын артынан эрчитип, жол баштаганда гана максатка жетише алат. Ошондой урмат-сыйга ээ болгон ата-эне гана милдетин турмушка ашыра алат [3; 58].

Ата – үй-бүлөнүн жана кожолуктун башчысы. Башчысы болууга моралдык да, материалдык да акысы бар. Себеби кара күч жагынан да, маселе чечүү жагынан да чечкиндүү үй-бүлөнүн коргоочусу болуп саналат. “Үй-бүлөнүн астанасы ата менен башталат” деп даанышман илимпоздор бекеринен айтпаса керек. Эгер урмат-сыйга татый алса, ата үй-бүлөдө өзгөчө орунду

ээлейт. Тарбия берүүдөгү атанын аткарган милдети жана ролу жөнүндө философ-энциклопедисттер Абу али ибн Сино, Абу Наср ал-Фарабий, Абу Райхан Беруний, Омар Хаям өтө жеткиликтүү, образдуу кылып жазышкан. Баланы чыныгы жашоого багыттоо ата аркылуу жүрөт. Үй-бүлөнүн ынтымактуу, бекем болуусунда атанын орду бараандуу жана ат көтөргүс. Атанын аракеттери үй-бүлөнүн бекем болуусун шарттайт. Айрыкча атанын эркек балага болгон сүйүүсү, махабаты айтып бүткүс дастан. Ар кандай жаш бала атанын кыймыл-аракетин өтө көңүл буруу менен карайт. Атанын ар бир жасаган ишин, бир нерсе куруп жатабы, бирөөлөр менен мамилелешип жатабы, үй-бүлөдөгү, көчөдөгү жүрүш-турушун, мүнөзүнүн катаалдыгын, жумшактыгын жана башкаларын көз жаздымда калтырбайт. Ар кандай ата кандай гана кырдаалда болбосун баласынын көзөмөлүндө болуп, көз жаздымынан чыкпай тургандыгын эсепке алуу керек. Баланын кандай болуп жетилүүсүндө атага гана таандык изи калат. Өз кезегинде баланын аң-сезиминде, кылык-жоругунда өзүнүн таасирин калтырат. Жаш бала атасынан эрктик, мүнөздүк, кабыл алуу, сезүү өзгөчөлүктөрүн өзүнө сиңирип алат. Бул балдар атанын берген тапшырмаларын сыймыктануу менен так аткарышат. Аткарган иштери туралуу атасынын жакшы сөздөрүн күтөт. Ошондуктан баланын аткарган иштерине баа берип, бир аз мактап койсо болот. Өзүнүн дене булчуңдарын атасынын булчуңдары менен салыштырып көрөт. Мындан баланын атага окшошуу аракеттерин көрүүгө болот. Атанын үлгүсү бала үчүн жашоонун чоң жол көрсөткүчү. Ансыз баланын аң-сезиминде терс таасирлер сиңип калышы мүмкүн [2; 184].

Орус элинин улуу педагогу К.Д. Ушинский мындай дейт: “Эне – биринчи мугалим, биринчи тарбиячы, үй-бүлө-биринчи мектеп”. Баланы тарбиялоодо эненин таасири өтө эбегейсиз. Жаш баланы тарбиялоо биринчи кезекте эненин таасирине байланыштуу болуп, коомубуздун келечеги, балдардын бактысы ушул инсандардын колунда деп эсептөөгө болот. Эне-мээримдин булагы, андагы мээр баладагы сүйүүнү ойготот, жашап турган

дүйнөгө, жашоого куштарлантат, адамдык асыл сапаттарга талпынтат. Эне тарбиясын туура алган балада мээр, сүйүү болбой койбойт. Бала мектепке чейинки курагынын көпчүлүгүн эне менен чогуу өткөрөт. Сөзсүз эненин көзмөлүндө болуп, активдүү баарлашуу жүрөт. Ошондуктан атага караганда педагогикалык билим энеге берилсе, коомдун талабына ылайык келмек. Азыркы мезгилде “Бирге окуйбуз” деген берүүлөр такай берилип жатат. Бул да жетишсиз деп эсептейбиз. Энелер үчүн атайын тарбиялоо, мектепке даярдоо боюнча китепчелер чыгарылып, айрыкча жаш ата-энелерге таратылса, максатка ылайыктуу болор эле [3; 154].

Элибизде, негизинен, балдарды тарбиялоодо «элдик педагогика» деген түшүнүккө жакын болгон окуялар кыйла эле көп. Ал тургай мунун бир нече мисалдары да бар. Алардын айрым мисалдарын келтире кетели: элдик педагогикадагы инсан идеалы. Кыргыз эли тарбиялоонун максаты жана мазмуну жөнүндөгү эзелтеден бери түзүлгөн терең көз караштарын «адам кылуу» деген жөнөкөй түшүнүк менен туюнтуп келет. «Адам бол» деген бийик талапты ар бир ата-эне балага кичине мезгилинен тарта кулагына куюп, жан дүйнөсүнө сиңире баштайт. Кыргыз элинин тарбия көз карашында уул балдар менен кыздардын идеалы алардын үй-бүлөлүк жана коомдук турмуштагы ордуна карай өз алдынча өзгөчө мерчемдер менен аныкталган. Дайыма элибизде бала тарбиялоодо адеп-ахлакты, пейил-мүнөздү калыптандырууда, көркөм-эстетикалык табитти өстүрүүдө: уламыш, дастандар, жомоктор, макал-лакап, элдик ырлар, санжыраларыбызда сакталып келет.

Тарбия жараянында ата да, эне да педагогикалык ык, жөндөм, усул менен куралданышса, иш-аракеттердин натыйжасы чыгып, ата-энелерге ырахат тартууламак. Ата-эненин ар кандай шарттарда барда да, жокто да көңүлү ачык, шаттуу болсо баланы жакшы тарбиялоого жол ачмак. Ар дайым ата-эненин бетинен сүйүүнүн, күлкүнүн нуру төгүлүп турса, баладагы асыл сапаттар өркүндөтүлөт. Аталган баалуулуктарыбызды балдарыбыздын жан

дүйнөсүнө сиңирүүнү ата-эне, мектеп биргеликте баланы чогуу тарбияласа жыйынтыгы жакшы болот. “Манас” эпосунан тарта элибиздин улуттук баалуулуктарын акылыбызга сиңирип, тарыхыбыздын алтын казынасында сакталып келе жаткан элдик педагогиканын асыл мурастарын балдарыбыздын жүрөгүнө кайтаруу мезгили келди деп коңгуроо каккым келди [3;84].

Ата-энелердин жеке үлгүсү ар кандай акыл насааттан, акыл үйрөтүүлөрдөн пайдалуу экендигин Гапыр агай дайыма ата-энелер менен жолугууларында өз сөзүндө эскертип кетет. Жогоруда сөз кылгандай Гапыр агайдын энелер менен иштөөнү жакшы жолго коюп, жыйынтыгында көптөгөн ийгиликтерге жетишип келе жаткандыгын тана албайбыз. Агайдын ишмердүүлүгүнөн көптөгөн билим берүү мекемелери үлгү алып, ата-энелерге да билим берүүнү үйрөтүп, жайылтып келе жаткандыгы талашсыз.

Бүгүн балдар техникага кызыгып, ал тургай эми тили чыккан бала да уюлдук телефонго кирип, оюндарды таап ойношот. Ушундай убакта балага айрыкча ата-эненин көңүл буруусу талап кылынат. Эне көңүл коюп, баланын кызыкчылыгын искусство жана маданиятка буруу, көркөм эстетикалык табитин өнүктүрүүгө, адабий китептерди, жомокторду, аңгемелерди окууга, массалык маалымат каражаттары аркылуу үй-бүлө тарбиясы берилген кабарларды өздөштүрүүгө бурууну милдет катары кароосу зарыл.

Ошондуктан, урматтуу ата-энелер, баланы окутуп тарбиялоо жеке гана бала бакчанын, мектептин, мугалимдин иши эмес. Бул сиздин коом алдындагы чоң жоопкерчилигиңиз экендигин унутпаңыз!

Адабияттар:

1. Мадаминов Г. «Ата-энелер сиздер үчүн». – Б:. -2006
2. Апышев Б. “Тарбия назарияты”. – Ош:. 1996.
3. Конгантиева С.А. “Үй-бүлө тарбиянын башаты (усулдук курал)”. – Б:. 2006
4. Мамбетакунов Э., Сияев Т. «Педагогиканын негиздери». – Б:. 2008.
5. Орехова В.А. «Педагогика». – М:. 2006.

6. Бабанский Ю.К. «Педагогика». – М:. 1988.
7. Рахимова М.Р. «Педагогика». – Б:. 2003.

ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕР

УДК:517.938.73

ӨЗГӨРҮЛМӨ КОЭФФИЦИЕНТТҮҮ СИНГУЛЯРДЫК КОЗГОЛГОН ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕНИН ЧЕЧИМИН ИЗИЛДӨӨ

Адилжанова Сураё , ОшМУ
Илимий жетекчиси – А.А. Акматов , ага окутуучу, ОшМУ

Аннотация: *Бул жумушта сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдеменин чечимин курама ажыралмалар усулунун жардамында изилдөө каралат.*

Ачкыч сөздөр: *Сингулярдык козголуу, дифференциалдык теңдеме, ички жана сырткы чечимдер, жалгаштыруу.*

ИССЛЕДОВАНИЕ РЕШЕНИЕ СИГУЛЯРНО ВОЗМУЩЕННОГО ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНОГО УРАВНЕНИЕ С ПЕРЕМЕННЫМИ КОЭФФИЦИЕНТАМИ

Адилжанова Сураё, ОшГУ
Научный руководитель – Акматов А. А., старший преподаватель, ОшГУ

Аннотация: *В этой работе с помощью методом составных разложений исследуется решение сингулярно возмущенного дифференциального уравнения.*

Ключевые слова: *Сингулярное возмущение, дифференциальное уравнение, внутренние и внешние решение, сращивание.*

INVESTIGATION OF SOLUTIONS OF SINGULARLY PERTURBED DIFFERENTIAL EQUATIONS WITH VARIABLE COEFFICIENTS

Adiljanova Surayo, OshSU
Research supervisor – Akmatov Abdilaziz Alievich, senior teacher, OshSU

Abstract: *In this paper, the solution of singular perturbation of differential equations investigated using the method of composite applications.*

Key words: *Singular perturbation, differential equation, internal and solution, splicing.*

Төмөнкү сингулярдуу козголгон дифференциалдык теңдеменин

$$\varepsilon y''(x) - (2x+1)y'(x) + y^2 = 0\,, \qquad (1)$$

$$y(0) = \alpha, \qquad y(1) = \beta\,, \qquad (2)$$

чек аралык шарттары менен берилсин. Мында α, β - турактуулар, $y(x)$-– изделүүчү функция, $0 < \varepsilon$ – кичине параметр.

Биринчи туундусунун коэффициенти терс болгондуктан чек аралык катмар x=1 чекитинде болот. Демек, $x \in [0;1)$аралыгында сырткы чечимди

$$F(x;\varepsilon) = F_0(x) + \varepsilon F_1(x) + \varepsilon^2 F_2(x) + \ \dots \ , \qquad (3)$$

көрүнүштө изилдейбиз. Тиешелүү тартиптеги туундуларын алабыз:

$$F'(x;\varepsilon) = F_0{}'(x) + \varepsilon F_1{}'(x) + \varepsilon^2 F_2{}'(x) + \ \dots \ , \qquad (4)$$

$$F''(x;\varepsilon) = F_0''(x) + \varepsilon F_1''(x) + \varepsilon^2 F_2''(x) + \ \dots \ , \qquad (5)$$

Табылган (3) - (5) барабардыктарын (1) теңдемеге койсок, андан кичине параметрдин даражасы боюнча топтоштурсак:

$$\varepsilon^0: \quad -(2x+1)\,F_0'(x) + F_0^2(x) = 0\ , \quad F_0(0) = \alpha\ , \qquad (6)$$

$$\varepsilon^1: \quad -(2x+1)F_1'(x) + \ 2 * F_0(x)F_1(x) + F_0^2(x) = 0\ , \quad F_1(0) = 0. \qquad (7)$$

Мындан (6) барабардыкты чек аралык шартын эске алуу менен чечип алсак

$$-(2x+1)F_0'(x) + F_0^2(x) = 0\,,$$

$$\frac{dF_0(x)}{{F_0}^2(x)} = \frac{dx}{2x+1}\ ,$$

$$\frac{1}{F_0(x_0)} - \frac{1}{F_0(x)} = \frac{1}{2} * \ln(2x+1) + \ \ln C\,,$$

$$-\frac{1}{F_0(x)} = -\frac{1}{F_0(x_0)} + \ln C + \frac{1}{2} * \ln(2x+1)\,,$$

$$\frac{1}{F_0(x)} = \frac{1}{F_0(x_0)} - \ \ln C - \frac{1}{2} * \ln(2x+1)\,,$$

$$F_0(x) = \frac{1}{C - \frac{1}{2} * \ln(2x+1)}\ ; \quad C = \frac{1}{F_0(x_0)} - \ \ln C\ ;$$

$$\alpha = \frac{1}{C - \frac{1}{2} * \ln(2x+1)}\ ; \quad \alpha = \frac{1}{C - \frac{1}{2} * \ln(1)}\ ; \quad \alpha = \frac{1}{C}\ ; \quad C = \frac{1}{\alpha}$$

$$F_0(x) = \frac{1}{\frac{1}{\alpha} - \frac{1}{2} * \ln(2x+1)} = \frac{2 * \alpha}{2 - \alpha * \ln(2x+1)}\,. \qquad (8)$$

Демек чек аралык шартты эске алуу менен аныкталган чечимден O(ε) тактыгындагы сырткы чечим

$$F(x;\varepsilon) = \frac{2 * \alpha}{2 - \alpha * \ln(2x+1)} + O(\varepsilon). \qquad (9)$$

Ал эми ички чечимди аныктоо үчүн

$\xi = \frac{1-x}{\varepsilon}$; $\quad x = 1 - \varepsilon\xi\ , dx = -\varepsilon d\xi\,; \quad , dx^2 = \varepsilon^2 d\xi^2\ ;$

$$\frac{\varepsilon d^2 y\,(\xi)}{\varepsilon^2 d\xi^2} - (3 - 2\xi\varepsilon)\frac{dy(\varepsilon)}{\varepsilon d\xi} + y^2(\xi) = 0\,,$$

же

$$\frac{d^2 y\,(\xi)}{d\xi^2} - (3 - 2\xi\varepsilon)\frac{dy(\varepsilon)}{d\xi} + \varepsilon y^2(\xi) = 0, \qquad (9-1)$$

Чечимди алабыз.

$$G(\xi;\varepsilon) = F_0(1) + G_0(\xi) + \varepsilon[F_0'(1)\xi + F_1(1) + G_0(\xi)] + + \ \ldots \quad (10).$$

Мында $F_0(x)$ функциясынын x=1 чекиттеги маанисин аныктап алалы. Анда

$$F_0(1) = \frac{2 * \alpha}{2 - \alpha * \ln(2 * 1 + 1)} = \frac{2 * \alpha}{2 - \alpha * \ln 3} = \frac{2\alpha}{2 - \alpha \ln 3}\ ,$$

$$F_0'(x) = 2\alpha * ((2 - \alpha \ln(2x+1))^{-1})' = 2\alpha * (-1)(2 - \alpha \ln(2x+1))^{-2} *$$

$$*(2 - \alpha \ln(2x+1))' = \frac{2\alpha}{(2-\alpha \ln(2x+1))^2} * \frac{-\alpha}{2x+1} * 2 = \frac{4*\alpha^2}{(2x+1)*(2-\alpha \ln(2x+1))^2}\ ;$$

$$F_0'(1) = \frac{4 * \alpha^2}{3 * (2 - \alpha \ln 3)^2}\,.$$

Демек (10) барабардыкты

$$G(\xi;\varepsilon) = \frac{2\alpha}{2-\alpha\ln 3} + \mathrm{G}_0(\xi) + \varepsilon\left[\frac{4*\alpha^2}{3*(2-\alpha\ln 3)^2}\xi + \mathrm{F}_1(1) + \mathrm{G}_0(\xi)\right] + \ldots \qquad (11)$$

$$G'(\xi;\varepsilon) = \mathrm{G'}_0(\xi) + \varepsilon\left[\frac{4*\alpha^2}{3*(2-\alpha\ln 3)^2}\xi + \mathrm{G'}_1(\xi)\right] + \ldots \qquad (12)$$

$$G''(\xi;\varepsilon) = \mathrm{G''}_0(\xi) + \varepsilon[\mathrm{G''}_1(\xi)] + \ldots \qquad (13)$$

Аныкталган (11) – (13) барабардыктарды (9-1) барабардыгына коюп:

$$(\mathrm{G''}_0(\xi) + \varepsilon\mathrm{G''}_1(\xi) + \ \ldots\ ) - \ (3\left(\mathrm{G'}_1(\xi) + \frac{4\varepsilon\,\alpha^2}{3(2-\alpha\ln 3)^2} + \ \varepsilon\mathrm{G'}_1(\xi) - \ \ldots\right) -$$

$$-2\varepsilon\xi\left(\mathrm{G'}_0(\xi) + \frac{4\varepsilon\alpha^2}{3(2-\alpha\ln 3)^2} + \ \varepsilon\mathrm{G''}_1(\xi) + \ \ldots\right) + \ \varepsilon\left[\frac{2\alpha}{2-\alpha\ln 3} + \ \mathrm{G}_0(\xi) + \right.$$

$$\left. +\varepsilon\left[\frac{4*\alpha^2}{3*(2-\alpha\ln 3)^2}\xi + \ \mathrm{F}_1(1) \ + \mathrm{G}_0(\xi)\right] + \ \ldots\ \right] = \ 0\,. \qquad (14)$$

Экендигин алабыз.

Кичине параметр боюнча топтоштурсак

$$\varepsilon^0: \quad \mathrm{G''}_0(\xi) - 3\mathrm{G'}_0(\xi) = \ 0\,, \qquad \mathrm{G}_0(1) = \beta - F_0(1)\,, \qquad (15),$$

$$\varepsilon^1: \quad \mathrm{G''}_1(\xi) - \ 3\mathrm{G'}_1(\xi) - \frac{4*\alpha^2}{(2-\alpha\ln 3)^2} - \ 2\xi\mathrm{G'}_0(\xi) + \frac{2\alpha}{2-\alpha\ln 3} + \ \mathrm{G}_0(\xi),$$

$$\mathrm{G}_1(1) + \ \mathrm{F}_1(1) = 0$$

--- ---- ---- ---- ---- ---- --- --- ---

Мындан (15) барабардыктагы чечимди аныктасак

$$\mathrm{G''}_0(\xi) - 3\mathrm{G'}_0(\xi) = \ 0 \ \ ,$$

$$\mathrm{G}_0(\xi) = \ \mathrm{e}^{\lambda\xi};\ \ \mathrm{G'}_0(\xi) = \ \lambda * \mathrm{e}^{\lambda\xi}\,; \qquad \mathrm{G''}_0(\xi) = \ \lambda^2\mathrm{e}^{\lambda\xi}\,,$$

$\mathrm{e}^{\lambda\xi}(\lambda^2 - \ 3\lambda) = 0$, $\mathrm{e}^{\lambda\xi} \neq 0$ экендигин эске алуу менен

$$\lambda_1 = 0; \quad \lambda_2 = 3$$

$$\mathrm{G}_0(\xi) = A + B * \mathrm{e}^{3\xi}$$

болот. Чек аралык шартты эске алуу менен

$$A + B * e^{3\xi} = \beta - \frac{2\alpha}{2-\alpha \ln 3},$$

$$A = \beta - \frac{2\alpha}{2-\alpha \ln 3}.$$

Демек чечим

$$G_0(\xi) = \left(\beta - \frac{2\alpha}{2-\alpha \ln 3}\right) * e^{3\xi}, \qquad (16)$$

болот.

Чечим

$$y(x;\varepsilon) = \frac{2\alpha}{2-\alpha \ln 3} + \left(\beta - \frac{2\alpha}{2-\alpha \ln 3}\right) * e^{3\xi} + O(\varepsilon).$$ (17) экендигин алабыз.

Адабияттар:

1. А. Х. Найфе Методы возмущений . –М , 1980. – С. 126-130.
2. Краснов М .Л. , А. Н. Ксенев , Р. Н. Макаренно . Сборник задач по обыкновенным дифференциялным уравнения. – М .: 1978. – С. 36.

УДК:517.968.73

ЧЕК АРАЛЫК КАТМАР УСУЛУН КОЛДОНУП СИНГУЛЯРДЫК КОЗГОЛГОН ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫКТЕҢДЕМЕНИН ЧЕЧИМИН ИЗИЛДӨӨ

Токтобаева Зуура Мадияровна, ОшМУ
Илимий жетекчиси – А.А. Акматов, ага окутуучу, ОшМУ

Аннотация:*Бул жумушта сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдеменин чечимин курама ажыралмалар усулунун жардамында изилдөө каралат.*

Ачкыч сөздөр: *Сингулярдык козголуу, дифференциалдык теңдеме , ички жана сырткы чечимдер, жалгаштыруу.*

ИССЛЕДОВАНИЕ РЕШЕНИЕ СИНГУЛЯРНО ВОЗМУЩЕННОГО ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНОГО УРАВНЕНИЕ МЕТОДОМ СОСТАВНЫХ РАЗЛОЖЕНИЙ

Токтобаева Зуура Мадияровна, ОшГУ
Научный руководитель – Акматов А.А., старший преподаватель, ОшГУ

Аннотация: *В работе исследуется решение сингулярно возмущенного дифференциального уравнения методом составных приложении.*

Ключевые слова: *Сингулярное возмущение, дифференциальное уравнение, внутрение и внешние решение, сращивание.*

BESIDE THE BOUNDARY LAYER METHOD, CONFOUND THE SOLITIONOF SINGULARLY PERTURBED DIFFERENTIAL EQUATIONS

Toktobaeva Zuura Madiarovna, OshSU
Research supervisor – Akmatov A.A., senior lecturer, OshSU

Abstract: *In this paper,the solution of singular perturbation of differential equations is investigated using the method of composite applications.*

Key words: *Singular perturbation, differential equation,internal and solution,splicing.*

Бир тектүү чөйрөдө стационардык агымда жылуулуктун чачылуусу жок болгон учурда ал

$$\varepsilon y''(x) + xy'(x) - xy(x) = 0 \qquad (1)$$

$$y(0) = y_0,\ y(l) = l \qquad (2)$$

чек аралык шарттары бар сингулярдык козголгон дифференциалдык тендеме менен берилет. Мында х-көз карандысыз өзгөрүлмө,ал эми у(х)-изилденүүчү функция,0<ε<<1 кичине параметр.

Бул маселенин чечимин чек аралык катмар усулунун жардамында изилдейбиз.Ал үчүн эң оболу 0<х≤1 аралыгында жарактуу болуучу сырткы чечимди тургузалы.

Демек, чечимди

y(x)=$\sum_{n=0}^{\infty} \varepsilon^n y\,(x)$ (3)

түрүндө издейбиз.

Тиешелуу тартиптеги туундуларын таап,(1) барабардык менен аныкталган тендемеге коюп,чек арлык шарттарды эске алуу менен кичине параметрдин даражаларына карата жазып төмөнкүгө ээ болобуз:

ε^0: $xy_0'(x) - xy_0(x), y_0(l) = l,$ (4)

ε^1: x$y_1'(x) - xy_1(x) = -y"_0(x), y(l) = 0,$ (5)

ε^2: x$y_2'(x) - xy_2(x) = -y_1''(x), y_2(l) = 0,$ (6)

- -

Демек, (4) теңдеменин чечимин чек аралык шартты эске алуу менен

$y_0(x) = y_l e^{x-l}$ (7)

экендигин алабыз.

Ал эми (5) барабардыктагы тендеменин чечими,чек аралык шартты, (7) барабардыкты эске алуу менен

x$y_1'(x) - xy_1(x) = -le^{x-l}$, (8)

$y_1(l) = 0$ (9)

болот.

Чек аралык шартты эске алуу менен жазылган чечим

$y_1(x) = -l * ln\frac{x}{l} e^{x-l}$ (10)

түрүндө болот.

Демек, сырткы чечим:

y(x)=$le^{x-l} - \varepsilon l * ln\frac{x}{l} e^{x-l} + O(\varepsilon)$ (11)

Алэмих=0

чекитининчекебелиндежарактуудепэсептелгеничкичечимдитургузууучун $\frac{x}{\varepsilon^\lambda} = \xi$;x=$\varepsilon^\lambda \xi$; dx=$\varepsilon^\lambda d\xi$; d$x^2 = \varepsilon^{2\lambda} d\xi$; алабыз.

Демек,

$\frac{ed^2y(\xi)}{\varepsilon^{2\lambda} d\xi^2}$+$\varepsilon^\lambda \xi \frac{dy(\xi)}{\varepsilon^\lambda d\xi} - \varepsilon^\lambda \xi y(\xi) = 0,$

же$\varepsilon^{1-2x}\frac{d^2y(\xi)}{d\xi^2}+\xi\frac{dy(\varepsilon)}{d\xi}-\varepsilon^{\lambda}\xi y(\xi)=0$ (12)

болот.

Эгерде$\lambda>1$ болсо, анда (12) барабардыктагы тендеме

$\frac{d^2y(\xi)}{d\xi^2}+\varepsilon^{2x-1}\xi\frac{dy(\xi)}{d\xi}+\varepsilon^{3x-1}\xi y(\xi)=0$

,же$\varepsilon\to 0$ да

$\frac{d^2y(\xi)}{d\xi^2}=0; y(\xi)=\mathrm{A}+\mathrm{B}\xi$ (13)

экендигин алабыз.

Бул учурду алууга болбойт,себеби $\varepsilon\to 0$ да $\xi\to\infty$ умтулат да,чечимди жалгаштыруу мумкунчулугу болбой калат.Ошондой эле $\lambda=1$ болсо, анда

$\frac{d^2y(\xi)}{d\xi^2}+\varepsilon\,\xi\frac{dy(\xi)}{d\xi}-\varepsilon^2\,\xi y(\xi)=0$ (14)

Бул учурга да жалгаштыруу болбой калат.Демек, $\lambda<1$болгон учурдан $\lambda=\frac{1}{2}$ болгон учурду тандасак

$\frac{d^2y(\xi)}{d\xi^2}+\xi\frac{dy(\xi)}{d\xi}-\varepsilon^{\frac{1}{2}}\xi y(\xi)=0,$ (15)

,же

$\varepsilon\to 0$ дөгү теңдеме

$\frac{d^2y(\xi)}{d\xi^2}+\xi\frac{dy(\xi)}{d\xi}=0,$ (16)

болот.

Демек, x=$\varepsilon^{\frac{1}{2}}\xi$ордуна коюусун жүргүзөбүз. Чечимди болсо

y(x)=$y_0(x)+h_0(\xi)+\left(h_1(\xi)+y_1(x)\right)\mu+\cdots$ (17)

көрүнүштө изилдейбиз. Мында

$$\varepsilon=\mu^2, y_0(x)=\mathrm{c}^2[0,1], h_0(\xi)=\mathrm{c}^2[0;\mu], \mu=\mu^{-1}$$

көрүнүшүндө изилдейбиз. Анда (17) барабардыктан тиешелуу даражадагы туундуларды таап,(1)барабардыкка койсок

$$\frac{d^2y(\xi)}{d\xi^2}+\xi(\frac{dy(\xi)}{d\xi})=0,\ y(0)+y_0(0)=\alpha \qquad (18)$$

- - - - - - - - - - - - - - - - - - -

$$\frac{d^2y(\xi)}{d\xi^2}+\xi\frac{dy(\xi)}{d\xi}=0$$

$$\frac{dy(\xi)}{d\xi}=p;\ \frac{d^2y(\xi)}{d\xi^2}=\frac{dp(\xi)}{d\xi}$$

$$\frac{dp(\xi)}{d\xi}+\xi p(\xi)=0$$

$$\frac{dp(\xi)}{p\xi}=-\xi d\xi$$

$$p(\xi)=ce^{-\frac{3^2}{2}}\frac{dy(\xi)}{d\xi}=ce^{-\frac{3^2}{2}}$$

$$dy(\xi)=ce^{-\frac{3^2}{2}}d\xi$$

$$y(\xi)=c_1\int_0^3 e^{-\frac{3^2}{2}}ds+c_2$$

$$y(0)=\alpha-y_0(0),\ y(x)=le^{x-l}$$

$$y(0)=\alpha-y_0e^{-l}$$

$$c_1\int_0^3 e^{-\frac{3^2}{2}}ds+c_2=\alpha-T_0e^{-l}$$

$$y(\xi)=(\alpha-y_0e^{-l})\ (\int_0^3 e^{-\frac{3^2}{2}}ds+1)+0(\varepsilon) \qquad (19)$$

экендигин алабыз.

Жалпычечимболсо

$$y(x:\varepsilon)=le^{x-l}+(\int_0^3 e^{-\frac{3^2}{2}}ds+1)+O(\varepsilon) \qquad (20)$$

түрүндө алынат.

Адабияттар:

1. Найфе А.Х. «Методы возмущений».
2. Коул Дж. «Методы возмущений в механике жидкости» М. мир. 1972 г.

ТАРЫХ, ФИЛОСОФИЯ ЖАНА ДИН ТААНУУ

УДК: 2-335

КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУНУН АДИЛЕТТҮҮЛҮК ТУУРАЛУУ АЙТКАН НАСААТТАРЫН ХАДИСТЕРДИН НЕГИЗИНДЕ АНАЛИЗДӨӨ

Арзыбекова Гулиза, ОшМУ
Илимий жетекчиси – доцент Арипов Н., ОшМУ

Аннотация: *Кыргыз эли басып өткөн нечендеген доорлорду баяндаган макал-лакаптар, уламыштар, акылман сөздөр элибиздин руханий дөөлөтүн байытып, учугу уланып айтылып келет. Эчендеген кылымдардан бери айтылып келе жаткан баалуулуктар улам кийинки муундарга оозеки айтылып, ата- бабаларыбыздан калган улуу мурас катары жашоосун улантты. Алардын учугун уланткан заманчыл акындардын бири Калыгул Бай уулуна таандык чыгармалардын тарыхыбызда орду чоң. Ошол чыгармаларда элдин диний ишенимдери, маданияты негизги орунду ээлеген. Кыргыз эски ишенимдеринин ордуна ислам динин кабылдай баштагандан баштап, алардын ишениминде, маданиятында чоң өзгөрүүлөр болгон. Бул өзгөрүүлөрдү биз Калыгул Бай уулунун сопудан сабак алып, ислам дининен кабардар болгону жана динди бекем кармаганынан байкасак болот. Бул жазмада анын Ормон ханга берген ыр түрүндөгү насааттарын Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) хадистери менен салыштырмакчыбыз.*

Ачкыч сөздөр: *Пайгамбар**,** Калыгул Бай уулу, хадис, насааттар, дин.*

АНАЛИЗ СОВЕТА КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ О СПРАВЕДЛИВОСТИ НА ОСНОВЕ ХАДИСОВ

Арзыбек кызы Гулиза, ОшГУ
Научный руководитель – доцент Арипов Н., ОшГУ

Аннотация: *Кыргызский народ преодолевая долгие эры,душевно обогащает своими пословицами, поговорками, мифами, легендами и крылатыми выражениями. Это богатство передаваясь из уста в уст веками, осталось нам как великое наследие от наших древних предков. Одним из великих акынов, который продолжил это, является Калыгул Бай уулу и его произведения, которые играют большую и важную роль в нашей истории. В своих*

произведениях он отражалрелигиозные верования и культуру народа. Когда кыргызыначали принимать Ислам, в их культуре и верованиибыли большие изменения. Именно это можно увидеть в жизни Калыгул Бай уулу, как он отучился у муллы (проповедник) и узнал об Исламской религии и крепко придерживался его законам. В этойстатье мы сравним наставлениеОрмон хану в виде стихотворении с хадисами Пророка(с.а.в).

Ключевы слова: *Пророк. Калыгул Бай уулу, хадис, советы, религия.*

THE RECOMMANDATIONS ABOUT JUSTICE OF KALYGUL BAI UULU ANALYSE OF BASED ON HADITH

Arzybekova Guliza, Osh SU
Research supervisor – docent N. Aripov, Osh SU

Abstract: *Describing of many proverbs, legends which passed century Kyrgyz people were historical.Many values of kyrgyzoraly to generations. They keep values and livingwith it. One of their continued poet was Kalygul and his novels the main role play in our history.Those novels the main role were people's beliefs and culture.After accepting kyrgyz people of İslamic religion then changed of culture and beliefs. As we know Kalygul got education from imam and believe to İslam. These informations proved it.We compare with hadith of prophetKalygulBaiuulu had been written letter as a song to king of the Orman.*

Key Words: *Prophet, KalygulBaiuulu, Hadith, Recommandation, Religio*

Калыгул Бай уулу

"Замана" агымынын негиз салуучусу Калыгул Бай уулу (1785-1855) Ысык- Көлдүн күңгөй бетинде Карой деп аталган белгилүү аймакта манап тектүү үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келген. Өз доорунда турмуш- тиричиликке тың, оокаттуу үй-бүлөдө бой көтөрүп, турмуштун ар кандай оор кыйынчылыктарын, түйшүгүн, жокчулуктун азаптуу запкыларын тарткан эмес. Калыгул калк арасында өзгөчө кадыр- баркка ээ экенине карабастан, анын өмүр жолу, чыгармалары жөнүндө такталган маалыматтар аз. Мунун эң негизги себеби советтер союзу мезгилинде (1947- жылдан баштап) ага жалган жалаа коюлуп, катуу сынга кабылып, атынын да, чыгармаларынын да колдонулуусунда тыюу салынгандыгы болуп эсептелет. Калыгул

төрөлгөндөн жышааналуу бала болгону эскерилет: оң бетинде кара калы болгондуктан аты Калыгул (Калдуу кул) деп коюлат.

Калыгул 6-7 жашынан баштап айылдагы сопу ата деген кары адамдан кат таанып, зээндүү бала бат эле окуганды, жазганды үйрөнүп, намазга жыгылып, орозо кармайт. Анын чыгармаларындагы маалыматтарга кароо менен анын сабаттуу болгондугун жана ал аркылуу чыгыш адабиятынан, маданиятынан ошондой эле башка элдердин тарыхынан кенен кеңири кабары бар экенин байкоого болот. Айрыкча Кул Кожо Акмат, сопу Алдаяр сыяктуу белгилүү адамдардын чыгармалары, философиялык көз караштары, сопучулук түшүнүктөрү менен терең тааныштыгы таасын байкалат. [1;3-4]. Калыгул нускоочу акын болгондуктан, анын ойлору турмуш-тиричилик жагдайдын тегерегинде гана болбостон, коом, замана, анын келечеги, өлкөнү башкаруу иштери, руханий дүйнөгө кире турган өзгөрүүлөр сыяктуу социалдык курч маселелерге багытталган. Анын «Акыр заман» чыгармасында («Масел сөздөр») кыргыз коомунун келечек тагдыры тууралуу ой жүгүртүлөт. Калыгул өз учурундагы көчмөн кыргыз коомунда үстөмдүк кылган патриархалдык нарк-насил, адат-салттын ыдыроо алдында тургандыгын билген, келечекте анын социалдык маңызында, адамдардын кулк-мүнөзүндө, жүрүм-турумунда өзгөрүүлөр болорун туура баамдаган. Калыгулдун чыгармаларына Совет мезгилинде тыюу салынгандыктан, анын чыгармалары толук жазылып калынган эмес. Анын чыгармалары кылдат текстологиялык талдоого муктаж, ага тиешелүү маалыматтар, чыгармалар тактоону жана изилдөөнү талап кылат. Белгилүү маалыматтарга караганда, Калыгулдун чыгармаларынын айрым үлгүлөрү 1922-жылы Нарын уездинде К. Мифтаков тарабынан белгилүү манасчы С. Орозбаковдун айтуусунда биринчи жолу кагаз бетине түшүрүлгөн. Айрым маселдери И. Арабаевдин 1925-жылы жарыкка чыккан «Сабатсыздыкты жоюу алиппеси» аттуу окуу китебинде «Калыгул бийдин сөзү» деген тема менен берилген. Олуянын белгилүү чыгармалары жана ал жөнүндө эскерүүлөр, илимий пикирлер

топтолуп, «Акылман Калыгул» деген аталыштагы жыйнак 2000-жылы жарык көргөн. Анын чыгармачылыгы кыргыз адабиятында, ырчылар поэзиясынын тарыхында зор из калтырган. 1999-жылында 30-октябрында туулуп-өскөн айылында ага күмбөз орнотулган. [2;832].

Адилеттүүлүк

Адилет (адл)-так, калыс, ачык айкын деген маанини билдирген араб сөзү. Ошону менен бирге бардык нерсенин акысын берүү, бирөөнүн акысын жеп коюудан сактануу, нысаптуу болуу, укукту сактоо жана эч кимге, эч нерсеге кордук көрсөтпөө. [3;19]. Адилеттүүлүк – ислам дининин эң маанилүү темаларынан бири. Алла Таала Куранда *"Акыйкатта Алла силерге тапшырылган аманатты анын ээсине тапшырууга буйрук кылат! Эгерде силер адамдардын ортосунда өкүм жүргүзсөңөр, анда адилеттүүлүк менен өкүм чыгаргыла"*. [Ниса сүрөсү, 58.] - деп буюрган. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) хадисинде, *"Мамлекеттин күчү- эң чоң коргоочу. Адилетсиздиктерге каршы ал менен (укуктук жол менен) күрөшөт жана ал менен (коркунучтардан) корголот. Эгер бул күчтү колдонгон(дор), Алладан коркууну буюруп, адилеттүүлүк менен башкары(ыш)ып...с.а.в., бул кылгандарынан улам сооп табышат. Мунун тескерисин кыл(ыш)са с.а.в., жоопко тартылышат"* [6; 557].

Калктын адилеттүү болгону жакшы, ал эми башкаруучунун адилеттүү болгону эң жакшы жетишкендик. Бул тууралуу Калыгул Ормон хандын демилгеси боюнча касиеттүү Ысык-Көлдүн жээгинде өткөрүлгөн курултайда мындайча акыл-насаатын айтат:

Ормон ханым, угуп кой,
Арамдык кылган адамды
Аябастан айтып кой,
Адилеттүү хандан бол.

Белгилүү болгондой, бул саптарда айыпты жашыруу жакшылыкка алып барбастыгы тууралуу да айтылган. Бул тууралуу калк арасында

"Оорууну жашырсаң өлүм ашкере"- деген накыл кеп бар. Албетте, Алланын элчиси да мындай жашырууларга тыюу салган. Бир жолу коомундагы уурулук кылган бир аялга кечирим берилүүсүн талап кылган сахабага: "*Сен Алла койгон жазалардын бирөөсүнүн кечирүүлүсүн сурап жатасыңбы*?"- деп ачууланган жана элге кайрылып мындай деп буйрук кылган: "*Силердин мурдагылардын жок болуусунун себеби төмөндөгүчө: Алардан күчтүү болгон бирөө уурулук кылса, аны жазаландырышкан эмес, алсыз бирөө уурулук кылганда жазаландырышкан. Аллага ант болсун, Мухаммеддин кызы Фатима уурулук кылган болсо, анын да колун кесет болчумун"* [6;464]. Кызматка дайындалган кишинин кичинекей болсо да бир ишти жашыруусун Алланын элчиси кыянаттык деп эсептеген жана бул кыянаттыктын жазасы оор боло турганын мындайча баяндаган: *"Силердин араңардан бирөөңөрдү кызматка дайындасак, ал киши бир ийнени же андан да кичинекей нерсени бизден жашырса, бул кыянаттык болот, кыямат күнү жашырган нерсеси менен келет."* Байкаганыбыздай, башкаруучулардын кол астындагылардын же жанындагы кишилердин адилетсиздигин жашыруусу мамлекеттин чөгүүсүнө гана алып келет. Албетте, бул айтылгандар жөнөкөй бала бакча жетекчисинен баштап өлкө жетекчисине чейин тийиштүү десек жаңылышпайбыз. Калыгул саптарынын уландысында,

"Өзүңө жетет өз малың,

Башканы коюп, аны сой.

Атагың кетет алыска,

Кыйшайбастан калыс бол" [3;6]. – деп айткан. Даанышман бул саптарында башкаруучуларды жоомарттыкка, бирөөнүн акысын жебөөгө, акы маселесинде өзгөчө калыс болууга үндөгөн.

Алла Таала бул тууралуу мындайча буйрук кылат: *"Эй, ыйман келтиргендер! Бири-бириңердин мал мүлкүңөрдү арам жолдор менен жеп*

койбогула!"[1] "*Ортоңордогу мал- мүлк, байлыкты өз ара арам жолдор менен жебегиле жана күнөө экенин билип туруп адамдардын байлыгынын бир бөлүгүн жешиңер үчүн акимдерге алып барбагыла!*" [Бакара сүрөсү, 188] Башкаруучу катары ар дайым адилеттүү мамиле кылган Пайгамбарыбыз (с.а.в.) жетекчинин адилеттүү болуусуна өзгөчө басым жасаган. Адилеттүү болууда алсыздыкка себеп боло турган маселелерде дыккат болууларын талап кылган. Мисалы, белек алып-берүү адамдардын бири-бирине сый - урматын көбөйткөнү менен адилеттүүлүк сезимине залал бериши мүмкүн деп тынчсызданып, башкаруучулардын, айлык маянасынан башка материалдык кызыкчылыктардын артынан түшпөөгө чакырган.

Эл жериңди коргогон,

Адилеттүү хан, бол!

Ак менен караны ажыраткан,

Акылдуу хан бол!

Башкаруучулук кишинин ийнине жүктөлгөн эң оор жоопкерчиликтерден бирөө. Сүйүктүү пайгамбарыбыз бул жоопкерчиликти *"Баарыңар чабансыңар, жоопкерсиңер жана баарыңар башкаргандарыңан сураласыңар. Мамлекет башчысы жоопкер жана башкаргандарынан суралат. Үйдүн кожоюну жоопкер жана башкаргандарынан суралат. Аял үйүнөн жоопкер жана башкаргандарынан суралат. Кул да ээсинин мүлкүнө жоопкер жана башкаргандарынан суралат"* деген сөздөрү менен тастыктаган. [6; 460]. Алланын элчиси жетекчилерден талап кылган дагы бир нерсе, кол алдындагыларга адилеттүү мамиле кылуу болгон. Жоопкерчиликти мойнуна алган киши кол алдындагыларга, калкка жаман мамиле кылуу укугу жок экенин айткан. Ал өзү сахабаларына эч качан жаман мамиле кылган эмес, алардын күчү жеткен нерселерди гана талап кылган. [6;465].

Хандык деген улуу жол,

Дагы айтамын калыс бол.

Ушак-айың көп болот,

Мына ошондон алыс бол [3;16].

Калыгулдун бул саптарында башкаруучулук татаал жол экенин, ал жолдо ар кандай кыйынчылыктарга, ушак- айыңдарга, дуушар болорун эскертип, ошол даңгыр жолдо туура эмес маалыматтардын үстүндө анализ жасап, калыс чечим кабылдоого чакырган. Негизинен эле жетекчилик мандатына көтөрүлгөн соң, жетекчиге жагынуу же башка бирөөнү жаман көрсөтүү, жеке кызыкчылыктын негизинде туура эмес сөздөр жеткирилери анык. Ошол эле учурда жетекчи да ушактан алыс болуусу кажет. Анткени анын ордуна келгиси келген, көрө албастык сезиминде болгон инсандар көп болот. Ансыз да Алла Таала жана анын элчиси бизге ушак кылуудан алыс болгула деп жатпайбы, бул биз үчүн жетиштүү эмеспи?

Бирөө тууралуу гыйбат кылган бир адам мусулман бир тууганынын этин жеген менен барабар экендигин айткан Алланын элчиси (с.а.в.): "Инсанга күнөө катары ар бир уккан нерсесин айтуусу жетиштүү"- деп айткан. [5;490].

Эл жериңди коргогон,

Адилеттүү хан, бол!

Ак менен караны ажыраткан,

Акылдуу хан бол!

Бирөөнүн сөзүнө кирип,

Калыстыктан кетпе.

Ачыгына жетпей,

Алдыңа келген ишти чечпе.

Адилеттүү, калыс,

Кең пейил, ак жолтой хан бол! [3;16].

Бул жерде башкаруучунун ар бир ишти жети өлчөп бир кесип, адилеттүү, калыс чечим чыгаруусуна басым жасаган. Албетте, ар бир

маселени кеңешип, көйгөйдүн төркүнүн толук тактап, үстүнөн анализ жүргүзүп анан гана бир чечимге келүү керек. Алланын элчиси пайгамбар болгонуна карабастан, башкаруу маселелеринде сахабалары менен дайыма кеңешкен жана бирге чечим чыгарышкан. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) бул тууралуу: *"Башкаруучуларыңар жакшы адамдардан, байыңар жоомарт адамдардан болгондо жана ишиңер кеңешүү менен жасалганда, жер жүзүндө жашаганыңар жердин түбүнө киргениңерге караганда дагы да жакшы"*- деп айткан [6;467-468].

Калыгул кыргыз элинин коңшу элдер менен бирге тынчтыкта жашашын дайыма эңсеген инсан болгон. Бул жөнүндө өзүнүн акыл-насааттарын Ормон ханга жана кыргыздын урууларын бийлөөчүлөргө дайыма айтып турган. Калыгул Ормон ханга:

Малыңды айтып мактанба,
Көп казакка аттанба.
Казактын малын аласың,
Как талаада каласың – деп эскерткен. Калыгул кыргыз урууларынын башчыларын дайыма ынтымактуу болууга багыттап келген. Эл башкаргандар ынтымактуу болсоңор, ортодогу эл башка жакка качпайт, деп айтчу экен. Ормон менен Боромбайдын куда болушканын кубаттап, Калыгул төмөнкүдөй акыл айтканы ушул кезге чейин эл эсинде:

ЫНтымагы бар элдин
ЫРыстуу болот балдары.
ЫРыска бүткөн элдердин
Куда-сөөк болот чалдары.
Эл башкарган эки дөө,
ЫНтымакты курушса,
Кайда барат калганы.
Агабыз Нияз айта кой,
Же сөзүмдүн барбы жалганы? [3;19].

Калыгулдун төмөнкүдөй чыныгы философиялык акыл-насааты тарых барактарында жазылып калган:

Жакшы болсоң жердей бол,

Баарын чыдап көтөргөн.

Таза болсоң суудай бол,

Баарын жууп кетирген.

Ырыс алды ынтымак,

Ынтымагың жок болсо,

Алдыңдан таяр алтын так [3; 35]. Бул акыл-насаат сөздөр мындан бир жарым кылым мурда айтылса да, алардын мааниси дал биздин азыркы заманыбыз үчүн актуалдуу экени көрүнүп турбайбы. Калыгулдун бул сөздөрү Кыргызстандын алтын тагы – анын мамлекети экенин, ал алтын тактын эч бир тайбасы, бузулбасы үчүн бүткүл кыргыз эли ынтымактуу, бирдиктүү болушу зарыл экенин көрсөтүп турат. Ислам дини да ынтымактуулукка өзгөчө көңүл бурат. Пайгамарыбыздын (с.а.в.) бир риваятында: *"Шектенүүдөн этият болгула. Анткени шектенүү жалгандын дал өзү. Башка бирөөнүн кебин тыңдабагыла. Бири-бириңердин жеке жашооңорго аралашпагыла. Бири- бириңер менен атаандашпагыла. Бири-бириңерге кек сактабагыла. Бири-бириңерге капа болбогула. Оо Алланын кулдары! Бир тууган болгула!"* - деп элдерди ынтымактуу болууга үндөгөн. Калыгулдун бул акыл-насаат сөздөрүнүн маанисинен аны, Ислам дининин булагы болгон Курани Каримден жана хадис илиминен кабары болгонун байкоого болот.

Адабияттар:

1. Ж. Жаныбеков, Кыргыз ойчулдары. – Ош. 2004.
2. "Кыргыз" улуттук энциклопедиясы: 4-том. Башкы редактору Асанов Ү. А. К 97. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. 2012.
3. Осман Нури Топбаш, Исламдын изги маданияты 4-том, – Бишкек. 2009.
4. С. Мусаев, А. Акматалиев, Акылман Калыгул, "Шам" басмасы. 2000.

5. Улуу кыргыз көчү. – Бишкек. 2006.
6. Хадистердин негизинде ислам 3-том.
7. Хадистердин негизинде ислам 4-том.

УДК:94.(550.347.4)(575.2)

АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ ЧЕК АРАЛАРДА ЖАШАГАН КЫРГЫЗДАРДЫН ТАРЫХЫ ЖАНА ТАГДЫРЫ (КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ ОБЛУСТАРДЫН МИСАЛЫНДА)

Жумабаев Бекжан, Балтабай уулу Сооронбай,
Орунбай уулу Куттубек, ОшМУ
Илимий жетекчиси – т.и.к., доцент Чыныкеева Г.Э., ОшМУ

Аннотация: *Макалада азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндө чек араларда жашаган кыргыздардын тарыхы жана тагдыры талдоого алынат.*

Ачкыч сөздөр: *кыргыз эли, чек ара, коңшулаш мамлекеттер, көйгөйлөр, аймак, тарых.*

ИСТОРИЯ И СУДЬБА ПРИГРАНИЧНЫХ КЫРГЫЗОВ НА СОВРЕМЕННОМ ЭТАПЕ (НА ПРИМЕРЕ ЮЖНЫХ ОБЛАСТЕЙ КЫРГЫЗСТАНА)

Жумабаев Бекжан, Балтабай уулу Сооронбай,
Орунбай уулу Куттубек, ОшГУ
Научный руководитель – к.и.н., доцент Чыныкеева Г.Э., ОшГУ

Аннотация: *В данной статье рассматриваются проблемы истории и судьбы приграничных кыргызов юга Кыргызстана на современном этапе.*

Ключевые слова: *кыргызский народ, граница, соседние государства, проблемы, территория, история.*

THE HISTORY AND FATE OF THE BORDER KYRGYZ AT THE PRESENT STAGE (ON THE EXAMPLE OF THE SOUTHERN REGIONS OF KYRGYZSTAN)

Jumabaev B., Baltabai uulu S., Orunbai uulu K., OshSU
Research supervisor – c.h.s., docent G.E. Chunukeeva, OshSU

Abstract: *This article examines the problems of history and the fate of the border Kyrgyz of southern Kyrgyzstan at the present stage.*

Key words: *кyrgyz people, border, neighboring states, problems, territory, history.*

Биз тарыхка көз чаптырсак, кыргыз эли тээ байыртадан бери эли көчмөн калк экенин, ар дайым көчүп-конуп, кышта кыштоого, жазда жайлоого барып келип турмуш өткөргөнүн билебиз. Кыргыз эли көчмөн калк болгондугуна карабастан, өз чек арасын билип, аны коргоого, кеңейтүүгө ар дайым аракет кылып келишкен. Кыргыздын жигиттери, баатырлары өз эли үчүн, жери үчүн керек болсо жанын да курман кылышкан. Мисал катары тарыхта болгон бир канча окуяларды айтсак болот. Эң эле биринчи баатырдыгы менен тарыхта из калтырган Барсбек жөнүндө сөз кылбасак болбойт. Барсбек-кыргыздардын каганы, өз мезгилинин белгилүү саясий ишмери болгон. Ал атасынан эрте жетим калган, 4 бир туугандын ортончусу болгон, тайган менен аңчылык кылууну жакшы көргөн. Барсбектин уругун Умай-Эне колдойт деп эсептелген. Анын туугандары сейрек кездешүүчү умай, бек деген наамды алып жүрүшчү, ал каган титулун Ынанчу Алп Билге менен кошо алган. Түрк кагандыгы кыргыздарга жортуул уюштурган учурда, Барсбек өзүнүн эрктүүлүгү, акылдуулугу менен кыргыз жерин коргоого аракет кылган. Ал Түргөштөр жана Кытайлар менен дипломатиялык мамиле түзүп, чогуу түрктөргө каршы согушууну ойлойт. Бирок алар керектүү учурда жардам көрсөтө албай, өздөрү менен өздөрү болуп калышат. Ошондо Барсбек 710-жылы Тибетке элчи жөнөтөт ал элчиликке болушар уруусунан чыккан Эрен-Улуг башчылык кылат, ал тажырыйбалуу дипломат болгон. Бирок Эрен-Улуг белгисиз себептерден өлөт. Тибет да кыргыздар менен шериктеш болбойт. Ошентип,

Түрк кагандыгы кыргыздарга Саян тоолорун ашып, түн ичинде кыргыздарга кол салышкан. Айыгышкан кармашта Барсбек курман болгон. Экинчи Түрк кагандыгынын кол башчысы Тон-йокук Барсбек жөнүндө мындай деп эскерген: “Табгач (кытайлык) каганы, Он ок (түргөштөр) биздин душманыбыз болчу, бирок биздин баарынан чоң душманыбыз кыргыздардын күчтүү каганы болгон” [1].

Бул жерден Барсбек кагандын эли үчүн, жери үчүн кылган зор эмгеги жөнүндө айтсак болот. Барсбекке союздаштары жардам бербей калган учурда да, өз жерин сактап калуу үчүн акыркы күчү калганча күрөшкөн.

Дагы бир тарыхый инсан Мухаммед кыргыз жөнүндө сөз кылбасак болбойт. Мухаммед кыргыз кол жыйнап, Ысык-Көлдүн жээгиндеги Барскоондун жанынан монгол баскынчыларын тосуп чыгат. Бирок кыргыздардын курал-жарагы, аскердик саны жагынан монголдордон бир кыйла аз болгондуктан, душмандан жеңилип, Мухаммед туткунга түшүп, аны Кашкардагы зынданга салышат. Бирок кыргыздар казактар менен биригишип, монголдорго каршы салгылашууну токтотушкан эмес. Мына ошондо Монголстандын ханы 1522-жылы Мухаммедди хандын эмири катары Кыргызстанга жөнөткөн. Бирок Мухаммед келгенден кийин Рашид хандын буйруктарын аткарбай коёт. 1524-жылы кыргыздар кайрадан казактар менен чогуу чабуулга барышат. Ошол салгышта казактар өз убагында жардам көрсөтө албагандыгы үчүн кыргыздар кайра жеңилип, 1533-жылы Мухаммед экинчи жолу туткунга түшөт. Кийин да кыргыздар, казактар менен салгылашууларга чогуу чыгып турушкан. Бирок кийинчерээк кыргыз-казак элинин ортосунда ич ара чыр чатак чыгып, эки элдин биримдиги жеңилүүгө туш болот. Натыйжада казактар Иле жана Сыр-Дарыя жакка чегинишет. Кыргыздар болсо Теңир-Тоодо калышат да, күрөштү улантышат. Монгол хандары кийин да кыргыздардын үстүнөн өз бийликтерин жүргүзө алышкан эмес [2; 106-109].

Мухаммед кыргыздын эрдигин бүгүнкү күнгө чейин эч ким кыла алган эмес. Анткени ал зындандан чыгып, эмир болуп келгенде хандын буйругун аткарбай койсом мени өлтүрүп коюшат деп эч коркпостон, элди кайра топтоп монгол баскынчыларына каршы согуш ачкан. Мухаммеддин эң негизги максаты кыргыз жерин эч кимге бербөө болгон. Эгер ошол убакта азыркы чиновниктерибиз болгондо, монгол хандарынын айтканынан чыгышпай, кыргыз жерлерин бүт сатып болушмак. Натыйжада, бүгүнкү күндө Кыргызстандын эч кандай жери жок болуп калмак. Ошондуктан, ар дайым кыргыз жерлерин көздүн карегиндей сактап, бизге багыштап кеткен ата-бабаларыбызды эскерип туруубуз абзел. Экс-президентибиз Алмазбек Атамбаев 7-8-ноябрды Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнү деп жарыялаганы эң туура болду деп эсептеймин [3].

Андан кийин да биз Тайлак баатыр, Атаке баатыр, Ормон хан, Боронбай баатыр, Шабдан баатыр, Байтик баатыр, Курманжан датка сыяктуу баатырларыбызды сыймыктануу менен айтсак болот. Андан берки Совет учурундагы А.Орозбеков, Ж.Абдрахманов, И.Раззаков, А.Масалиев өңдүү эл башчыларыбыздын баары кыргыз эли, кыргыз жери үчүн өз өмүрлөрүн курман кылышкан. Мына ошентип ата-бабаларыбыз кылымдар бою көксөп келген көз карандысыздыкка элибиз 1991-жылы 31-августа ээ болду. Мына ошондо мамлекетибиздин атрибуттары, Конституциясы кабыл алынып, дүйнөлүк картада Кыргызстан деген кичине мамлекет пайда болду.Ошентип, Кыргызстандын чек арасы аныкталды.

Кыргызстан түндүгүнөн жана түштүгүнөн Казакстан, батышынан Өзбекстан, түндүк-батышынан жана түштүгүнөн Тажикстан, түштүктөн жана түштүк чыгышынан Кытай Эл Республикалары менен чектешет.

Казакстандын аймагынан ажыраткан табигый чек аралар: Чыгышта Меридиан кырка тоосундагы “Узловая” (6148м) чокусунан башталат. Ал чокудан батышка карай Сары-Жаз кырка тоосунун кыры менен Семенов (5816м) чокусуна чейин келип, Тескей Ала-Тоосунун эң чыгышы Ашуу-Тор

тоосунан өтөт. Андан ары Текес суусу менен Сары-Жаз суусунун суу бөлгүчү аркылуу Каркыра суусун түзгөн Көк-Жар жана Туруп сууларынын суу бөлгүчү аркылуу Каркыра өрөөнүнө түшөт. Каркыра суусун бойлоп, Күңгөй Ала-Тоосунун эң чыгыш учунан анын кырына өтөт. Күңгөй Ала-Тоосу менен өткөн чек ара Челек өрөөнүн Ысык-Көл ойдуңунан бөлөт. Күңгөй Ала-Тоо менен Иле Ала-Тоосунун тутумдашкан жери Чоң-Ак-Суунун алабынан чек ара Кемин менен Челектин суу бөлгүчү аркылуу Иле-Ала-Тоосунан өтөт. Иле Ала-Тоосунун батыш учунан Кара-Булак суусунун оң тарабындагы суу бөлгүч боюнча Чүй суусунун нугуна келип, анын бою менен Чүй-Сары-Суу ойдуңуна чейин кетет. Камышоновка кыштагынан 8-10 км түндүктө Чүй суусунун боюнан чек ара кесип, түштүккө бурулуп, Камышоновканын тушунан батышка кайрылат, Ашмара суусунун өрөөнү менен кыргыз Ала-Тоосунун кырына чыгат. Кыргыз Ала-Тоосунун кыры менен батышка карай тоо бүткөнгө чейин барып, Жамбыл шаарынын түштүгүндөгү түздүктөр менен акырындап түштүккө карай ооп, Асса суусунун өрөөнү менен Манас (4482м) чокусун карай кайра Талас Ала-Тоосунун кырына чыгат. Күркүрөө, Жабаглы-Суу, Ак-Суу, Байдамтал, жана Ой-Кайың сууларынын башталышы болгон Манас чокусунун капталынан Казакстандын Кыргызстан менен болгон чек арасы бүтөт. Манас чокусунан Меридиан кырка тоосундагы “Узловая” чокусуна чейинки Казакстан менен Кыргызстандын чек арасынын узундугу 1113 км.

Өзбекстандын аймагын ажыраткан табигый чек аралар: Манас чокусунан чыгышты карай Талас Ала-Тоосунун кыры менен Пскем кырка тоосунун кошулган жерине чейин барып, Пскем кырка тоосунун кыры менен Чарвак суу сактагычына жакын жерден Чаткалдын өрөөнүнө түшөт. Чаткал суусунун сол куймалары Терес менен Ала-Булактын суу бөлгүчү аркылуу Чаткал кырка тоосуна тутумдашкан айрыгы аркылуу Гава-Сай суусун бойлоп Фергана өрөөнүнө чыгат. Фергана өрөөнүндө Өзбекстандын аймагын Кыргызстандын аймагынан эч кандай табигый чек бөлбөй, тоо этегинде

түздүктөр боюнча эң эле татаал ийри-буйру сызыктар менен өрөөндү айланып, Сох дарыясынын сол капталына чейин жетет. Андан тышкары Шаймардан жана Сох сууларынын боюнда бардык жагы Кыргызстандын жери менен курчалган, туюк чектүү Өзбекстанга тиешелүү жерлер бар. Пскем дарыясынын башынан Сохтун өрөөнүнө чейинки аралык 240 км болгону менен ошол жерлерди туташтырган Өзбекстан менен Кыргызстандын чек ара сызыгынын узундугу 1374 км.

Тажикстан менен болгон чек ара да Фергана өрөөнүнүн түзөң жерлерин камтып, Сох өрөөнү менен Исфара өрөөнүнүн тоо этектеп келген жериндеги суу бөлгүчүнөн башталат. Андан батышка карай Ак-Суунун өрөөнүнө чейин барып, анын сол жаккы капталы менен Түркстан кырка тоосунун кырын карай түштүккө багытталат. Түркстан кырка тоосуна Дакат-Суунун өрөөнү менен көтөрүлүп, 4745м бийиктиктеги Пирьях чокусуна чыгат. Ушул чокудан баштап Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасы табигый чектер- Түркстан кырка тоосу, Алай өрөөнүндөгү Карамык кыштагынын тушунан Алай кырка тоосунун Көк-Сууну батыш жагынан бөлгөн айрыгынын кыры менен өрөөнгө түшүп, Гулама суусун сол жагынан чектеген Чоң-Алай кырка тоосунун кыры менен чыгышты карай Кытай Эл Республикасынын чегине чейин жетет. Тажикстан менен Кыргызстандын чек ара сызыгынын узундугу 972 км (анын 330 км азыркы күнгө чейин тактала элек).

Кытай Эл Республикасы менен болгон чек ара Чоң-Алай кырка тоосунун чыгышындагы Эркечтам (5820 м) чокусунан Чыгыш Кызыл-Суунун өрөөнүнө түшүп, кайра Терек-Тоого көтөрүлөт. Андан ары табигый чек ара болгон Алай-Куу, Торугарт-Тоо, Какшаал-Тоо, “Боз-Кырдын” суу бөлгүч кыры менен бөлүнөт. Эң чыгыш жагын Меридиан кырка тоосу бөлүп турат. Эркечтам чокусунан Меридиан кырка тоосундагы “Узловая” чокусуна чейинки Кытай Эл Республикасы менен болгон чек ара сызыгы 1049 км. Ошентип Кыргызстандын аймагы Тянь-Шань тоо системасынын борбордук жана батыш бөлүгүн, Памир-Алай тоо системасынын түндүк бөлүгүн ээлейт [4].

Бүгүнкү күндө биз чек арабызды толук такташтырып албасак, анда биз көп жерлерибизди коңшу мамлекеттерге өткөрүп берүү коркунучу турат. Эл оозунда айтылып эле жүргөн Үзөңгү-Куушту, Каркыраны айтсак болот. Бийлик ачык эле ал жерлерди сатышкан. Мухаммед кыргыз өз жерин сактоого аракет кылышса, азыркы күндө бийлик ачык эле сатып жатышпайбы?

Эгер чек араны тактабаса, ал жерде жашаган элдерге эле кыйын болуп жатпайбы? Баткен облусундагы Лейлек районундагы Тажикстан менен чектешкен айылдардагы элдерге өтө эле кыйын болуп жатпайбы. Чоң жолдун бир жагы Тажикстан болсо, экинчи жагы Кыргызстан экен. Эгер кыргыздардын малдары Тажикстанга өтүп кетсе алар кайра чыгарышпайт экен. Тажик чек арачылары тез-тез эле Кыргызстандын аймагына кирип, паспортуңарду көрсөткүлө, үйүңөрдүн документи жок деп зордук көрсөтүп келишкен. Өткөн жылы эле Баткен районунун Ак-Татыр айыл аймагынын Үч-Дөбө айылындагы кыргыз-тажик чыры чыгып, андан 17 кыргыз жараны ар кандай жаракат алып, анын 3 ооруканага жаткырылган. Ал чыр кыргыз жараны өз коргонун дубал менен тосуусунан башталган [5]. Тажик тарап ал биздин жер деп талашкан, кантип эле кыргыз жашап турган жер Тажикстандыкы болуш керек. Биздин өкүмөт чек арага эч кандай даярдыгы жок жаңыдан армияга барган аскерлерди коюшат, алар кантип анан мыкты даярдыгы бар тажик армиясына туруштук берет эле. Мен бир эжени билем ал ар дайым Тажикстандан товар алып-келип сатат эле. Бир жолу ал ар дайымкыдай эле товар алганы Тажикстанга кирет, бирок анын ал жактан өлүгү чыккан [6]. Мындай окуялар аябай эле көп болгон, ошондон кийин Тажикстандын Исфара шаарына эч ким кире албай калышты. Бирок ар бир жуманын ишемби күнү Баткен шаарында базар болот, ошого тажик жарандары коркпостон келип, соодаларын кылып кетишет. Бул маселеге мен эч түшүнбөймүн, кантип эле биз ал жакка кирсек кордук көрүп чыгабыз, ал эми алар ээн-эркин кирип чыга беришет. Бул деген сөз биздин мамлекет кошуна же болбосо башка мамлекеттерге каршы сөз сүйлөп, өз укугун коргоого

мүмкүндүгү жок деген сөзбү? Өзбекстандын чек арасын карасаң, алар бийик кылышып атайын тосмолор менен тосуп салышкан, а биздики болсо бир мал барып жөлөнсө кулап түшө турган абалы бар. Өзбекстанга кирүү да өтө татаал, эгер ал жактагы тууганыңдыкына баргың, келсе, бир канча документтерди даярдашың керкек. Кыргызстандан коңшу мамлекеттерге өтө чоң көлөмдөгү суулар агып кирип турат. Эмне үчүн Кыргызстан ошол мүмкүнчүлүктөн пайдалана албайт. Бардык мамлекеттер чогуу эле көз карандысыздык алышкан, бирок эмнеге биз коңшу өлкөлөрдөн артта калып калдык. Биз азыр бул жерде ээн-эркин олтурабыз, ал эми чек арада жашаган мекендештерибиз бизди атып кетпесе экен деген коркунуч менен жашашат. Биз түнү менен кыялдарга батып уктап жатсак, алар укташпай түнүнүн тынч өтүүсүн кудайдан суранып олтурушат. Чоңдорубуз жерлерди гектарлап сатып жатышса, алар бир карыш жер башка өлкөгө өтүп кетпесин деп жашап келишет. Анан дагы бир маселе, ал жерде жашаган адамдардын ден соолугу, жаштардын билим алуусу өзүнчө бир түйшүк. Жаштардын билим алуучу орундары толугу менен заман талабына жооп берүүсү зарыл. Жакында эле Билим берүү жана илим министри Г. Кудайбердиева алыскы Лейлек ройонунан билим алганы тууралуу Фейзбук баракчасында ачык-айкын айтып жүрдү, ошондо ошондой шартты көрүп өскөн министр эмнеге ал жердеги билим берүү системасына көңүл бурбайт деген ой келет. Жетекчинин өзү мындай жоопкерчиликсиз болгон болсо, биз элден эч нерсе талап кыла албайбыз. Жыл айланбай кайрадан кыргыз-тажик чек арасында чыр чыгып олтурат. Менин жеке оюм, чыр чыккан учурдун өзүндө кандай гана маанилүү иш болсо да өлкө башчы жеринен барып элден кабар алуусу керек эле. Чек ара көйгөйүнүн чечилбей келе жатканына түздөн-түз мамлекеттик жетекчилер күнөөлүү. Башчыларыбыз иштеп келе жатабыз деп сөз менен гана айтып келе жатышат, иш жүзүндө эч кандай иш аткарылган жок. Элдин убалынан коркуу керек. Азыр элде акча бар. Каалаган убагында ал жерден көчүп кете алат. Эгер алар көчүп кетсе, ал жерлерге тажик элдеринин орун алышы айдан ачык эмеспи. Ал

эми азыркы учурда элдин жашап жаткан деңгээли көңүл жылытарлык эмес. Ошондой эле ал жердеги ызы-чууну, чыр-чатакты көрүп өскөн жаштардын эртеңки келечеги кандай болушу ыктымал. Алардын жүрөгүндө кандай окуялар сакталышы мүмкүн, аларда коомго болгон адамдарга болгон кандай сезимдер болот. Алар турмушта качанга чейин кыйын турмушту баштарынан өткөрүүлөрү керек? Качан алар коопсуз болушуп, түндө коркпостон укташат? Алардын мындай шартта жошоосуна ким күнөөлүү? Ошондуктан чек ара маселесин тез арада чеспесе болбойт деп ойлоймун.

Чек араны чечүүдө мен мындай сунушумду айтат элем:

1. Эң биринчи Кыргызстан армиясын күчтүү кылуу зарыл.
2. Чек араны кумурска да өтпөгөндөй кылып тосуу керек.
3. Такталбаган аймактарды бири-бири менен алмашуу аркылуу чечүү керек.
4. Бийликтин башкы максаты коопсуз шаарды куруу эмес, коопсуз мамлекетти куруу болуш керек.
5. Чек араны чечүүнү өлкө башчы өз колуна алуусу керек.
6. Эгерде кыргыз-тажик чек арасында чыр чыкса, дароо Кыргызстан тажик элдери үчүн чек араны жаап салышы керек.
7. Эгер өзбек-кыргыз чек арасында чыр чыкса, Өзбекстанга кирип кетип жаткан суулардын баарын тосуп салуу керек.

Чек ара маселесин чечүүдө өтө кылдаттык мамиле жасалышы керек. Анткени, анын залакасын карапайым эл тартып калышы толук ыктымал. Өткөн жылы эле Казакстан чек арасын жаап койду эле, эл канчалаган азаптарды көрдү. Чек араны чечүүдө тарыхка да бир кайрылып коюу керек. Бул маселе сиздин же менин сөзүм менен чечилип калбастыгы анык. Бирок менин жан-дүйнөм күйүп жатпайбы?! Кыргыздар тарыхта эч качан душмандан коркуп уктай албай калган эмес, тескерисинче, душмандарга уйку бербей коркутуп келишкен. Кыргызда жакшы сөз бар: “Максаттар – ниетке жараша” деп коёт. Биз да жакшы ниет кыла берели, бир күнү бул жүрөк

өйүткөн маселе да чечилип калар... Ошол күн келип мен бул макаламды тескерисинен жазууну каалаймын...

Адабияттар:

1. Мырзакматова А.С., Осмонов Ө.Ж., Молдокасымов К.С. “Кыргызстан тарыхы боюнча аңгемелер”. – Бишкек, 2004. 83-85-б.
2. Сыдыкова К. “Кыргыз тарыхы”. – Бишкек, 2007. 418-419-б.
3. bbc.com
1. wikpedia.org
2. youtube.com
3. Талаа материалдары:Абдырахманов Саттар 60 жашта, Баткен шаарынын тургуну.

УДК: 2.06.072 (575.2)

ДИН ЖАНА КААДА-САЛТ: ОКШОШТУКТАРЫНА ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫНА САРЕСЕП

Мулдалиева Адина, ОшМУ
Илимий жетекчиси – т.и.к., доцент Чыныкеева Г.Э., ОшМУ

Аннотация: *Макалада ата-бабабыздан калган каада-салттар, анын Ислам дини менен окшоштуктары жана айырмачылыктары, атап айтканда, “кыз узатуу”, “маркумду акыркы сапарга узатуу зыйнаты” сыяктуу салттардын кээ бир маселелери каралат. Ошондой эле азыркы күндөгү ысырапкорчулуктар жана ашыкча каада-салттардын оң жана терс жактары талдоого алынат.*

Ачкыч сөздөр: *дин, кыргыз, каада-салт, үрп-адат, эл, тарых, ысырапкерчилик.*

РЕЛИГИЯ И ТРАДИЦИИ: ОБЗОР ТОЖДЕСТВ И РАЗЛИЧИЙ

Мулдалиева Адина, ОшГУ
Научный руководитель – к.и.н., доцент Чыныкеева Г.Э., ОшГУ

Аннотация: *В данной статье рассматриваются некоторые проблемы о традициях кыргызов, их тождества и различие с Исламской религией, такие как, “кыз узатуу”, “маркумду акыркы сапарга узатуу зыйнаты”, которые остались от наших предков. А*

также, описываются излишние траты в традициях, анализируются положительные и отрицательные стороны на современном этапе.

Ключевые слова: *религия, кыргыз, традиция, обычаи, народ, история, излишние траты.*

RELIGION AND TRADITIONS: AN OVERVIEW OF IDENTITIES AND DIFFERENCES

Muldalieva Adina, OshSU
Research supervisor – c.h.s., docent G.E. Chunukeeva

Abstract: *This article discusses some problems about the traditions of the Kyrgyz people, their identities and differences with the Islamic religion, such as "kyz uzatuu", "markumu akyrki saparga uzatuu zyynaty" that remain from our ancestors. And also, excessive spending in traditions is described, positive and negative sides at the present stage are analyzed.*

Key words: *religion, Kyrgyz, tradition, customs, people, history, excess spending.*

Каада-салт ар бир элдин турмуш тиричилигиндеги ырым-жырым, адеп-ахлак, жөрөлгө, жол-жоболордун жыйындысы. Элдин улуттук салттары дин мурда эле түптөлүп, укумдан-тукумга уланып келе жатса да, элдин тарыхый турмушуна кабыл алган динине байланыштуу өзгөрүүлөргө, алымча-кошумчаларга учураган. Алсак, ислам дининин эли-жериңди, ата-энеңди, аялзатын сыйла, кайрымдуу бол, дүйнөгө таза келип, таза кет деген сыяктуу насааттары, элдик салттар менен өзөктөшүп турат. Дүйнөдө салтты колдонбогон эл жок. Улут башка, дин башка. Кээде улутубузду карманып, динди унутуп же динге берилип, улуттук баалуулуктарды четке какпастыгыбыз керек. Экөөсүн тең бирдей тең салмактуулук менен алып кетишибиз керек.

Учурда эң көйгөйлүү маселелердин бири – дин менен каада-салттардын окшоштуктары жана айырмачылыктары коомдо суроо-талаш жаратуусу. Ошондой эле дин менен каада-салт бири-бири менен каршы келип калган учурлар да кездешет. Мисалы, адам каза болгондо, кыргыз элинин салты боюнча жылкы союп, келген элге аш беришкен. Ал эми диний көз караш

боюнча ашыкча ысырап кылуу динде жок деп айтылат. Эми кайсыл көз караш туура деп ойлойсуз?

Кыргыз элинде “өлүк коюу” эмес, “сөөк коюу” деп айтылган. Көчмөн калк болгондуктан жолдо өлгөн адамдын сөөгүн этинен ажыратып, өз туулган жерине көмүшкөн. Өлгөн адамды сөөгү сөпөт болду деп коюшкан. Адам өлгөндө аза күтүлүп, кошок айтылган.

Негизи кыргыз элинде адам өлгөндө келген элге аш берүү – салт. Эгер аш бербесе өтө уят иш болгон. Кембагал адам бир малы болсо да, ошону союп, элге аш берген. Эгер маркумдун жакын адамы алыс сапарда болсо, аны күтүп маркумдун сөөгүн 3-4 күн сакташкан. Ага келип көз көрсөтүп, топурак салбаса, күнөө катары эсептелген.

Ислам талаптарына ылайык, адам дүйнөдөн кайтканда, денеси муздай электе жерге берилет жана өлүк чыккан үйдө мал союлбайт. Ушундан улам XVI кылымдын аалымы Мухаммед Хайдар жана XVII кылымда жашаган Махмуд ибн Вали кыргыздарды “кайырдиндер” деп белгилешсе керек. Ислам дини боюнча маркумду акыркы сапарга узатуу салтында маркумдун оозу ачылып калбас үчүн жаагын байлап, көзүн жумдуруп, бутун бириктирип, денесин тазалап жууп, ак кепинге ороп, болушунча тезирээк жерге беришкен. Ошондой эле элден маркумдун аласа-бересесин сурап, андан кийин жаназа намазын окушкан. Маркумду жерге бергенден кийин Куран окулган. 3 күнгө чейин маркум чыккан үй ээлерин жакындары, коңшулары тамак-аш менен камсыз кылып турган. 3 күнгө чейин ал үйдө казан асылбаган.

Бирок азыркы күндө ушул сыяктуу салттар өтө чоң ысырапкорчулукту жаратууда. Маркумду узатууда биздин облустарда гана эмес, кээде коңшу эки айылда ар башка ырым-жырымдар колдонулат. Эми маркумду узатууга кеткен чыгымдарды эң төмөнкү эсеп менен карап көрөлү:

1. Боз үйдүн ижарасы – 2000 сом
2. Бир жылкы (50 000 сом), 1-2 кой (10 000 сом)
3. Жаназа акысы – “көңүлдөн чыгарылган” сумма

4. Ашына бир чоң бодо мал (30000 сом), 2-3 кой (40 000 сом)
5. Эстеликке 5 000 сомдон жогору [1].

Мындан сырткары да айтылбай кеткендери бар. Демек, бир адамды жерге берүүдө 100 000 ден жогору акча кетет. Чынында эле азыркы учурда ысырапкорчулук өтө күч алууда. Бир эле маркумду жерге берүүдө эмес, тойлордо, маарекелерде да ушундай ысырапкорчулук кайталанууда. Эми элестетип көрүңүз, жакын адамын жоготуп, кайгырып, ыйлап олтурган адамга көңүл айтып эмес, жоолугун, калпагын көтөрүп келип, башына кийгизишет. Ошол кайгырып олтурган адамдын көңүлүнө ошол нерселер жагабы? Эми той болсо да мейли эле. Ушул сыяктуу адаттарды да жок кылуу керек деп эсептейбиз.

Каада-салтта заманга жараша өзгөрүп турат экен. Мисалы, той маселесине кайрылсак. Кыргызда калың берүү, сеп кылуу салты болгон. Калың качан пайда болгондугу жөнүндө бир кыйла сындагы далилдөө маалыматтар бар, ал кыздын үй-бүлөсүнө же атасына эмес, кыз таандык болгон бүтүндөй урукка төлөнгөн, кийинчерээк гана туушкандарынын кууш чөйрөсүнө, акыр аягында кыздын атасына гана төлөнгөн [2;153].

Этнографтардын айтымында кыргызда кыз ала качуу болгон эмес. Кызга жуучу жөнөтүп, сөйкө салып, кудалашып алып кетишкен. Жеңелери кыздын чачын өрүп, шөкүлө кийгизип, кошок айтышкан. Бул кечеде жаштар көңүл ачып, ар кандай ырлар, жар-жар ырдалган. Кыз үйүнөн узап жатканда бата беришип, энеси, чоң энеси кошок айтышкан. Кыз өз үйүнөн узагандан кийин той күйөө тарапта улантылган. Кайын энеси шөкүлөсүн алып, ак жоолук салып, көшөгөгө киргизишкен.

Ислам дини боюнча үй-бүлөсү кызга бата берип узатат. Той жигит тараптан гана өткөрүлөт. Ал эми кыз тараптан эч кандай той өткөрүлбөгөн. Дин боюнча эки жашка нике кыйылат.

Азыр кыз берип жаткан тарап дагы дүркүрөтө той берип кафе-ресторандарга өткөрүүнү салт кылып алышты. Муну айрым этнографтар туура

эмес деп эсептейт. Мындан сырткары, кызды ичине киргизип, эки жагына көшөгө сымал кездеме түшүрүлгөн түндүк көтөрүү акыркы убакта көп кездеше баштады. Этнографтар мындай жөрөлгө да кыргыз элине жат экени айтышса, той өткөрүп жаткандар “бул үйдөн кетип жатат” деген маанини туюндурарын түшүндүрүштү [4].

Азыркы күндө калың берүү же сеп кылуунун айынан, кудалардын бири-бирине карама-каршы болуп, бири-бири менен тойдон алдын эле чырдашып калганын байкоого болот. Эки жаштын тагдырын ошол нерсе чечип койчудай. Азыркы күндө көпчүлүк жаштар чет өлкөдө иштеп жүрүшөт. Ал жакта эмне иш болсо баарын жасап, акча табышат. Бирок ошончо жылдык мээнетин 2-3 күндүк тойдо эле жок кылышат. Көпчүлүк адамдар тойду атаандашуу жана аброй үчүн дүңгүрөтүп өткөрүшөт. Натыйжада ошол тойдон көптөгөн ысырапкорчулукту көрүүгө болот. Ысырапкорчулук – бул ар кандай материалдык ресурстарды, акчаны, убакытты, ден соолукту, акылсыздык менен коротуу. Булар өзүнө элдин көңүлүн бурдуруу, кадыр-баркка ээ болуу, колундагы байлыгын мактануу үчүн жасашат. Ал эми исламда ушул сыяктуу аша чабууларга чара көрүлөт. Үйлөнүү тойду эки жаштын ата-энелери, жакындары күбө болуп, кудайдан жакшы тилек сурап, ичкиликсиз, көңүлдүү, ысырапкорчулуксуз өткөрүү туура.

Негизинен ислам дини аша чапкан же адепке туура келбеген салттарды жокко чыгарып, тартиптейт. Бирок дин эч качан каада-салттардын баарын жокко чыгарбайт. Негизинен ислам динине кыргыз эли өз каалоосу менен кирбегенине, мажбурлоо менен кабыл алганына тарых күбө. Ал эми ислам дини пайда болгонго чейин кыргыздар теңирчилике ишенип, отко, сууга, асманга сыйынышкан. Жакшылап байкап көрсөк, бул нерселер ислам динин кабыл алсак да, азыркы күнгө чейин анча-мынча ырым-жырымдар сакталып жеткен. Мисалы, ай чалкалап калыптыр, жаанчыл болот. Бүгүн күн кызарып батты, эртен күн ысык болот. Жаңырган айды көрсө үч жолу жүгүнүп, учкан жылдыз көрсө ниет кылган. Бул нерселер ата-бабаларыбыздан калып,

каныбызга сиңип калган. Чынында, ислам динин кабыл алып, мусулман болсок да, беш убакыт парзды аткарып, дааватка чыккандар, куранды толук окуп, мусулмандык парзды аткаргандар аз. Байыркы кыргыздардын түшүнүгү боюнча кудай асманда болгон, ал жараткан нерселердин баары (суу, тоо, таш, ай, күн) ыйык. Ошондуктан бир эле учурда Теңирге да, ал жараткан нерселерге да сыйынышкан. Ал эми исламдагы эрежелер менен теңирчилик окшошуп кетет. Бүгүнкү күндө да эки нерсе: Ислам дини жана Теңирчилик кыргыздардын жашоосунда паралелль жашап келет.

Ислам дини – эң мыкты дин. Бирок азыркы күндө аны бурмалаган, ар кандай экстремисттик топтор көбөйдү. Экстремисттер, фундаменталисттер, согушчандар биздин динибиз чыныгы дин деп, биз кудайга берилгенбиз дешип, элди туура эмес жакка үгүттөп, динди туура эмес үйрөтүшөт. Исламда хиджаб кийүү парз деп айтылат. Бирок азыркы күндө ал жөн гана модага айланып калгандай... Хиджаб кийип жүргөндөр көп, ал эми ага ылайык өзүн алып жүргөндөр аз. Жоолук оронуп, ошону менен катар канча күнөө кылып жүрүшөт. Айта берсең көп эле. Эзелтен эле кыргыз элинин улуттук кийимдери ислам динине шайкеш келген. Кыргыз аялдары узун көйнөк кийип, кыздары шөкүлө кийсе, улуу аялдар элечек кийип жүрүшкөн. Ислам дининдегидей эле үй-бүлөдө эркек негизи ролду ойногон. Аялы күйөөсүнүн атынан чакырган эмес. Балдары ата-эненин сөзүнөн чыга албаган жана кыз бала 12-13 жашка чыккандан тартып, ал үчүн үйдө отуруусу бекитилген.

Дин менен этномаданият бири-бирине каршы келбейт. Тескерисинче, бири-бирин толуктап, байытып турат. Орто кылымдарда арабдар ислам динин жайылтуу максатында көпчүлүк аймактарды басып алган. Алар басып алган элдердин маданиятын кыйратпай, тескерисинче, өздөштүрүп, кайра жаңылап иштеп чыгышкан. Кыргыз салты менен исламдын эрежелерин кантип жуурулушканын «Манас » эпосунан байкасак болот. Эпосто Куран жөнүндө да айтылат:

Кудай жалгыз,Куран чын,

Ай-талаадан билгемин.

Кара динден ак болуп,

Ушинтип динге киргемин [2; 582].

Эпостун башталышынан аягына чейин ислам дини жана ата-бабаларыбыздын каада-салты, үрп-адаты жуурулушуп турат. Мындан улам ислам динин элибиз этномаданиятыбызга төп келгендиктен кабыл алганын билсек болот.

Жыйынтыктап айтканда:

Биринчиден, Ысырапкорчулукту токтотуубуз керек;

Экинчиден, Исламдын туура багытын талдай билишибиз керек;

Үчүнчүдөн, Улуттук баалуулуктарыбызды жана динибизди тең салмактуулукта алып кетишибиз керек деп эсептейбиз.

Адабияттар:

1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. «Кыргызстан-Сорос» фонду, – Б., 1999. 896-б.
2. Каралаев С. “Манас” эпосу. – Б., 2010. 184-б.
3. Kitepkana.kg
4. www.super.kg «Дин жана каада-салт»
5. https://sputnik.kg/society/20171128/1036553075/kyz-uzatuu-kaadasy-tuuraluu.html

УДК: 347.471.7

ИЛИМ-БИЛИМ ТҮШҮНҮГҮН СВЕТТИК ФИЛОСОФИЯ ЖАНА ИСЛАМ ДИНИНИН АЛКАГЫНДАГЫ МАҢЫЗЫ

Полотбек кызы Канайым, ОшМУ
Илимий жетекчиси – т.и.к., доцент Чыныкеева Г.Э., ОшМУ

Аннотация: *Макалада илим-билим түшүнүгүнүн маани-маңызы светтик философия жана ислам дининин алкагында нукура булактарга таянуу менен ачыкталат.*

Ачкыч сөздөр*: Илим-билим, ислам, коом, светтик философия, аныктама.*

ЗНАЧЕНИЕ КОНЦЕПЦИИ НАУКИ В СЕКРЕТНОЙ ФИЛОСОФИИ И ИСЛАМЕ

Полотбек кызы Канайым, ОшГУ
Научный руководитель – к.и.н., доцент Чыныкеева Г.Э., ОшГУ

Аннотация: *В этой статье говорится о важность и определение знаний в рамках ислама и светской философии.*

Ключевые слова*: знание и наука, ислам, общество, философия, определения.*

THE IMPORTANCE OF THE CONCEPT OF SCIENCE IN SECRET PHILOSOPHY AND ISLAM

Polotbek kyzy Kanaym, OshSU
Research supervisor – c.h.s., docent G.E. Chunukeeva, OshSU

Abstract: *In this article, it talks about the importance of knowledge within Islam and secular philosophy.*

Key words*: knowledge and scienc, Islam, society, piholosophy, definitions.*

Аң-сезимдүү ой-жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө жана нормалдуу логикалык дараметке ээ болгон ар бир адам өз позициясына жана жашоо принциптерине байланыштуу маалыматтардын так жана нукуралуулугуна тыкыр түрдө маани берүүгө тийиш. Себеби, принципиалдуулук жана жашоо позицияларлын калыптандыруунун башаты да дал ошол маалымат базасынан башталары

шексиз. Бул жеке эле бир адамга эмес, жалпы ар бир коомдук структурага тиешелүү десек болот. Дегеним, 86,3% калкы мусулман (1997) болгон бир мамлекетте жашаган кыргыз коомчулугу үчүн бул маселе ар дайым актуалдуу жана илимий парасаттуулук менен бирге диний маалыматтуулукту шарттоочу факторлордон.

Ошондой эле учурдагы айрым туура эмес стереотиптерден коомубуздун кээ бир катмары арыла электигинин айынан жоолукчан эже-сиңди, эжелерибиздин билим берүү мекемелеринде же жумушка орношуу учурунда бир катар тоскоолдуктарга учурап жатканы жашыруун эмес. Бул да болсо, жогоруда айтылгандай, илимий парасаттуулук жана диний маалыматтуулуктун төмөндүгүнөн келип чыгууда.

Жыйынтыктап айтканда, дегеле бул түшүнүккө аныктама берген бүгүнкү светтик философия жана ислам дининин алкагында илим-билим маселесинин теориялык мааниси кандай, илим-билимге кандай маани ыйгарылат, алардын айырмачылыктары эмнеде же булар бир эле түшүнүктүн ар башка таризде чагылдырылышы деген өңдүү суроолорго жооп изденүү жана мунун мүмкүн болгон туура жообунун демонстрацияланышы бүгүнкү күндүн кечиктирилгис талабына айланды.

Жогоруда айтылган илимий парасаттуулук жана диний маалыматтуулуктун төмөндүгүн (масштабдуу түрдө алганда) шарттаган бир нече себептер бар. Алардын бири катары маалымат булагына кайдыгерлик. Мисал катары кыргыз этнониминин тарыхта алгачкы жолу эскерилүүсүнүн буга чейин айтылып келген, б.з.ч., 201-жылдан да байыркылыгы мүмкүн экендиги тууралуу маселеге карата коомчулуктун реакциясын алсак болот. [1] Айтайын дегеним, артка кайтарууга мүмкүн эмес болгон кечээги же болуу, болбостугу бирдей ыктымал эртеңкиге караганда өткөндөн туура тажрыйба алып оңдонууга жана кийинкинин мыктылыгына кам көрүүгө мүмкүндүк ыйгарылган бүгүнкү күн адам үчүн маанилүү. Дегеним маалыматтын тарыхыйлуулугун тастыктоо үчүн нукура булакты талап кылган бир коом,

жашоосунун дээрлик ар бир тармагына түздөн-түз таасир эткен өзүнүн динин үйрөнүүдө да кез келген эле жердеги маалыматтарды алуу менен калыптандыруудан алыс болуусу дурус.

Бул маселени ачыктап, аңдап түшүнүүдө 3 пункт менен кароого болот:

1) Илим-билим түшүнүгүнө ыйгарылган маанилер, т.а., бүгүнкү светтик философия жана ислам дининин алкагында бул түшүнүккө берилген аныктамалар жаатында:

А) Билим таанып-билүүнүн жыйынтыгы. Билим – бул адамдын эс-тутуму менен маалыматтын кандайдыр бир материалдуу нерсесинде (китептерде, магниттик ленталарда, дискеталарда ж.б.) чагылган тааным процессинин *факт, түшүнүк, пикир, гипотеза, консепция, теория* формасындагы натыйжалары же билим – бул таанып-билүүнүн предмети жөнүндө алынган бардык информациялардын жыйындысы.

Илим – бул татаал, көп жактуу тарыхый-социалдык кубулуш. Ал конкреттүү билимдин системасын өз ичине камтуу менен өзүнүн формаларына ээ болгон рихий өндүрүштүн өзгөчө формасы жана спецификалык социалдык институт [2].

Ошондой эле билүү – объект тууралуу маалыматты иштеп чыгуу жана системалоодо кабыл алуу жана сактоо ишмердүүлүгү. Ал эми билим – билүүнүн жыйынтыгы [3].

Б) Илим-билим Алла Таала жараткан ааламдагы ар түрдүү заттардын үстүндө изилдөө жүргүзүүчү курал болгондуктан, жаратылыштагы акыл жеткис кереметтерди майда-чүйдөсүнө чейин укмуштай так эсептелген мыйзамдарды байкоонун аркасы менен жаратылышта чагылдырылган Алла Тааланын кудуретин, сыпаттарын баяндап берет. [10]

Жыйынтыктап алганда илим-билим бул – кайсыдыр бир объект тууралуу акыйкат маалыматтын адам аң-сезиминде чагылуусу десек болчудай. Себеби, Жердин гелиоборбордук системада экендигин Николай Коперник, Г.Галилей сыяктуу көптөгөн окумуштуулар аныктай электе, ал тургай

байыркы гректер дүйнөнү өз мифологиясына ылайык чоң жаныбарлар жана дөөлөр, жалгыз көздүү циклоптор (кикилоптор) жана зор Титандар Жердин (Геянын) жана Асмандын (Урандын) каардуу балдары ээлеп турат деген түшүнүктө жашап жатышканда да, бул маселенин акыйкаты бар болчу жана адамдар гана кабардар эмес эле. Же болбосо асман телолору астрономия илими менен бирге пайда болду деш таптакыр акылга сыйбайт. [4]

Эгер баам салып карай турган болсок, алгачкы илимдердин бири натурфилософия болуп эсептелсе, жердин пайда болушу, сустанция түшүнүгү, дегеле жашоонун башаты анын эң негизги суроолорунда камтылат.

Демек, адамзат өзүн, жашаган ааламын жана булардын алгачкы жаралуусунун маңызына дайым кызыктар жана анда акыл-эс жөндөмү бар болгондуктан булардын акыйкатын, билимин өздөштүрүүгө табигый муктаж. Буга далил катары жадагалса, б.з. чейинки доорлордо жашашкан адамдарда да фетишизм, тотемизм сыяктуу диний түшүнүктүн, диний сезимдердин болгондугун белгилесек болот.

2) Илим-билимдин исламдык көз караштагы маанилүүлүк жана керектүүлүк даражасы.

Динибизде билим алууга, илимге умтулууга өзгөчө көңүл бурулгандыгын Исламдын нукура булактары болуп саналган көптөгөн Куран аяттарынан жана ишенимдүү хадистерден көрүүгө болот.

“Оку! Жараткан Роббиңдин ысымы менен (оку)!” (Алак 1-аят) Бул Пайгамбарыбызга (ага Алланын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшүрүлгөн алгачкы аят. Акыл-эстүү адам бул аяттан көп нерсени түшүнө алат. Ислам дининин пайдубалы катары эң алгачкы берилген аян-кабар ушул аят менен башталган. Аятты толук бойдон тасфирлеп, чечмелебегенде да, андан билим алуунун орду жогору экендигин баамдасак болот. [6]

Ошондой эле Кураны Керимде: “Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?” (Зумар 9), чиркейден төөгө, деңиздерден күнгө жана жылдыздарга мусулмандардын көңүлүн буруп, жүздөгөн аяттардын акырында

“ойлонбойсуңарбы?”, “ой жүгүртпөйсүңөрбү?”,-деген сыяктуу айтуулар менен адамдарды ой-жүгүртүүгө багыттаган.

Башка дагы ага окшогон аяттарда “жер жүзүн айланыңыз, түрдүү элдердин акыбетин көрүңүз”-деп айтылат. Ошондуктан мусулмандар үчүн аалам бир китеп жана аны окуу менен көз караш, жашоо позициясында да акыры акыйкатка жетери талашсыз [7].

Куранда: “Чындыгында Алладан кулдарынын ичинен чыныгы аалымдар (илимдүүлөр) гана коркот...” (Фатир 28) - деп айтылган, Алланын улуулугу менен кудуретин түшүнүү үчүн илим керек. Бул себептен улам макро жана микро дүйнөлөрдүн кылдат сырларын изилдеген илимпоздордун эч бир динге ишенимсиз эмес. Тескерисинче, алар алектенген илим майдандарынан акылды айран калтырган мыйзамдарды көрүшүп ал мыйзамдардын ээси Жараткан Алланын бар экендигин жана анын кудуретин жөнөкөй адамдарга караганда жетик билет.

А.Энштейн бул темада мындай дейт: “Ааламдын жаратуучусу тамаша кылбайт. Биз акылыбыздын жетишинче бул дүйнөнүн ырааттуулугуна жана тең салмактуулугуна таң калабыз. Табиятты изилдеген ар бир адам динди урматтайт деп айта алам. Анткени ал Алла Тааланын кудуретин түшүнөт. Ушундан улам терең ыйманга ээ болбогон чыныгы окумуштуунун бар экенине ишенбеймин. Муну төмөнкүчө түшүндүрсөк болот: Кудайдын бар экендигин билдирбеген илимдин болушу мүмкүн эмес. Илимсиз дин сокур, динсиз илим болсо аксак” [8].

Бардык аяттардын алгачкы дидарлашы жана аны жакшы түшүнгөн Азирети Пайгамбар согушта колго түшкөн туткундардан кимиси мусулмандардын балдарына окуу-жазууну үйрөтсө ага боштондук берген. [9]

Ошондой эле Пайгамбарыбыздын: “Билим алуу ар бир мусулман эркек жана аялга бирдей фарз” (Имам Муслим), “Ибадаттын артыкчылыгына караганда билимдин артыкчылыгы жогору турат (Ал-Бизаар)”, “Аз гана илим – көп ибадаттан жакшы” (Ат-Табарани), “Эрте менен барып Алланын

Китебинен бир аят билим алууң – жүз ирекет напил намаз окуганыңдан жакшыраак” (Ибн Маажа) деген хадистеринен билимдин даражасын айырмалап билсек болот.

Дал ушуга окшогон Куран аяттары, ишенимдүү хадистер өтө көп жана динибиз илим-билимдин өзгөчө ордун тастыктоо менен бирге ар бир мусулманга жекече милдет катары жүктөйт.

3. Ислам дининин заманбап илим-билим менен шайкештиги

Илим-билим канчалык өнүгүп-өскөн сайын диний ишеним ошончолук артка чегинип, алсырай берет деп бир кездерде божомол жасагандар чоң жаңылыштык кетиришкендигин учурда моюндарына алышууда. Ушул учурда күбө болуп жатканыбыздай, илим-билим өнүккөн сайын, улам жаңы ачылыштар болгон сайын акыл-эси тунук адамдарды диний баалуулуктар ого жакындатып, Алла Тааланын улуулугун ансайын айкын далилдер менен көрсөтүп бергени, ого бетер көп адамдарды ыйманга келтирип жатканы чындык. Башкача айтканда, ааламга жайгаштырылган кемчиликсиз эрежелердин керемет системасы илим өнүккөн сайын даана айгиненүүдө жана мындай системаны орнотуп, жүргүзүп турган Алла Тааланын бардыгына эң күчтүү далил, майтарылгыс күбө болуп берүүдө.

Буга далил фактылардын кээ бирин айтып кетсек болот.

1. Дүйнөгө белгилүү франциялык деңиз изилдөөчүсү Жак Ив Кусто 1962-жылы германиялык окумуштуулар тарабынан Аден булуңу менен Кызыл деңиздин суусу кошулган Бабул-Мандаб өткөөлүндө Инд океаны менен Кызыл деңиздин суулары кошулбай тургандыгы аныкталган соң, Жер ортолук деңизи жана Атлантика океанынын бири-бирине аралашып, аралашпай тургандыгын тактагысы келген.

Изилдөөнүн жыйынтыгында миңдеген жылдардан бери Гибралтар кысыгынан бирдей агып өткөн бул эки суунун да бири-бирине аралашпай тургандыгы тастыкталган. Бирок мындан да таң калычтуусу дал ушул маалыматтын мындан XIV к. мурда түшүрүлгөн Курандын Фуркан сүрөсү 53

жана Рахман сүрөсү 20- аяттарында кездешүүсү болгон. Албетте, бул окуядан кийин Капитан Кусто Ислам динин кабыл алган [1;1].

“... (Алла) эки деңизди катар койду: бири тузсуз таза суу, экинчиси – туздуу, ачуу; алардын ортосуна тосмо жана көрүнбөс парда тартып койгон.” (Фуркан 53)

2. Нобель сыйлыгынын лауреаты, Торонто университетинин профессору Кейт Леон Мур акыркы технологиялык жетишкендиктердин натыйжасында болуп адамдын эненин курсагындагы эмбриологиялык статьясы тууралуу дүйнөдө биринчилерден болуп изилдеп чыгуусу дагы дал ушундай көрүнүш менен аяктап, натыйжада ал да динге кирди [12]. Себеби бул жөнүндө да Куран аяттарында ***“...албетте, биз силерди топурактан, анан бир тамчыдан, анан уюган кандан, түспөлдүү-түспөлсүз бир үзүм эттен өзүңөргө (кудуретибизди) билдирүү үчүн жараттык”(*****Хаж 5-аят*****)***

“Андан соң тамчыдан уюган кан жараттык, уюган кандан бир үзүм этти (жасап), бир үзүм эттен сөөк жасадык да, сөөктү эт менен каптадык. Андан соң биз аны башка бир жаратылышта өстүрдүк. Жаратуучулардын эң мыктысы Аллах улук болду!”**(Муминун 14) -** деп келет.

3. Хадид сүрөсүнүн 25-аятында ***“...Ошондой эле Биз темирди түшүрдүк. Анда адамдар үчүн мыкты күч жана пайда бар. Аллах ким Ага жана Анын элчисине жардам бергендерди кайыптан билүү үчүн... (ушинтти). Чындыгында – Аллах Күчтүү жана ЫЗааттуу” -*** деп келет.

Ал эми темирдин пайда болуусу үчүн Күндүн 6000°С сырткы жылуулугу, 15 млн. градустук ядролук ысыктыгы да аздык кылат. Демек, анын Жерде пайда болуусу эч мүмкүн эмес. Мындай температурадагы ысыкка ээ болгон Күндөн да чоң “нова” же “супернова” жылдыздары бар. Бул жылдыздардагы темирдин өлчөмү белгилүү бир чекти ашкандан кийин жылдыз темирди кармай албай чачырап кетет. Натыйжада темир космоско чачырайт. Демек, темир аятта айткандай чоң жылдыздардын жарылуусунан улам жерге түшүрүлгөн. XX–XXI кылымдын астрономиясы араң изилдеп

ачкан бир ачылыштын илим-техника өнүгө элек доордо Куранда жазылып калуусу ар бир акылды таң калтырат [13].

4. 1916-жылы Альберт Энштейн өз теориясында Ааламдын кеңейүүгө же кысылып кичирейүүгө тийиш экендигин жазып чыгат. Кийинчерээк 1929-жылы америкалык белгилүү астроном Эдвин Хаббл тарабынан ааламдын чынында эле кеңейүүсү аныкталган.

Зарият сүрөсү 45-аятта ***“Биз Асманды өзүбүздүн кубатыбыз менен көтөрдүк (бүткүл аалам мейкиндиги, галактикалар, жылдыздар, планеталар ж.б.) жана Биз аны кеңейтүүчүбүз”***.

Учурдагы заманбап технологиялардын натыйжасында жетишкен илимий изилдөөлөрдүн XIV к. эзелки ислам дининин нукура булагында кездешүүсү, албетте, кокусунан эмес жана мындай жагдайга таң калуунун эч кажети жок. Жогоруда Альберт Энштейн да тастыктагандай, Улуу Жараткандын бардыгын, теңдешсиз күч-кудуретин жокко чыгаруу же буга ынанбоо керемет системалуу аалам мыйзамдарын, илимди жокко чыгарганга барабар болмок. Ал эми бул мыйзамдуулуктар жокко чыгарылган күндө илим-билим тууралуу кеп кылуу мүмкүн эмес.

Жалпылап айтканда, дин жана илим-билимдин ортосунда эч кандай карама-каршылык же айры түшүнүк жок. Тескерисинче, булар бир эле чындыктын эки жүзү сыяктуу. Дин адамды туура жолго салат, ары бактылуулуктун жолуна баштайт. Ал эми максат, марасы аныкталган нукура илим-билим болсо, ошол жолдо бараткан адамдын алдына жарык берген шам-чырак сыяктуу.

Азыркы учурда деле илим менен дин - жаратылыштын, ааламдын терең сыр сандыктарын ачкан кош ачкыч, табышмактар дүйнөсүнүн жандырмагын таамай тапчу жолду көрсөткөн көмөктөш жол чырактар бойдон калууда. Бул экөөнүн биринчиси ааламдагы бардык нерселердин жаратылуу абалын, материалдык жактан ички катыштары менен сырларын так баяндап берсе, дагы бирөө алардын жаратылуу себебин жана максатын түшүндүрүүдө. Бул

өңүттөн алып караганда экөөнүн ортосунда кайчы пикир деген абал таптакыр эле жок. Тескерисинче, экөө бири-бирин кубаттап, тастыктап жана алга сүрөп барат.

Адабияттар:

1. /https://www.azattyk.org/a/ancient_kyrgyz_history_row_and_sultan_raev_assumption_blog_ky/29193740.html
2. Г.А. Токоева, Г.У. Аматова. Философия боюнча лекциялар курсу (онтология, гносеология): – Ош: 2017. 97-111-б.
3. П.В. Алексеев, А.В.Панин. Философия. Учебник. Издание третье, Переработтанное и дополненное. – М.; “ПРОСПЕКТ”., 2000.53-б.
4. Байыркы Греция: Балдар энсклопедиясы/ Түз. А.Орозова; Которгон Бектурова; Кут аалам. 2017. 32-б.
5. Юсупов Табият таануунун консепциялары
6. А. Нарматов. Адам адеби. – Б.2017. ISBN 978-5-904456-31-4 143-б.
7. Мехмет Байрактар. Илимде из калтырган мусулман илимпоздор. Которгон: Тимур Козукулов. – Бишкек. 201-611-б.
8. Осман Нури Топбаш Куран жана сүннөт боюнча. ИСЛАМ ЫЙМАН ИБАДАТ. – Б; 2015. 50-б.
9. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз МУХАММЕД саллаллаху алейхи васалламдын өмүр баяны / түз: А. Осмон уулу. – Б.; 2016
10. Ислам негиздери. Даярдаган: Алмамбет Осмон уулу. – Б.2016. 28-б.
11. https://islamnews.ru/news-evrejskij-uchenyj-prinyal-islam-izuchiv-koran/
12. http://ummamag.kg/kg/articles/interesting/2519_temir_zher_astynan_chyksa_anda_emne_uchun_kuranda_any_tushurduk_degen
13. Ахмед Хамди Аксеки. ИСЛАМ ДИНИ Ишеним, ибадат, ахлак Басылышы – 2017. 21-бет

УДК: 392.51(575).

ӨЗГӨЧӨЛӨНҮП САКТАЛЫП КАЛГАН ТАМАК-АШТАРДЫН БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ ОРДУ

Сапарали кызы Бурабия, магистрант, ОшМУ
Илимий жетекчиси – т.и.к. доцент Осмонова С. К., ОшМУ

Аннотация: *Бул макалада талаа материалдарынын жана булактардын негизинде Кыргызстандын түштүгүндө жашаган кыргыздардын салттуу тамак –ашы изилденген.*

Ачкыч сөздөр: *Эл, ритуал, маданият, каада-салт, ырым, тамак-аш.*

РОЛЬ И МЕСТО НА СЕГОДНЯШНИЙ ДЕНЬ ОБОСОБЛЕННО СОХРАНИВШИХСЯ БЛЮД

Сапарали кызы Бурабия, магистрант, ОшГУ
Научный руководитель – к.и.н. доцент Осмонова С. К., ОшГУ

Аннотация: *В данной статья на основе полевых материалов и источников были исследованы традиционная пища кыргызовпроживаюших на юге Кыргызстана.*

Ключевые слова: *люди, обряд, церемония, ритуал, традиция, культура, пища.*

ROLE AND PLACE TO DATE OF SEPARATELY PRESERVED DISHES

Saparali kyzy B., master, OshSU
Research supervisor – c.h.s., docent S.K. Osmonova, OshSU

Abstract: *This article is based on field data and sources were examined traditional food accommodated Kyrgyz in southern of Kyrgyzstan.*

Key words: *people, rituals, ceremony, ritual, tradition, culture, food.*

Чоң-Алайлык кыргыздарда дыйканчылыктын мурдагыга салыштырып караганда бир аз тараганына карабастан, XIX кылымдын үчүнчү чейрегине чейин алып карасак, алардын тамак-ашы салыштырмалуу дээрлик мал чарбачылыгынан үстөмдүк кылып турган. Алар төмөндөгүдөй жол менен анализденип, аныкталган: аларда сүт азыктары жана эт басымдуулук кылгандыгы маалым. Кыргызстандын Орусиянын составына кошулганынан кийин көп өтпөй эле кыргыздардын социалдык турмушунда жана чарбачылык

укладында өзгөрүүлөр көп болуп, алардын тамак-ашында **дан** азыгынын үлүшү көбөйүшүнө жана колдонулушунун көп болушуна алып келген. Андан кийинки мезгилде калктын көпчүлүгүнүн күнүмдүк турмуштук тамак-ашынын негизги түрлөрү сүт, өсүмдүк азыктары жана анча-мынча гана эт азыктары болуп калган, б.а., эт азыгын колдонуу мурункуга салыштырганда бир аз азайган. Байкоочулардын маалыматына караганда, кыргыздардын көпчүлүгү үчүн эт өтө бардарлыктын белгиси жана өтө бай адамдардын гана күндөлүк жеп турган тамак-ашы болуп калганын, ал эми жардылары эптеп эле курсак тойгузуп жан багышкандыгын мурда эле жөндүү белгилешкен.

Биз жогоруда айткандай эле чоң-алайлык кыргыздардын жашоосунда да бул учурда чоң өзгөрүүлөр болуп, калктын дээрлик көпчүлүгүнүн социалдык турмушу жакшы эмес болгон. Анткени ал убакта базар деген түшүнүк жок болуп, товар алмашуу натуралык түрдө гана болуп турган да, кээ бир алыскы тоо койнуна жакын жайгашкан айылдарга азык түгөл жеткен эмес. Мында калк аман калуу жана жан багуу максатында өсүмдүк азыктарынан тамактарды жасап жешкен. Алсак:

Гың атала. Гың – чүкүрүгө окшогон тоодо өсүүчү өсүмдүк. Аны жерден казып алып, тамырын кургатып алып, андан соң сокого салып жанчып, майда кылып майдалаган. Ал ун сымал болуп калган. Аны сууга салып кайнатышкан. Андан коюу тамак сымал пайда болгон да анан аны ичишкен. Дарылык касиети күчтүү болуп, ачарчылык мезгилде элдин курсак тойгозуучу тамагы болгон. Ушул тамак менен көп убакытка чейин ачарчылыкка туруштук беришкен жана арыкчылык болгон сары жаздан чыгып алышкан. Андан сыркары дагы миңгак тамагы болгон.

Миңгак тамагы. Миңгак – өсүмдүктүн бир түрү. Тоодон теришкен чүкүрү сымал болуп, аны да терип келишип сүткө кошуп кайнаткан. Мында коюу ширин тамак сымал даярдалган жана да аны жан сактоо максатында ичишкен. Өзгөчө согуш жана андан кийинки мезгилдерде элдин башына каран түн түшкөн. Мына ушундай оор шарттан чыгуу жана жанды сактап калуу

максатында өсүмдүк жана алардын тамырларын кайнатып ичишип жан сакташкан. Мындай процесс бир гана чоң-алайлык кыргыздардын жашоосунда гана эмес башка аймактарда да болгон. Мисалы, Баткен, Ош облусунун кээ бир райондорунда ж.б. кийинчерээк согуш аяктаган соң гана элдин турмушу бир аз да болсо жакшыра баштаган. Алсак сүт, эт, ун жана жемиш түрлөрү ж.б. колдонула баштаган.

Кыргыздын улуттук дасторкону аны түзүүчү тамак-аштарынын түрлөрү боюнча кыйла бай. Бирок ушундай болсо да калктын негизги массасынын тамактанышы өтө жардылыгы жана бир түрдүүлүгү менен айырмаланган. В. И. Кушелевский «жарды кыргыздар жарым ачкачылыкта, жүгөрү жарма же сууга эзилген курутту ичип күн көрүшөт». Булардан тышкары талкан, сүт же айран катыкталган көжө (көчө) көп колдонулган. Сейрек учурда шорпо жасашкан. Тамак катары таруу боткону да жешкен [15;100].

Жогоруда айтылгандай мындай жараян чоң-алайлык кыргыздардын жашоосунда кеңири таралган. Чарбасынын көпчүлүгүн мал чарбасы түзгөндүктөн, сүт азыктарына өзгөчө маани берилген. Көпчүлүк учурда тоюу максатында да, суусунду кандыруу максатында да сууга эзилген курутту күнүмдүк жашоосунда кеңири колдонушкан. Андан сырткары азыркы күндө да сакталып калган сүт азыгынан жасалган суусундук же тамактарга маани берсек, аларды башка жерлерден кезиктирүү кээде кыйын жана мындай методдо жасалган сүт азыктарынан алынган тамак жана суусундуктар айыл жерлеринде гана сакталып калган. Алсак, алардын бири “док” - деп аталат.

Док – бул убакка чейин “ток” деп аталып, ток тутат, адамды ток кармайт, көп убакка чейин курсак ачырбагандыктан, “ток” деген аталышта жүрүп, кийинчерээк кандайдыр бир себептерден улам “док” аталышка ээ болгон коюу сүт азыгынан жасалган суусундук. Мында уйдун, эчкинин сүтүн, кээде койдун сүтүн бышырып, айран уютуп, уюган айранды чукур жыгач челекке куюп, чакчоо тартышкан. Чакчоо бул жыгачтан жасалган буюм. Ал үч бөлүктөн турат. Биринчиси – жыгач сөңгөктөн турган баш жагы кошуу сымал

ашташкан оор жыгачтан жасалган бирикме, экинчиси-чүлүктөн (эки шакекче) жана үчүнчүсү – кайыш жиптен (өгүздүн терисинен жасалат, анткени бышык болуп, тез үзүлүп кетпеген) турат. Чакчоо арча жана кайыңдан жасалат. Анткени бул жыгачтар бышык келип, тез эле сынып же жарака пайда болгон эмес. Эми доктун жасалуу ыкмасына келсек, алгач уюган айрандын табында (жылуу мезгилинде) 20, 30 минута чакчоо тартып, майы түшкөн. Айрандан майы ажыраган. Алган майды таза сууга чайкап ийлеп, маска май (таза май) алышкан. Ал эми майынан арылган айран чакчоонун тартылган себебинен бышып, даамдуу жана жагымдуу жытка ээ болот. Мындай док (суусундук) адамга күч берип, суусунун кандырып, ички органдарды тазалаган. Ал ден соолукка пайдалуу, адамдын табитин тез калтырбаган, кайра ичкисин келтирген өзгөчө даамданган суусундук. Аны алыстан келген жолоочуларга, алыска мергенчиликке чыккандарга беришкен жана үйдө дайым ичилип турган. Ал эми докту атайын баштыкчага салып, суусу сарыгып сүзмө болгондо, ага толто (чөбөгө) кошуп кайнатышып, курут жасашкан. Доктон жасалган курутту азыркы учурда кездештирүү өтө кыйын. Анткени аны жасоо көп убакытты жана күчтү сарп кылат. Ошол себептен көп эмгектеништен качышат. Бирок өз маанисин жогото элек. Себеби кээ бир айыл-кыштактарда (Шибээ, Жекенди, Чулук, Кара-Мык) **док курутту** атайлап жасап жешет. Андан сырткары ушул сыяктуу суусундуктардан док кайнакты да карап өтсөк болот.

Док кайнак – (кайнак, ысык, жылуу) алынган докту казанга куюп көпкө чейин кайнатып, коюланганда ичишкен. Бул суусундук тамак өзгөчө даамга ээ болуп, ичкен адамдын кайра ичкисин келтирген. Бул тамак азыркы учурда көп жасалбай унутта калып бара жаткан тамактардын катарына кошулат. Анткени бүгүнкү күндө тамак-аштын кеңири болушу жана суусундуктардын түрлөрүнүн (базар шартында: улуттук эмес суусундуктар, кока кола, спрайт, фанта ж.б.) көбөйүшү себеп болгон.

Сүттөн жана сүт азыктарынан айран, кымыздан тышкары курут даярдашат: аны кышкысын кургатылган же майдаланган жана жылуу сууга эзген түрүндө колдонушат, сүзмө даярдашат, айрандан жайкысын суусундук катары чалап жасап суусунга ичишет, быштак же пышлак жасашат (көбүнчө түштүктүк кыргыздарда даярдалат жана жасалганынан алгачкы бир нече күндөн кийин тамак-аш катары колдонушат), эжигей кайнатып алышат, сары май, каймак ж.б. даярдашат. Май даярдоо ыктарында айырма бар экенин айта кетүү керек. Айтсак, түштүктө тараган - жыгач же металлдан жасалган май чалгыч (куу же гуу) Түндүк Кыргызстанда кеңири колдонулбайт [15;101].

Жогоруда айтылгандай эле өзгөчө чон-алайлык кыргыздарда каймакты сызгырып (көп убакка чейин кайнатуу), андан сары май алынып, сары майдын түбүнө толтосу (чөбөгө) чөккөн. Ал эми май алуу ыкмасынан айырмаланып өзгөчө гүптү колдонушкан.

Гүп - Бийиктиги бир метрдей болгон жыгач челек (чака) жана оор таякча болгон бишкектен турган. Ал кайыңдан жасалган. Алгач жыгач гүпкө бышырылган сүттү куюп, бишкек менен чалган (уруп аралаштыруу). Болжол менен бир сааттай чалынган соң, каймагы менен сүтү ажыраган. Каймагын башка идишке бөлүп алып, аны сууга чайкап ийлеп, сүтүнөн тазалап, маска май (таза май) алышкан. Ал эми майынан ажыраган сүткө айран уютку салып, уютуп коюп, айран кылып ичишкен. Мындай ыкма мурунку кезде, техника жок мезгилде (сүт машине), күндө колдонулган жана биздин ата-баба, чоң энелерибиздин ден соолугу чың болуп, бакубат, көп өмүр сүрүшкөн.

Айран − сүттөн уютулуп жасалып, колдонулуп келген кыргыздын эзелтеден келе жаткан тамагы. Бышырган жылуу сүттү уютуш үчүн ага алгач уютку (айран) салып, идиштин бетин жылуулап кандайдыр бир жабынчык менен жаап, жылуулап ороп, жарым күндөй кээде 4 саат (аба ырайынын шартына, абанын даражасына ылайык 6-8 саат) коюшат. Айран байыртадан көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенген элдердин негизги тамагы болуп эсептелген. Бул тууралуу жазма маалыматтарда да чагылдырылат. Андан

сүзмө алынып, ал эми сүзмөдөн курутту жасашкан. Айран сорпого кошулса - ак серке жана ала дөң, сууга кошулса - чалап, талкан кошулса аш айран деп аталары маалым [9;17].

Булардын баары азыр калктын күнүмдүк турмушунда кеңири колдонулат жана жайкысын элдин айрым бир бөлүгү жайлоологону (тоо койнуна эрте жазда мал-мүлкүн, боз үйүн алып, кеч күзгө чейин ошол жакта отурукташуусу) жайлоого чыгып, бул азыктар байма-бай күнүмдүк жашоодо пайдаланылат жана Кыргызстандын бардык аймагында айранды колдонуп келишет.

Кыргыздардын, өзгөчө чоң-алайлык кыргыздарда сүттөн азык-түлүк жасоонун жолу сыяктуу материалды алууга болот. Бул жагынан алганда Ф.А. Фиельструптун эмгегинде даана баяндалган жана камтылган маалыматтардын баалуу жыйындысы чоң көңүл бурууга татыктуу. Ал Г.Н. Потаниндин эмгектерин карап көрүп, классификациясын кабыл алган, бул классификациясына ылайык, чоң-алайлык кыргыздарга жана кыргыздар үчүн башка түрк элдеринин көпчүлүгү сыяктуу эле, кайнак сүттөн айран уютуу мүнөздүү. Анткен менен Ф.А. Фиельструп дал ушул кыргыздарда сейрек көрүнүш катары чийки сүттөн да айран уютуунун моңголдук жолу сакталып калгандыгын, андай айран бөтөнчө ысык күндөрдө уютулаарын белгилейт. Албетте, мындай көрүнүш жай мезгилинде, б.а., жайлоо мезгилинде чоң- алайлык кыргыздарда колдонулуп келет. Ф.А.Фиельструптун маалыматтары боюнча кыргыздарда моңголдордогудай эле каймактан май сызгырып алуу ыгы бар жана ал биздин күндө “сары май” деп аташат. Мындай азык азыркы учурда Туштук Кыргызстандын коп аймагында колдонулуп, ал гана эмес базар шартында да сатыкка чыгып, өзүнүн даамдуулугу, түсү жана пайдалуулугу менен сары май кыргыздын нукура жашоосунда өз ордун тапкан. Анан калса ал көп убакка чейин сакталгандыгы менен башка тамактардан айырмаланып турат.

Сүт азык-түлүктөрүнүн бир катарын даярдоо мисалынан кыргыздардан түштүк алтайлыктар, тувалар, моңголдор менен маданий жактан жалпылык бөтөнчө таасын көрүнүп турат. Айтсак, кайнак сүттөн сыр жана быштак (алтайча – пыштак, моңголчо – бислаг) бул элдер үчүн жалпы нерсе болуп саналат. Аларды даярдоонун жолдору майда-чүйдөсүнөн гана айырмаланат. Ошол эле убакта, кыргыздарда сүт азык-түлүктөрүн даярдоонун негизги ыкмалары түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин көпчүлүгүндөй эле [15;106].

Жогоруда айтылгандай эле бизде дагы сүттү көп убакка чейин кайнатканда ал ирип, б.а., сары суусу жана сүтү ажырап коюу тамак алынган. Аны идишке куюп, көк суусун башка жакка бөлүп алып, калган ириген сүтүн бир-эки күнгө көлөкө жерге коюп коюшкан дагы, катыганда аны азык катары жешкен. Бул азык быштак (сыр) деп аталган.

Адаттагы көмкөрмө токоч же көмөч нан менен катар эле Түштүк Кыргызстандын аймагында дагы жана Талас өрөөнүнүн айрым бир бөлүгүндө тандыр (ал Түндүк Кыргызстанда, көбүнчө Көл кылаасынын аймагында тараган жана анын формасы бир аз башкачараак болот) нан менен бирге, азыркы кездеги ыкма менен бышырылган нан да колдонулат [15;101].

Бул ыкма өзгөчө чоң-алайлык кыргыздарда да колдонулган жана азыркы күндө дагы сейрек кездешет. **Көмөч –** ундан жасалып, ага сүт жана камыр көптүргү салышып катуу ийлешип, көпкөн камырды алып, андан калың нан жасап алып, аны койдун корголун жагып, чок түшүрүп алып, чокко көмгөн жана андан даамдуу көмөч бышып даяр болгон. Дагы башкача ыкмасына таянсак, анда алгач тандырга нан бышырып болгон соң, тандыр ортосундагы чокту ача салып, көмөчтү калың идишке салып, чоктун ортосуна коюп, тандырдын оозун бекем жаап коюшкан. Мында да көмөч даамдуу болуп бышкан. Андан сырткары дагы казанга нан жабышкан. Аны “казан нан” деп аташкан. Ал азыркы учурда дагы жайында жайлоолоп чыгышканда жасашат жана аны дагы өзгөчө ат менен “жайлоо нан” деп да атап коюшат.

Кийинчерээк гана тандыр болгондо калктын көпчүлүк бөлүгү тандыр нанга басым жасап, жана азыркы күндө айыл жеринде жашаган калктын көпчүлүгү тандыр нан жешет.

Үзмө атала – камырга суу кошуп ийлеп, нургуч менен жайып, бычак тийгизбей үзүп-үзүп сууга салып кайнатып бышырышкан.Үзмө аталаны көбүнчө ооруган адамдарга беришкен. Себеби бычак тийбеген ун аталалары кандайдыр бир касиетке ээ болуп, оорулууну тез айыгышына көмөкчү болгон. Мындай үзмө атала азыркы учурда дагы жасалат (Шибээ, Чулук, Жекенди ж.б. айылдарында) жана аз убакытты талап кылган азыктардын бири десек жаңылышпайбыз.

Куур атала – аты атап тургандай эле бул тамак куурулуп жасалган. Алгач казанга сары май салып эритип алып, ага ундан салып кызаргыча аралаштырып кууруп алат. Куурулган унга сүттөн кошуп кайнаткан. Алынган коюу куур аталаны бир аз муздатып туруп, андан соң ичишкен. Бул тамактын түрүн жасоодо тамак азыктары жана убакытты аз талап кылгандыктан аны күндө жасап жешкен. Ток туткан жана анын даамы эч адамдын көөнүн калтырган эмес.

Ууз аш – аталып тургандай эле бул тамак ууздан кошулуп жасалат. Бул тамак көбүнчө эрте жазда жасалган. Анткени бул учурда малдар төлдөгөн учур болот. Кыштан чыккан соң, көп мал төлдөп, айран, сүт мол болгон убак. Ушул учурда жаңы тууган уйдун биринчи саамынан ууз алышкан, б.а., биринчи саанда алынган коюу сүттү кайнатып, ууз жасашкан.Унду майга кууруп, кайнатып алган соң, ага уузду катыкташкан (аралаштырган). Бул тамак өзгөчө даамга ээ болуп, көбүнчө жаш балдардын сүйгүнчүк тамагы болгон.

Умач аш – алгач умач сөзүно токтолуп өтсөк. Умач кандайдыр бир тамакты кол менен аралаштырып, бекем мыжыгып бириктирип, кармоого ыңгайлуу болгон ыкма. Бул тамак түрүн жасоодо алгач унга суу, туз кошуп умачтап, аны бышырбай туруп, күнгө кургатышкан. Күндө туруп кургаган умачты казанга салып майга кууруп, кадимкидей эт, куйрук (буйрак) салып аш

сыяктуу дымдашкан. Бул тамакты сыйлуу конокторго беришкен. Анткени бул тамак көп эмгекти талап кылып, ар дайым жасала берген эмес. Ал эми мындай даяр тамакка салынган эт коноктун даражасына карата салышкан.

Таралба – бул тамактын жасалуу ыкмасына карасак ундан, сары май, сүт, шекерден жасалуучу даамдуу улуттук тамактардын бири. Алгач унга сүттөн, шекерден кошуп умач жасап алат. Умач - унду бириктирбей ушалап ийлейт, буудай сымал кылып. Жасалган умачты казанга салып сары май менен кууруйт. Көп убакытта умач кызарып куурулат. Куурулгандан кийин сүт кошуп тынбай аралаштырат, б.а., сүт тартылгыча (соолугуча) аралаштырып, андан соң дымдап коёт (казандын оозун бек жаап коёт). Таралбаны көбүнчө узак сапарга чыккандарга жасап беришкен. Анткени оор тамактын түрүнө кирип, адамды ток туткан. Дагы кошумча тойлордо, сыйлуу күндөрдө, кошуналар чогулушуп жасап жешкен. Бул тамакты көбүнчө жайлоодо жасап жешкен. Анткени сүт, сары май бардык азыктар болгон.

Ак алба – алгач ак кантты майдалап алып, аны унга кошуп, тоң майга кошуп кууруган. Табакка салгандан кийин таптап коюшкан. Себеби ныктап таптап, кесип жешкен. Көбүнчо тойлорго жасап, ар түрдүү идиштерге салып коюшкан. Анда ал өз формасын жоготкон эмес. Даамдуу, жештүү болуп адамды ток туткан.

Катырма – тамактын аталышына алгач эле маани берсек, анда жасалган тамак катырылып коюлган же кактап бышырышкан. Жасалуу ыкмасына карасак унду сүткө ийлеп, аны жука кылып жайып, казандын түбүнө бирден салып, кактап бышырган. Андан соң сокого (буудай жанчкан жаргылчак) салып, катыган катырманы майда жанчып, жанчылган катырманы сүткө кошуп кайнатып, жаш балдарга берген. Бул тамак буламык сыяктуу болгон жана ич ооруга дары болуп, кары-картаңдарга да беришкен.

Орогон – бул тамак башка тамактардан айырмаланып, жасалуу жана колдонулуу убактысы узакка созулган. Көбүнчө кыргыздар бүгүнкүсүн эмес, эртеңки күндү көп ойлонушат. Ошондуктан кийинки күндөргө да тамак жасап

коюшкан. Дал ошол тамактын түрү орогон тамагын айтсак болот. Бул тамак бүгүнкү күндө көп жасалбайт. Анткени учурда бардык нерсе жетиштүү жана азыктардын түрү да абдан көп болууда. Ал эми орогон тамагынын жасалуу ыкмасына карасак, алгач казанга сары майды эритип алып, ага ундан салып кууруп бышырып алган соң, аны таза дасторконго жайып, кургатып, аны атайын баштыкчага салып, жогору илип коюшкан, башкача айтканда, талкан сымал болгон. Көпчүлүк учурда үйгө капысынан күтүлбөгөн конок келип калганда баштыкчада илинип турган тамакты сууга салып кайната коюп беришкен жана бул өтө аз убакытты талап кылып, даамдуу да болгон. Мындай орогон тамакты көбүнчө кышка камдашкан, б.а., күлазык катары даярдап коюшкан.

Ундан өзүлөрү жакшы көргөн боорсок, көмөч, каттама, май токоч, куймактарды ж.б. жасашат. Боорсокту эми көп учурда кумшекер кошуп бышырышат. Түштүктө, ошондой эле Талас өрөөнүндө тарыу жана жүгөрү талкан ушу кезде деле колдонулат. Аны сүткө же майга көйлөп жешет, же чай менен кошо беришет [15;101-102].

Жогоруда айтылгандай талкан жасоо ыкмасы чон-алайлык кыргыздардын күнүмдүк жашоосунда кеңири колдонулган жана бүгүнкү күндө дагы бешик той ж.б. убактарда жасап жешет. Ал эми талкан жасоо ыкмасында көбүнчө буудайдан колдонушат. Анын жасалуу ыкмасына карап көрсөк, талкан көбүнчө буудайдан жасалат. Кээ бир учурда жүгөрүдөн дагы жасалган. Алгач буудайды тазалап, андан соң аны күнгө жайып, чала (толук эмес) кургатышкан. Чала кургаган буудайды чоң казанга отту аз жагып, туздан кошуп кайнатат. Анткени туз даамга келтирип, буудай даамдуу болуп бышкан. Кайнаган соң аны таза дасторконго салып дагы чала кургатышкан. Чала кургаган буудайды чоң казанга отту тез-тезден жагып, казанга буудайды аз-аздан салып куурушкан. Эгерде буудай болочокто жарык дүйнөгө келе турган наристеге арналып куурулуп жаткан болсо, башка жактан же кошуналардан конок болуп келип, ким биринчи ооз тийсе, (аял киши, эркек

киши же уул бала, кыз бала) болочокто жарык дүйнөгө келе турган наристени уул же кыз болот деп божомолдошкон. Куурулган буудайды тегирменге алып барышып, тегирменге тартышкан. Анда кебеги бөлөк, талканы бөлөк, б.а., ун сымал болуп майдаланат. Тартылып бүткөн талканга шекер кошуп, ага сүт же суу куюп, сары май же карын май кошуп маштаган (мыкчып аралаштыруу). Даяр болгон коюу сымал талканды жешкен. Талкан көбүнчө жаш наристеге жарык дүйнөгө келгенде бешик тойго арнап, же бала көрүү каадасына, ар кандай тойлорго, узак сапарга жөнөп жаткан жолоочуга, үйгө конок келгенде беришкен. Талкан сыйлуу да, улук дагы тамактардын катарына кошулган. Ал азыркы күндө дагы байма-бай жасалып, элдин сүйгүнчүк тамагына айланган.

Жалчыман (мыкчыма) – каймакты казанга салып эрип баштаганда ага нандын, көмөчтүн ичин майда туурап салган соң, аны кол менен майдалап, ийлеп, шекерден салып, каймак менен нандын туурамы аралашып, жумшак тамак болгондуктан, карыяларга жана жаш балдарга беришкен. Кээде шекерсиз да болгон. Көбүнчө бул тамак түрүн күндө колдонуп, жакындары же кошуналары үйгө кирип калганда жасап беришкен. Анткени өтө аз убакытты талап кылып, даамдуу да, ток да туткан.

Ундан жасалган тамак-аштарды көбүнчө башка азыктар менен катарлаш колдонулат. Кээде эт кесме же сүт кесмени даярдашкан. Түштүк элинде күрүчтөн сүт ботко, же болбосо шооланы көп жешет. Чай менен бирге нан сөзсүз кошо берилет. [15;102].

Чоң-Алай жергесинде шир гүрүчкө (ширин гүрүч, сүт аш, сүт ботко) жакшы маани беришет. **Шир гүрүч** айрым учурларда ширин гүрүч же сүт аш деп аташат.Алгач гүрүчтү сууга кайнатып алганда ага сүт аралаштырып кайнаткан. Ага туз кошуп кээде шекер кошушкан. Бышкан тамакты идишке алып алган соң, анын үстүнө сары май куюшкан. Бул тамакты өтө сый урмат менен жешкен. Анткени “шир гүрүчтү- пайгамбардын сүйгөн ашы”- дешип, жеген сайын жакшы тилек тилеп, жеп болгон соң ак бата кылышкан.

Жыйынтыктап айтканда, тамак-аштар күнүмдүк жашоодо өзгөчө маниге ээ болуп, анын колдонулушу, жасалышы убакыттын өтүшү менен кандайдыр бир себептерден жана таасирлерден улам өзгөрүүгө же ордуна башка азыктын келишин тарыхый шарт менен шарттап коёт. Биз жогоруда келтирген азыктар бүгүнкү күндө кээ бирлери азык катары колдонулуп, кээ бирлери таптакыр колдонулуудан чыгып, чон-ата, чон-энелер гана айтып калышпаса, дээрлик калың элдин катмары кабарсыз. Биз жогоруда келтирген мингак, гын атала ж.б.у.с. азыктар эл оозунда эле калбаса, бүгүнкү күндө колдонулбайт. Анан дагы сүт азыктары дагы колдонулуп, айрымдары: док, гүп, док курут, маска май колдонулуу процесси аз. Анткени азыркы базар шартында алардын ордун ээлөөчү суусундуктар чыгып, ал колдонулууга кирип, андан сырткары карын май, каймак жана майдын ордун ээлешти. Андан сырткары курут, чалап, сары май, айран, сүт, каймак бүгүнкү күндө дагы элдин сүймөнчүк азыктардын катарында экендигин эстен чыгарбоо абзел деп ойлойбуз. Мына ушундай жагдайды эске алуу менен сүт азыктарынын жасалган суусундук жана майларды мамлекеттик деңгээлде колго алып, аны завод-фабрикаларда иштеп чыгып, калың элдин катмарына сунуштоо зарыл. Мисалы: Алайку куруту, тан, бозо шоро, кымыз сыяктуу улуттук азык-түлүктү алгач өлкө ичинде, анан чет өлкөгө экспорттоого аракет жасашыбыз абзел. Анткени мындай шартта бул демилгени колдоодо аны жасоо тактикасы боюнча элде түшүнүк бар, географиялык шарт дагы малдарды көбөйтүп, анын сүтүн, этин, жүнүн колдонууга жол ачат. Андан сырткары мындай сүт азыктарынан колдонуп азык чыгаруучу заводдор көбөйсө, албетте, эл дагы жумуш менен камсыз болмок. Андан сырткары тамак аштардын катарына кирген шир гүрүч (сүт аш, ботко), талкан, жөргөм ж.б. күнүмдүк жашоо-тиричиликте колдонулуп келет. Андан сырткары үзмө атала, жалчыман, ак алба, куур атала, кесме атала, катырма, орогон ж.б.у.с. азыктар бүгүнкү күндө колдонулбай, айрым гана учурларда колдонулуп калган. Демек, кандай гана шартта болбосун кыргыздын айрым тамак-аш түрлөрүн, аймактардан, айыл-

кыштактардан маалымат топтоп калуу бүгүнкү күндүн жана эртеңкинин талабы. Мындай маалыматтардын топтолушу биздин этнография, тарых, социалдык, коомдук илимдерге кошкон чоң салымыбыз жана келтирген кызыктуу жаңылыгыбыз болот деп ойлойбуз.

Адабияттар:

1. Жусупакматов У.Ж., Нурмаматова М.Т. Көчмөндөр керемети. Ош 2016. – 144 б.
2. Кенеш Жусупов. Кыргыздар., I том. Санжыра, тарых, мурас, салт. “Кыргызстан” басмасы, 1993. -620 б.
3. Кенеш Жусупов. Кыргыздар., IV том. Кытайдагы кыргыздардын санжырасы, тарыхы, мурасы жана салты. - Б.: “Шам” басмасы., “Кыргызстан- Сорос” фонду, 1997. -650 б.
4. Кенеш Жусупов, Жылдыз Бакашева, Каныбек Иманалиев, Омурбай уулу Кармыштегин. он торт томдук. XIII том. Салт – нарк. – Б.: Бийиктик, 2011. – 412 б.
5. Кенеш Жусупов, Жылдыз Бакашева, Каныбек Иманалиев, Омурбай уулу Кармыштегин. он торт томдук. XIV том. Мурас. – Б.: Бийиктик, 2011. – 464 б.
6. Кусеин Карасаев. Кыргыз ким болгон? Ким болду? Ким болуш керек? Туз.: С . Кыдырмаева. – Б.: “ Улуу тоолор”, 2017. – 236 б.
7. Мурзакметов Абдымиталип. Кыргызстандык Өзбектердин каада-салттары, ырым- жырымдары жана ишенимдери. – Ош: 2012. – 112 б.
8. Мурзакметов Абдымиталип. Кыргыздардын көөнө ишенимдери жана тыюулары. – Ош: 2014. – 132 б.
9. Олжобай Каратаев, Салайдин Эралиев. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. \ - Б.: Бийиктик, 2005. - 600б.
10. Осмонова Самара Курбаналиевна. ТРАДИЦИОННЫЕ СВАДЕБНЫЕ ОБРЯДЫ КЫРГЫЗОВ ЮГО- ЗАПАДА ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ (КОНЕЦХIX – НАЧАЛО XXВВ). – Ош: 2015 - 208 с.

11. Ош мамлекеттик университетинин жарчысы илимий журналы. Атайын чыгарылышы (5), 2018
12. Ош мамлекеттик университетинин жарчысы илимий журналы. Атайын чыгарылышы (7), 2017.
13. Сапаев Муса. Чоң-Алай тарыхы. Көрүнүктүү инсандары. публицистикалык ой- толгоолор, очерктер. Толук., экинчи бас. Б.: “Турар”, 2012. – 240 б.
14. Сапарали кызы Бурабия. Талаа материялдары.
15. С. М. Абрамзон.\ Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер Котор. С. Мамбеталиев, Д. Сулайманкулов, С. Макенов. – Б.: “Кыргызстан – Сорос” фонду, 1999. – 896 б.

УДК: 343.627

БАЛА УКУКТАРЫН КОРГОО − МАМЛЕКЕТТИН КЕЛЕЧЕГИ

Токтобаева Аксана, ОшМУ
Илимий жетекчиси – т.и.к., доцент Чыныкеева Г.Э.

Аннотация: *Макалада бала укуктарынын бузулуусу жана моралдык, материалдык көйгөйлөрү баяндалган. Ошондой эле азыркы мезгилде балдарга көңүл буруу, сүйүү, мээрим керек экендиги баяндалган.*

Ачкыч сөздөр: *бала, укук, мыйзам, ата-эне, Бирикен Улуттар Уюму, принцип, декларация.*

ЗАЩИТА ПРАВ РЕБЕНКА − БУДУЩЕЕ ГОСУДАРСТВА

Токтобаева Аксана, ОшМУ
Научный руководитель – к.и.н., доцент Чыныкеева Г.Э.

Аннотация: *В статье изложены нарушения прав ребенка и моральные, материальные проблемы.А также описывается, что в настоящее время детям необходимо внимание, любовь, сострадание.*

Ключевые слова: *ребенок, права, закон, родители, Организация Объединенных Наций, принцип, декларация.*

PROTECTION OF THE RIGHTS OF THE CHILD − THE FUTURE OF THE STATE

Toktobaeva Aksana., OshSU
Research supervisor – c.h.s., docent G.E. Chunukeeva

Abstract: *The article describes violations of the rights of the child and moral and material problems. And it is also described that at present children need attention, love, compassion.*

Key words: *Child, rights, law, parents, United Nations, principle, Declaration.*

Кыргыз Республикасынын калкынын 2,1 миллиону жаш балдар алар 36,5% түзөт. Кыргызстанда ар бир күндү жакырчылык, кыйынчылыктар менен өткөргөн 900,000 бала жашайт.

Өзүнүн мүчө боюнун жана акылынын жетиле электигине байланыштуу бала атайын коргоого жана кам көрүүгө, анын ичинде туулганга чейин да, туулгандан кийин да тиешелүү укуктук коргоого муктаж.

Бала укугу – бул мамлекеттин, балдардын ата-энелеринин, мугалимдердин жана башка чоң кишилердин милдети. Баланын укугунун сакталуусуна дайым чоңдор көңүл буруусу зарыл. Биздин мамлекетибиздин баш мыйзамы Конституциясынын 16-беренесинде:«Кыргыз Республикасында баланын эң жакшы кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциби колдонулат»-деп белгиленген [1].

1945-жылы 24-октябрда түзүлгөн Бириккен Улуттар Уюму согуштан зыян тарткан аялдар жана балдарга өзгөчө көңүл буруп баштайт.Бириккен Улуттар Уюму Адам укуктарынын жалпы декларациясында балдар өзгөчө камкордукка жана жардамга укуктуу экендигин жарыялагандыгын эскертет. Коомдун негизги уюткусу, анын бардык мүчөлөрүнүн, айрыкча балдардын өсүшү, жыргалчылыгы үчүн табигый чөйрөсү катары үй-бүлө коомдун чектеринде ал өз милдеттерин толук көтөрө алыш үчүн зарыл болгон коргоого жана көмөк көрсөтүүгө эгедер болууга тийиш. Баланын инсан катары толук жана телегейи тегиз өнүгүшү үчүн ал үй-бүлөнүн камкордугунда, бактынын, сүйүүнүн жана түшүнүүнүн кучагында өсүшү зарыл. Баланы коомдук

турмушта өз алдынча жашоого толук даярдоо керек. Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында жарыяланган, идеялардын рухунда, айрыкча тынчтыктын, кадыр-барктын, сабырдуулуктун, эркиндиктин, теңдиктин жана тилектештиктин рухунда тарбиялануууга тийиш деп эсептейт.

Балдар ар дайым мээримге, коргоого муктаж. Дөйнүлөк, мамлекеттик деңгээлде бир нече документтер кабыл алынганы менен алар иш жүзүндө иштебейт. Мисалы, 1923-жылы Эглантин Джеб балдар укугу боюнча декларацияны иштеп чыккан жана ал Улуттук Лига тарабынан жактырылып, эң биринчи жолу балдар укугунун Декларациясы 1924-жылы кабыл алынган. Балдар укугунун тарыхы ушул документтен башталат. Ал эми 1959-жылы БУУ балдар укугунун Декларациясын кабыл алат. 1979-жылы балдардын эл аралык жылы деп жарыяланып,1989-жылы 20-ноябрда Бириккен Улуттар Уюму Бала укуктары жөнүндөгү конвенцияны кабыл алган жана ал 54 статьядан турат.1999-жылы бул конвенцияны АКШ жана Сомалиден башка бардык өлкөлөр ратификациялашкан. Бирок, АКШ конвенцияга кол койгон. Демек, анын принциптерине макулдугун билдирген. Конвенцияга ылайык 18 жашка чейинкилер бала деп таанылат. Балдар укуктарынын Декларациясында мындай деп айтылган: «Балага мыйзам жана башка каражаттар аркылуу атайын коргоо камсыз кылынып, мүмкүндүктөр жана шарттар түзүлсө, баланын дене, акыл-эс, адептик, рухий жана социалдык жактан сергек жана нормалдуу жол менен эркиндиктин жана урматтоонун шарттарында өсүшүнө мүмкүндүк берээр эле» [2].

Дүйнө жүзүнүн көптөгөн райондорунда балдардын абалы абдан оор. Стихиялык кырсыктар, куралдуу чыр-чатактар, эксплуатациялоочулук, сабатсыздык, ачарчылык жана ар кандай оорулар балдарды өтө кыйын абалда калтырууда.

Биздин Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмуна 1992-жылы 2-мартта мүчө болуп кабыл алынган жана Бала укуктары жөнүндөгү конвенцияны 1994-жылы 12-январда ратификациялаган. Балдардын укуктары биздин

мыйзамдарыбызда бекемделген, эмгек мыйзамдары боюнча балдардын эмгегин пайдалануунга тыюу салынган. Эгер ата-энеси тарбиялай албай, карабай коюшса, алар ата-энелик укуктан сот тарабынан ажыратылып, балдар мамлекеттин багуусуна алынат (Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 36-берене). Балдардын таламдарына көңүл бурбаган жана өстүрүүгө, тарбиялоого зыян келтирген адамдар мыйзам тарабынан катуу жазаланат [1].

Үй-бүлөнүн башкы максаты - балдарды тарбиялап өстүрүү. Көпчүлүк ата-эне бардык мүмкүнчүлүгүн балдары үчүн жумшап, аларга жакшы билим берип, келечектеги турмушунун жакшы болуусуна аракет кылышат [3]. Бирок, тилекке каршы, балдарына такыр көңүл бурбаган, өзүлөрү ичкиликке берилип кеткен, натыйжада балдары окубай же тамакка курсагы тойбой, көчөдөгү ар кандай жаман иштерге аралашып, аягында кылмыштарды жасоого барып жатканы талашсыз. Кыргыз Республикасынын аймагында иш менен камсыз кылуу, жумуш орундары менен камсыздоо өз деңгээлинде болбогондуктан көптөгөн ата-энелер балдарын жакын туугандарына же тааныштарына таштап миграция аркылуу жакынкы чет өлкөлөргө чыгып кеткендиктен балдарга мээрим, тарбия жетпей ар кимдин зомбулугуна учурашууда. Албетте, ар бир ата-эне балдарынын жанында болуусун каалайт, бирок аз айлык менен үй-бүлөнү каржылоо мүмкүн эмес. Статистика боюнча ар экинчи баланын ата-энеси миграцияда жүргөндүгү айтылат.

Мектепте окуганда документи жок (өздүгү такталбаган) балдар кезигет, конвенция боюнча бала төрөлөөрү менен каттоого алынып, документ алышы керек. Бирок ар түрдүү себептерден улам убагында документ албай кийин медициналык жардам да билим да алууда көйгөйлөр болот [5]. Мектептеги балдардын ортосунда салык салмай, тактап айтканда ар кандай рекетчиликтин түрлөрү бар. Бул баланын тарбиясынын бузулушуна жана а түгүл өзүн-өзү өлтүрүүгө чейин алып барууда. Жалпыга маалымдоо каражаттарында байма-бай миграцияда жүргөн жарандардын балдарынын аянычтуу тагдырлары туралуу маалыматтар жазылат. Орто Азия мамлекеттеринин ичинде

Кыргызстан миграция жана кулчулукка кабылуу боюнча алдыңкы орунда турат. Расмий маалыматтар боюнча 1 000 000 жаран миграцияда. Анын ичинен 640 000 Россия Федерациясында. Миграцияда жүргөн жарандардын балдарына болгон зордук-зомбулук 30% өскөн [4]. Туугандарынын колунда калган балдар айрыкча кыздардын арасында эрте турмушка чыгуу, же турмушка чыкпай туруп эле төрөп аны таштап кеткен, сатууга аракет кылган фактылар көп учурайт. Ал эми балдар 16 жашка толгондон кийин эле, ата-энелеринин, жанына иштегени чет өлкөгө миграцияга чыгып кетет. Мектепте ата-энесинин көзөмөлү жок окугандыктан чет тилдерин жакшы өздөштүрбөгөн балдар көбүнчө кулчулукка кабылат. Бул нерсенин себеби: өзү иштегени барган мамлекеттин тилин билбегендиктен жана мектепте адам жана коом сабактарын жакшы өздөштүрбөй, өзүнүн укук-милдетин билбестиги себепчи. Жарандар мамлекет тарабынан миграцияга чыгуучулар үчүн уюштурулган акысыз тил курстарга барууга укугу бар. Бирок, мигранттар үчүн Кыргызстанда мындай шарттар каралып документ кагаздарында жазылганы менен, иш жүзүндө жүрбөй жатканына байланыштуу: Орто Азия мамлекеттеринин ичинен Кыргыз жарандарынын миграцияда кулчулукка кабылуусу жыл сайын өсүүдө.

Балдар качан гана 18 жашка толгондо гана толук кандуу жумушка жарамдуу деп эсептелет [5]. Алардын иштөөсүнө мамлекет тарабынан катуу тыюу салынганына карабастан, мыйзамсыз түрдө иштеп, ошонун негизинде кулчулукка кабылган жарандар тууралуу көптөгөн маалыматтар байма-бай жалпыга малымдоо каражаттарында жазылат. Жыл сайын чет өлкөдөгү мигранттар тарабынан Кыргызстанга 2, 48 млрд. доллар которулат. Анын 2,44 млрды Россиядан. Кыргызстандын азыркы ситуациясында жарандардын миграциядан кайтуусу мамлекет үчүн катастрофа. Себеби: мамлекет аларды жумуш менен камсыз кыла албайт. Бул албетте бир гана жарандарга эмес мамлекетке да чоң зыянын тийгизет. Алдыңкы 10 жылдыкта Кыргызстан мигранттарынын мекенине кайтпоосу анык экендигин алардын саны

азайбоосун серепчилер иликтешкен. Демек, балдар укуктарынын коргоолуусуна өз таасирин сөзсүз түрдө тийгизет. Балдарга болгон зордук-зомбулукту азайтуу, жоюу максатында, миграцияга чыккан ата-энелер балдарын өзүнүн жакынкы туугандарына таштаганда, анын бүт жоопкерчилигин, укук-милдеттерин балага убактылуу камкорчусу болгон жакын адамы жооптуу экенин мамлекет ата-эне жана убактылуу камкорчу ортосунда үч жактуу келишим түзүү шарт. Ага ылайык ата-энеси миграцияда жүргөн мезгилде балага расмий түрдө убактылуу камкорчу жооп берет. Жоопкерчиликтин баары убактылуу камкорчу да болоору расмий түрдө үч жактуу келишимде көрсөтүлүшү жана катталуусу керек. Мына ошондо гана балдарга болгон зордук-зомбулук азаят.

Өспүрүмдөр арасында коркунучтуу ар кандай оюндар байма-бай пайда болуп турат. Мисалы, көк кит, 24 саатка жоголуп кетүү, ж.б. Бул оюндар балдардын психологиясына сөзсүз түрдө таасир этип, кароосу жок балдар, катуу зыян тарткан фактылар катталган. Балдардын укуктары бузулуп, өлүмгө чейин барган учурлар арбын. Мисалы, 2018-жылы Жалал-абад облусунун Сузак районунда жакындарынын колунан ажал тапкан эки жаштагы кыз. 2019-жылдын 26-июлда Чүй облусунун Аламүдүн районунун Таш-Төбө айылында кол-буту байланган 6 жана 14 жаштагы кыздар табылган. 2018-жылы Бишкек шаарында ата-энеси миграцияда жүргөн 3 жашар кыз ур-токмоктун натыйжасында комага түшүп, 15 күндөн кийин каза болгон. 2019-жылдын 8-июль Жалал-Абад облусунун Сузак районунда 11 жаштагы бала каза тапкан, анын өлүмүнө 14 жаштагы бир тууган эжеси шектелип кармалган. 2019-жылдын 11-февралында Сузак районунда 11-класстагы окуучу бала мыкаачылык менен өлтүрүлгөн. 2018-жылдын октябрь айында 9 жаштагы Чолпон-Ата шаарынын тургуну киши колдуу болуп каза болгон. 2019-жылдын 11-январында Ош шаарында 2 жаштагы наристе ур-токмоктон улам каза болуп, анын өлүмүнө жеңеси шектүү катары кармалган [4]. Мындай фактылар аябай көп. Менин оюмча балдарды бир гана материалдык жактан эле

камсыздоону эмес, аларды моралдык тараптан камсыздоону коргоону ойлонуубуз керек. Мына ошондо гана биз өз максаттыбызга жеткен болобуз. Балага көбүрөөк көңүл буруу, мээрим төгүү, аны менен ачык сүйлөшүү, колдоо керек. Балдар биздин келечегибиз. Мамлекет, чоңдор тарабынан балдарга дайыма аяр мамиле кылуубуз талап кылынат. Себеби, алар биздин мамлекетибиздин эң аярлуу жана негизги катмары. Бала укуктарын сактоо, мамлекеттибиздин келечегин түптөө дегендик. Алар болбосо биздин мамлекетибиздин да келечеги болбойт.

Адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Б., 2009.
2. Бала укугу жөнүндөгү Конвенция.
3. Адем Гүнеш. Балага тарбия берүүдөгү адашуулар. Б., 2003.
4. Super.kg медиа-порталы.
5. Саалаев Ж. Мамлекет жана укук. Б., 2016.

УДК: 35.077.535.6

ААЛАМДАШУУ ДООРУНДАГЫ КОТОРМОЧУЛАРДЫН РОЛУ

ЫрысбекКызы Нуркан, ОшМУ
Илимий жетекчиси – т.и.к., доцент Чыныкеева Г.Э., ОшМУ

Аннотация: *Макалада азыркы учурда дүйнөдөгү котормочулардын ролуна, ошондой эле Кыргызстандагы алардын абалына жана келечегине токтолдук.*

Ачкыч сөздөр*:котормо, котормочу, тилмеч, ааламдашуу, тил.*

РОЛЬ ПЕРЕВОДЧИКОВ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

ЫрысбекКызы Нуркан, ОшГУ
Научный руководитель – к.и.н., доцент Чыныкеева Г.Э., ОшГУ

Аннотация: *В статье рассматривается роль переводчиков во всем мире, а также их положение и будущее в Кыргызстане в настоящее время.*

Ключевые слова: *перевод, переводчик, глобализации, язык.*

THE ROLE OF TRANSLATORS IN THE ERA OF GLOBALIZATION

Urusbek kyzy N., OshSU
Research supervisor – c.h.s., docent G.E. Chunukeeva

Abstract: *The article is currently considered the future of the situation in Kyrgyzstan the role, of interpreters and translators in the world.*

Key words: *translation, translator, interpretor, giobalization, language.*

Дүйнө жүзүнө аттын кашкасындай таанымал жазуучубуз Чыңгыз Айтматов алгачкы эмгек акысы болгон бир жилик этти кыргызчадан орусчага, орусчадан кыргызчага тилмечтик кылуу менен алганын сөз башында баса белгилөө менен баштагым келди. Мына ошол убакта Ч.Айтматов болгону 5-6 жаштардагы бала экен.

Шекер айылына Россиядан Зоот асыл-тукумундагы жылкылар алынып келинип, багылып жатканда бир жылкы мүрт кетип, акт жазыш үчүн орус улуттундагы мал доктурлар келет. Жергиликтүүлөрдүн бири да орус тилин билбегендиги, анын үстүнө тигил зоотехниктер да кыргыз тилин түшүнбөгөндүгү маселени татаалдантат. Дал ушул учурда жаш Чыңгызды чакырып келишип, котормочу кылууга аракеттенишет. Ал жылкы эмне себептен өлгөнү туралуу эки тараптын суроо-жоопторун которуп берип турат. Карап турган эл Чыңгызга ыраазы болушуп, конокко бышырылып жаткан эттен бир жиликти беришкен экен [1].

Адамдардын жашоосунда котормо иши канчалык деңгээлде маанилүү экенин, ушул кичине окуядан байкап, аңдап билсек болчудай.Тарыхта да белгилүү инсандар дайыма жанына тил билген адамдарды алып жүрүшкөн. Тил билгендердин урматын жайына коюшкан, алардын кадыр-баркы да жогору турган. Котормонун тарыхы абдан узун. Котормонун түбү, адамзаттын тили өзүнчө тилдерге бөлүнө баштаган мезгилдерге туура келет жана бир канча тилди билген ар түрдүү тилдеги коомдун өкүлдөрүнүн ортосундагы ортомчу катары сүйлөй алган адамдарга зарылчылыктын

жаралышы менен котормочулук да пайда боло баштаган. Өз-ара карым-катыш жасап, мамиле түзүүгө жардам бере турган кош тилдүү адамдарды тилмеч деп атап коюшкан.

Кыргыз тилинде “*тилмеч*” жана “ *котормочу*” деген эки сөз бар. Тилмеч сөзү илгертен эле колдонулуп келе жаткан сөз. Мисалы: “Манас” эпосунда да “Тилимди билбес эл болсо, тилмечи менен келсин”, деген жайы бар. “Көкөтөйдүн ашын” өткөрөрдө Бокмурун жаш Айдарды элдерди ашка чакырууга жөнөтөт. Айдардын жөндөмдүүлүгүн Сагымбай Орозбаков төмөндөгүдөй сүрөттөйт.

Ар жумушка дилгирген,
Алтымыш түрдүү тил билген.
Ары тилмеч, ары акын,
Ар жакшыга көп жакын.

Тилмеч – бир тилден экинчи тилге оозмо-ооз которуп берүүчү адам. Бири-бирин түшүнө албаган улуттардын өкүлдөрү тилмечтер аркылуу сүйлөшүшкөн.

Котормочу деген сөзгө токтолсок, кайсы бир тилден башка тилге текстерди жана башка материалдарды которуу менен алектенген кесиптин ээси. Котормочу деген сөз революциядан кийин орус тилиндеги “переводчик” деген сөздөн которулган [2]. Котормочу жана тилмеч сөзүн тактап айтканда биринчиси жазуу түрүндө, экинчиси оозеки түрдө которгон киши.

Жазма котормо менен оозеки котормонун түйшүгү эки башка. Жазмада котормочу кеңири убакытта өз оюн тактап, белгилүү иреттикке салуу менен котормонун маанисин ачып берүүгө мүмкүнчүлүгү жогору. Которулган текстти кайра карап чыгып, аны котормонун тиешелүү бөлүгү менен салыштырууга жана текстке өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүүгө болот. Ал эми тилмечтердин иши бир топ татаал, ары жоопкерчилиги күчтүү. Сүйлөп жаткан инсанды угуу менен кошо параллелдүү түрдө которуп берүүсү зарыл жана бир эле учурда бүтүндөй сүйлөмдү кураштырып, берилген ойду так

түшүндүрүп берүү кызматы турат. Мында тилмеч тексттин түп нускасын бир жолу гана кабылдап жана которулган текстке кайра кайрыла албайт. Которуп жаткан тилмеч бир аз гана буйдала түшсө, сүйлөөчүдөн артта калып, сүйлөмдүн маанисин жоготуп коюшу ыктымал.

Медициналык эксперименттер иш учурунда тилмечтин жүрөгү мүнөтүнө 160ка чейин согорун көрсөткөн, бул болсо жүк көтөргөн штангисттин жүрөгүнүн согуусунан да көп. Бул учурда мээнин өтө чымырканып иштей тургандыгын жана 15-20 мүнөттүк ушундай иштен соң, мээ өзүн сактоо үчүн тормоздолуп каларын аныкташкан [3].

Жогорудагы маалыматтын негизинен тилмечтердин иши чындыгында оор экенин түшүнсөк болот, көпчүлүк дүйнөлүк жыйындарда байкасак, ар 20-30 мүнөт сайын тилмечтер кезектешүү менен кызматын аткарышат.

Бүгүнкү күндө, т.а., ааламдашуу процессинде башка тилди билбей туруп, ишинде толук ийгиликтерди жаратуу мүмкүн эместей сезилет. Бул учурда адам өзү кошумча тил билүүсү же котормочу менен тыгыз байланышта иш алып баруу зарылчылыгы туулат. Ар бир өлкө жана элдин бири-биринен айырмаланып турган, өзүнө тиешелүү болгон маданияты, тили болот эмеспи. Ошол өзгөчөлүктөрдү толук кандуу өздөштүрүүгө себепкер болгон кесип ээлери - котормочулар. Котормо иши болуп көрбөгөндөй тез темп менен өнүгүп жатат. Мунун себеби эл аралык мамилелердин кеңейиши болууда. Учурда дүйнө жүзү экономикалык, саясий жана маданият жагынан бири-бири менен тыгыз байланышта. Бул байланышты курууда, албетте, котормочулардын кошкон салымы чоң, аларсыз биздин максат ишке ашмак эмес. Алардын кызматы бир жээк менен экинчи жээкти бириктирип турган көпүрө сыяктуу.

Бүгүнкү күндө котормочулук алмаштырылгыс, эң маанилүү кесиптердин баш сабында турат. Бардык эл аралык сүйлөшүүлөр котормочулардын катышуусунда өтөт. Сүйлөшүүлөрдүн жемиштүү аякташына, дүйнө элдеринин ынтымагын бекемдөөдө, маданиятты

жайылтууга, табиятка, адам коомуна болгон мамилени өзгөртүүгө котормочулар түздөн-түз негиз боло алышат. Бул жерде котормочулар ойду туура берүү менен чектелбестен, өзүнүн сүйлөө речин, эмоциясын, кыймыл-аракетин комплекстүү түрдө туура аткаруусу керек.

Ааламдашуу доорундагы котормочулардын ролу деген теманын алкагында сөз болуп жаткандан кийин “ааламдашуу” же “ глобалдашуу” терминине кайрылып кетсем. “Глобалдашуу” термини жалпы планетанын мүнөзүн билдирген латын термини “глобус” (жер, жер шаары) менен байланышкан.

Глобалдашуу дүйнөнүн жаңы үлгүсүнүн пайда болушуна алып барууда. Бул бардык тараптан бизге таасир берип жатат. Жаман терс көрүнүштөр да, жакшы жактар да ааламдашып жатат. Көпчүлүк азыр котормочулук кесипти анчейин деле зарыл кесип катары эсептешпейт жана келечекте жоголуп кетчү кесиптердин катарына кошушат. Себеби азыр интернеттин заманы кулач алып, издеген материалдары эч түйшүксүз эле таба аласың. Берилген текстти сүрөткө алуу менен “*google переводчик*” кызматы аркылуу заматта которулган текстти колго алуу мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, мындан биз котормочулардын жумушун керектөөдөн чыгып калган кесип катары тыянак чыгара албайбыз. Жогорудагы аталган сайттын жардамында текст которсок, сүйлөмдөр башы аягына келип, аягы башына жайгашып, сүйлөмдүн мааниси жоголо түшөт.

Азыркы учурда тил курстары көбөйүп, аз убакыттын ичинде чет тилдерин мыкты үйрөнүүгө болот деп шаарда болобу, же интернет желесинде онлайн курстар ачылган. Тил курстарына багыт алгандардын басымдуу бөлүгү жаштар, студенттер, окуучулар экендиги кубантат. Бирок тил үйрөтүү өзүнчө бир бизнеске айлангандай. Курстарда педагогикалык билими аз инсандар сабак өтүп, сапатсыздык күч алууда. Жумушка барсаң, адистигиң боюнча билиминдин тереңдигине эмес, канча тилде сүйлөй алышыңа маани беришет. Көп тилдүүлүк азыр жеке билиминди тереңдетүү менен гана эмес ишке

орношууда, киреше табууда чоң мүмкүнчүлүктөргө жол ачып жатканын эч ким четке кага албайт.

Кыргызстандагы котормо илиминин абалына бир аз болсо да токтолуп кетпесек болбос. Коомчулук кыргыз котормочуларын бүгүнкү күндө калыптануу процессинде деп айтышат. Дүйнөлүк тилдердин арасында гегамондуу болгон англис тилин алсак. Кыргыз тилинен англис тилине же болбосо англис тилинен кыргыз тилине түздөн-түз котормолор жокко эсе. Саналуу гана материалдар которулган болбосо, дээрлик көпчүлүк материалдарды которууда орус тили аркылуу ишке ашырабыз.

Кыргызстандын котормо иши да орус тилинен кыргыз тилине которуу менен 1950-жылдары башталган. Бул мезгилде А.Пушкин, М.Лермонтов, И.Тургенев сыяктуу орус адабиятынын каймактарынын чыгармаларын эне тилибизге которуу менен алектенгендерден А.Осмонов, К.Маликов, Г.Шүкүрбеков, У.Абдыкаимов, К.Баялиновдордун ж.б. атын атасак болот.

Дүйнөдө котормочулук жаатында айланган капитал 33 жарым миллиард долларга жетип, 2020-жылга чейин бул сумма 42%ке көбөйөрү күтүлүүдө. Дүйнөдө 26 миңден ашуун компания бул тармакта иш алып барууда. Тилмеч болуп иштегендердин бир сааттык кызматы орто эсеп менен 25 долларга чейин бааланууда [4]. Жогорудагы маалыматтын негизинде тил билгендердин капчыгы калың деп тыянак чыгарсак болот.

Бишкектеги “Проф-Лидер” котормо агенттигинин каржы иштери боюнча директору Жаныбек Саатовдун “Азаттыкка” берген интервьюсунда: “Азыр жакшы иштеген котормочунун бир айлык маянасы миң АКШ долларынан ашат. Орточо айлык бизде 200-300 доллар”, - деп маалымат берген. Туура бизде котормочулардын айлыгы батыштагыдай көп сумманы камтыбайт. Бирок бизде дүйнөлүк ири компаниялардын жаңы иштеп чыккан программаларын эне тилибизге которуу менен каражат табууга мүмкүнчүлүк жогору. Сөз учугун улантсам, Кыргызстан туризмдин өлкөсү болууга багыт алып жатат. Туризм - эл аралык соода сатыктын натыйжасында кыймылдуу

өнүгүп келе жаткан жана дүйнөлүк экономиканын ири тармактарынын бири. Демек, бул тармакты жөнгө салуу менен кошо гид-тилмечтерди жумуш менен камсыз кыла алабыз.

Корутундулап айтканда, котормочулук – абдан керектүү, ары жемиштүү кесиптердин бири. Себеби, инсандын андан ары билимин тереңдетүүсүнө кошкон салымы чоң. Котормочу талаш-тартыш учурунда эки тараптын оюн билип, дипломатиялык усул менен эки тарапты бир пикирге алып келүүчү маанилүү адам. Эгер ал туура эмес которсо кырдаалды курчутуп салууга себепкер да өзү болуп чыга келет. Мындан улам бул кесип ээлеринин жумушунун жоопкерчилиги чоң экендигин сезишибиз керек. Кыргызстан өнүгүү жолунда жогорку профессионалдуу котормочуларга муктаж...

Адабияттар:

1. Ч.Айтматов-ааламдын акылман сүрөткери. https://sputnik.kg
2. Wikipedia.kg. Котормочу.
3. Google
4. www.azattyk.kg. Бактыгүл Чыныбаева.
5. Таалай Абдиев. Котормотаануу илимине киришүү. Бишкек, 2008.
6. Ийсаева А.Дж. Котормо жана анын лингвистикалык табияты. Каракол, 2017.

УДК: 099.5(575.2)

«КУТ АЛЧУ БИЛИМ» ЧЫГАРМАСЫНДА ӨКҮМДАРЛАРГА ТИЕШЕЛҮҮ СЫН-СЫПАТТАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Хожиев Шахбос, БатМУ САИ
E-mail: shahboshozhiev@mail.ru
Илимий жетекчиси – Абдиева А. М., окутуучу, БатМУ САИ
E-mail: aysha.abdieva.1980@mail.ru

Аннотация: *Бул макалада Жусуп Баласагындын нукура чеберчилик менен жараткан орто кылымдардагы "Кут алчу билим" чыгармасы, Карахандар мамлекети тарыхы жана бийлик системасы, ал доордогу өкүмдарларга тиешелүү болгон сын-*

сыпаттар, өкүмдарлардын титулдары жана чыгармадагы таалим-тарбиянын үлгүсү жөнүндө баяндалат.

Ачкыч сөздөр: *Бейт (бейтх), каган, увазир, хажиб, дергах, диван, бек, эмир, йарлыг төрү, тонг йурек ,катыг, курч, айкөлдүк, эр-жүрөктүк, баатыр.*

ОТЗЫВЫ ГУБЕРНАТОРОВ В РАБОТЕ «БЛАГОСЛОВНЫЕ ЗНАНИЯ»

Хожиев Шахбос, БатМУ СРИ
E-mail: shahboshozhiev@mail.ru
Илимий жетекчиси – Абдиева А. М., окутуучу, БатМУ СРИ
E-mail: aysha.abdieva.1980@mail.ru

Аннотация: *В статье рассматривается произведение великого философа средневековье Ж.Баласагына "Благодатное знание", история и система управления государство Караханидов, а также, название титулов правителей того времени.*

Ключевые слова: *Бейт (бетх), каган, увазир, дергах, диван, князь, эмир, ярлык, договор, закон, багатырь, шедрость, храбрость, герой.*

FEEDBACKS OF GOVERNORS IN THE WORK "BLESSED KNOWLEDGE"

Khozhiev Shakhbos, BatSU SRI
E-mail: shahboshozhiev@mail.ru
Research supervisor – A.M.ABDIEVA, teacher, BatSU SRI
E-mail: aysha.abdieva.1980@mail.ru

Annotation: *This article BALASAGYN is the true work of art created is Blessed knowledge dominion of Education reviews of the relevant properties and work properties and even governors shirt and Karahan about the state of the power system.*

Key words: *Beyit , Kagan, vazir, Hass dergah divan, han, emir yarlıg cul-tong yurek katıg sharp goodness gracious, brave, courage, hero.*

Улуу даанышман Жусуп Баласагындын «Кут билим» дастаны – орто кылымдардагы түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин философиялык ойлорунун өнүгүүсүнө зор салымын кошкон санаат-насыят маанисиндеги *бейт* (бейхт) формасында жазылган баа жеткис табылга. [1;156]

Кылымдарды өз кучагына камтыган, таалим-тарбияга бай “Кут билим” чыгармасы менен таанышкан ар бир окурман жараткандын улуулугун, пайгамбардын жакшы сапаттарын, окуу менен билимдин пайдасы, өзгөчөлүктөрү, мамлекеттин түзүлүшү жана аны татыктуу башкаруу, мамлекет башчысынын элге, кол астындагыларга адилеттүү бийлик жүргүзүүсү, чарбанын өнүгүүсү, бардык кесиптерди ардактай билүү жана эң негизгиси: адамзатын ар дайым адеп-ахлактыкка, айкөлдүккө, сабырдуулукка, кечиримдүүлүккө, ак дилдүүлүккө, бактылуулукка, б.а., жалаң гана жакшылыкка үндөгөн ата-бабабыздан калган куттуу таберик экендигине чындап ынанат.

Өз доорунун чыгаан ойчулу Жусуп Баласагын чеберчилик менен жараткан «Куттуу билим» чыгармасын өзүнүн элине, мекенине жана эң негизгиси өзү урматтап сыйлаган каганга арнаган. Бул каган Тавгач-Буура Кара-Хакан Абу Али Хасан болгон [1;156].

Анын акыл-насааттын кени болгон «Кут билим» чыгармасында үч кылымдан ашуун мезгил өмүр кечирген Караханийлер мамлекетинин (940-1212-жж.) убагындагы бийлик жөнүндө профессор Миталип Тайиров тарабынан жазылган «Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастаны жана Карахананид хандыгынын бийлик түзүлүшү» аттуу макаласында төмөнкүчө берилет: “Байыртадан эле түрктөрдө бийлик теңир (кудай) тарабынан берилген улуу милдет катары кабыл алынган. Бул ыйык милдетти кут, бакыт, дөөлөт деп да эсептешкен. Хан, падыша теңир тарабынан жиберилген элчи катары бааланган” [2; 71].

Караханийлер династиясын орто кылымдардагы араб, перси авторлору «альхакания», «ильхандар», «ильхан» жана үйү (урпактары)» деп аташкан. «Карахан» түшүнүгү (династияны жана мамлекетти белгилеп атоо үчүн) XIX кылымда тарыхчылар тарабынан эки титулду: карахан жана илек титулдарын кураштыруудан улам келип чыккан. Мамлекеттин башында турган династиянын кайсы урууга таандык экендиги боюнча маселе ушул күнгө

чейин талаш-тартыштуу. Кээ бир изилдөөчүлөр Карахандарды уйгурларга, экинчилери – карлуктарга, үчүнчүлөрү – алтай түрктөрүнө таандык дешет. Академик В.В.Бартольд Караханийлер династиясын адегенде йагма уруусунан чыккан деп эсептеген [1; 153].

Караханийлер мамлекетин Жогорку каган (хандардын ханы) башкарган. Анын бийлиги мурастык бийлик болгон. Каган – байыркы түрк кагандыктарындагы жогорку башкаруучунун жана башкы аскер жетекчисинин наамы (титулу). Каган термини жуан-жуандардын (жужандар, аварлар) аскер башчысынын наамы катары кытай жыл баяндарында 312-жылы эскерилет [1;154].

Каган менен анын букараларынын ортосундагы байланышчылардын ролун ордодогу хажибдер аткарган. Алар ошондой эле аймактык башкаруучулар менен жогорку кагандын кеңешчилери да болушкан. Мамлекет башчысынын башкы хажиби - улуг хажиби болгон. Мисалы: Жусуп Баласагын «Кутадгу билиг» – «Кут берчү билим (бийлик) дастаны үчүн караханийлик адабий тилде – «Буура хакандык түрк тилинде» жазылган бул чыгармасы үчүн ага ордо иштеринин башчысы – «атайын хажип» даражасы ыйгарылган [5;49].

Кагандыктын борбордук башкаруучу аппараты Саманийлердикиндей эле эки категорияга: *дергахка* (ак сарай) жана *диванга* (мекеме) бөлүнгөн. Саманийлер мамлекетинде иштеген бардык мекемелер кагандыкта да иштеген. Вазирдин, казына башынын мекемелери, тышкы иштер диваны (мекемеси), гвардия башчыларынын, почта жана жергиликтүү башкаруучуларга байкоо жүргүзүү мекемелери, казынанын кире-чыгашаларына жана мамлекеттик ээликтердин башка каржы иштерине көз салуучулар мекемеси, базар көзөмөлчүлөрүнүн, кол өнөрчүлүк продукцияларынын сапатына көзөмөлдүн, динди бурууларга көзөмөлдүн, соттор менен чиновниктердин, мусулмандардын диний мекемелеринин мүлкүн башкаруу мекемелери болгон. Вазирге башкы мекемелер баш ийген.

Жогорку кагандын өзүнөн кийинки экинчи бийлик адамы болгон. Жогорку кагандык же ээликтик башкаруучуларга бектер баш ийген. Башкаруунун ээликтик системасы өкүм сүргөн. Карахан ээликтери эл, вилайеттерге (дубандарга) бөлүнүп, аларды бектер-тархандар башкарган. Жамааттар жана кыштактар башында ак-сакал, анын жардамчысы чубан турган. Ак сөөктөр өкүлүнөн дайындалган жана шаар башкарган (раис) диниятчылар чоң сый-урматка ээ болушкан. Жусуп Баласагуни Караханийлер армиясынын бөлүнүшүн жазат: черик, жүздүк, миңдик. Карахан иерархиясында жогорку баскычты аскер башчылар – субашылар, исфахсалар ээлеген. Салгылаш талаасында жоокерлерди башкарган кенже офицер чабуш деп аталган, ал эми атчандар башчысы – айыл башы деп аталган. Кээ бир аскердик терминдерди келтире кетели: хан той – башкаруучунун аскердик ордосу, каргуй – сакчы мунарасы ж.б. Хандын сары түстүү тогуз туусу болгон. Кагандын сарайында жибек кийимдерди сактагыч – агы-чы, конок күтүү иштерин тейлөөчү – бирок, ашчы, битигчи – катчы, секретарь – ылымга, кушчу, ж.б. болгон [3;158].

Улуу каганга баш ийген бул жергиликтүү эликтер (хандар) өз кезегинде бектер (орусча «князь»- түшүнүгүнө жакын келет.) аркылуу өз ээлигин башкарган. Бектер Караханийлер династиясынан эле эмес, башка тектен чыккандардан деле болгон. Махмуд Кашкари «*бек*» (бег) сөзүн арабча «*эмир*» сөзү аркылуу которот. Бул бек бир эле учурда өз дубан элинен куралган аскердин башчысы да болгонун далилдейт. Айрым чакан этностук топтордун өз-өзүнчө аймактык бектери болгон. Алар тек гана өлкөнү башкаруучу болуп эсептелбестен, интеллектуалдык жактан да калайыктын каймагы катары бөлүнүп турууга тийиш эле [4; 50].

Каган мамлекетти башкарууда атайын буйругун-жарлыгын чыгарып турган. Аны «*йарлыг*» сөзү менен белгилешкен. Махмуд Кашкари бул сөздүн чигил тилинде экенин айтып, бирок бул терминди огуздар билишпейт деп кошумчалай кетет. Караханийлердин мыйзамы «*төрү*» деп аталган. Бул мыйзам каада, салт-санаа, нарктан турган жана укумдан тукумга оозеки

өткөрүлгөн. Буга мисал Жусуп Баласагын катаал бийлик маалында анын айрым жол-жоболорун оңдоп коюуга болорун белгилеген:

«Төрү (мыйзам) – суудай, күч болсо ал от сымал өчөөр,
Сууну мол агызсаң, күчтүү от өчөр» [4;52].

Бирок мамлекеттин тиреги анын мыйзамдары менен байланыштуу экендиги да Жусуп Баласагындын дастанынан даана байкалат:

«Түз мыйзам орнотсоң, түзөлөт дүйнөң,
Киши чыкпас, өлкөдө, зомбулук көргөн» [4;52].

Караханийлер доорундагы саясат таанууга байланыштуу бир макал Махмуд Кашгаринин чыгармасы аркылуу бизге маалым:

«Эл калды, төрү калмас» (Мамлекет сакталып калар, адат (салтка негизденген мыйзам) болсо өзгөрөр») [4;52].

Демек, мамлекеттеги мыйзам жана салт улам жаңы доорго ылайыкталып өзгөрүүгө учурары ошол кезде да белгилүү болгон.

Карахандар доорундагы өкүмдарларга тиешелүү сын-сыпаттар бир гана кагандын өз бийлиги үчүн эмес адегенде мамалекеттин өнүгүүсү, тынчтыгы жана келечеги үчүн эң негизги керектелүүчү белги болгон. Жусуп Баласагын маалымдаган бийлик түшүнүктөрүнөн улам, өкүмдар кадимкидей эле сөзсүз ак сөөк тукумунан болушу абзел деп баса белгилейт. Адамдын насили ак сөөк болсо, демек, ал да аксөөк болуп, негизинен жогорку даражадагы кызматтарга ээ болушу белгилүү болот.

«Куттуу билим» дастанында Баласагындын ою боюнча, эл сыйлаган жакшы өкүмдардын эр жүрөк (*тонг йурек*), баатырдык (*катыг*), күчтүүлүк (*курч*) сапаттары болуусу абзел. Анткени, падыша эр жүрөктүүлүк менен гана өз элин ар кандай душмандардан коргой алат. Бул сыпаты менен элге жана өз аскерлерине үлгү боло алат жана аскерлерин эр жүрөктүүлүккө тарбиялайт [5; 64].

Акындын терең философиясындагы акыл берметтери боюнча калкты акылдуу жана билимдүү гана өкүмдар башкара алат деген идеясы бар.

Андыктан, падышалар ар дайым акылды жана билгичтикти туу тутушу абзел. Чындыгында, билгич, көрөгөч, акылдуу падышанын эки дүйнөдө тең даржасы жогору болот. Падыша деген наам билимдүүлүк менен ар дайым үзөнгүлөш жүрөт. Падыша бийликти жана мыйзамды билим менен жөнгө салат, акыл менен башкарат.[5; 65]. Ал өз көз карашын төмөнкүдөй улантат:

Бектер ишинен жаңылыштык кетирсе,
Алардын өкүмдарлыгы сыркоолоп жатат, аны дарылаш керек.

Ал эми өкүмдарлык оорусунун дарысы акыл менен билим. Мындан көрсөк мамлекеттин өкумдары билимдүү, көрөгөч, сезимтал болсо эч качан бийлигин аксатпайт. [5; 68].

Жусуп Баласагындын караханий падышаларына келтирген дагы бир жогору орунга ээ болуучу сын-сыпат бул - *айкөлдүк.* Түрктөр айкөлдүк сөзүн ордуна ырайымдуулук деген сөздү колдонушкан. Айкөлдүк менен бирге өкүмдарга тиешелүү негизги сапат ток пейилдик [5;67].

Жусуп Баласагындын ток пейилдик жөнүндө: ***«Ач көз болбо, ач көз адамдан дүйнөнүн бардык ырыскысы качат. Ач көздүк дарысы жок дарт. Дүйнөнүн бардык байлыгы аны дарылай албайт»*** -деген сөздөрү Карахан мезгилиндеги ток пейилдик маанисин ачып берет [5; 68].

Эл башкарган хандар да, бектер да эл алдында адилеттүү иштеп өз парзын эр-жүрөктүк менен аткарышы керек. Эл алдындагы бектердин парзы жөнүндө төмөнкү бейтте келтирилген:

Бектигимди түбөлүк сактайм десең,
Төрт милдетти өтөгүн, бек тутуп сен.

Демек, Бек бийлигин түбөлүккө сактаймын десе төрт парзды, милдетти аткарышы жана бекем кармашы керек. Жусуп Баласагын жогорудагы төрт милдеттин биринчисин керектүү сөздү таамай айтуу, экинчисин мыйзам жолун бекем кармоо, үчүнчүсүн кең пейил болуп кандай гана иш болбосун дайыма даяр болуусун жана элге камкор, боорукер болууну, ал эми төртүнчүсү

тартынбаган, коркпос баатыр болуп, душман келсе башын жерге ийдиргин деп, эскертет. [6;49].

Сөз аягында Карахандар жашаган мезгилде орто кылымдардагы, тагыраак айтканда, араб маданияты өсүп-өнүгүп, мамлекетик башкаруу системасы ойчулдук менен бийлик жүргүзүлгөндүгүн белгилеп кетким келет. Жыйынтыкта, дүйнөлүк рухий маданияттын ири өкүлү, улуу ойчул, таасын тарбиячы, акылман бабабыз – Жусуп Баласагындын он үч миң сапты түзгөн илимий чыгармасы жазылгандан бери миң жыл өтсө да, адам баласын акылмандыкка чакырып, адамды, табиятты сыйлоого үндөйт жана мураска калтырган накыл сөздөрү, калтырган осуяты өзүнүн олуттуулугун, маанисин жоготпой, жаштарды түз, туура жолго үгүттөп келет.

Адабияттар:

1. Ата Мекен тарыхы: “Окуу – методикалык комплекси» к.и.н., доц. Бегалиева А.С., магистр Соорбеков Н.Э. Бишкек- 2012-ж. 153-б, 156-б, 158-б,
2. М.Тайиров. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастаны жана Караханид хандыгынын бийлик түзүлүшү ” . Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгын арналган жыйнак. Бишкек-2016-ж 71-б
3. “Кыргызстан тарыхы 7-класс» Т.К. Чоротегин , Т.Н. Өмүрбеков. – Бишкек. 2004-ж. 49-б.
4. “Караханийлер мамлекетинин бийлик түзүлүшү” . Решат Генч. –Бишкек. 2004-ж. 64-б., 65-б, 67-б, 68-б.
5. “Куттуу билим” Төлөгөн Козубеков. – Бишкек. 2015-ж. 49-бет, 5902-бейт.

УДК: 9-05 (575.2)

ИСХАК РАЗЗАКОВ – УЛУТТУК ЛИДЕР, ЖАРАТМАН ЖЕТЕКЧИ

Эгемназаров Исхак Сардарбекович, ОшМУ
Илимий жетекчиси – Бекмуратова Р.Т., окутуучу, ОшМУ

Аннотация: *Макалада көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Исхак Раззаковдун 1945-1961-жылдар аралыгындагы журтубузга сиңирген эмгектери баяндалат.*

Ачкык сөздөр: *Борбордук комитет, биринчи секретарь,өнөр жай, өнүгүү.*

ИСХАК РАЗЗАКОВ − НАЦИОНАЛЬНЫЙ ЛИДЕР, РУКОВОДИТЕЛЬ ИННОВАТОР

Эгемназаров Исхак Сардарбекович, ОшГУ
Научный руководитель – Бекмуратова Р.Т., преподаватель, ОшГУ

Аннотация: *В данной статье повествуется о обширных трудах видного государственного деятеля Исхака Раззакова в период его руководства 1945-1961 г.г.*

Ключевые слова: *Центральный комитет, первый секретарь, промышленность, развитие.*

ISKHAK RAZZAKOV− NATIONAL LEADER, LEADER INNOVATOR

Egemnazarov Ishak Sardarbekovich, OshSU
Research supervisor – Bekmuratova R.T., teacher, OshSU

Abstract: *This article describes the extensive works of a prominent statesman IskhakRazzakov during his leadership in 1945-1961.*

Key words: *Central Committee, first secretary, industry, development.*

Кыргыз мамлекети өзүнүн 2000 жылдан ашуун тарыхында “жылдыздуу мезгилдерге” же болбосо “алтын доорлорго” жана ошондой бактылуу кезендердин жаратман, көсөм журт башчыларына ээ болгон уюткулуу жана бактылуу эл экендигине ынанабыз.

Кыргыз Республикасынын 1950-60-70-жылдары да тарыхта “Алтын доор” макамына ээ болгон жана анын сап башында, жаратман жетекчи Исхак Раззакович Раззаков турган.

Исхак Раззаковдун өмүр жолунун эң эле кайгылуу жана муңдуу мезгили бала чагына туш келгендиги боюнча азыноолак кеп кылсак. 1910-жылдын күз айларында Майтонбоз өрөөнүнүн, Коросон кыштагында Берк уулу Раззак менен Сайып кызы Жамийла кубанычка балкып, наристелүү болушат. Бакыраң көздү балага Исхак ысымын, кулагына азан айтышып ыйгарышат. 3 жашка толгон кезинде апасынан ажырап, атасынын жана бир тууган эжеси Жаңылайдын колунда өсөт. Жаш кезинен тарта зээндүү, акыл-эстүү болуп калыптанат. Анын бул сапаттары келечегине чоң жарыгын тартуулайт. 6 жашында болсо атасы Берк уулу Раззактан айрылат. Ошентип томолой жетим калган Исхак, тагасы Абдылла молдонун карамагына өтөт. 6 жашынан баштап ар кайсы бай манаптын колунда иштеп, көрбөгөн күндү көрүп 2 жыл жалданат. 1918-жылы тагасынын көмөгү менен Тажикстандын Хожент шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат. Мына ошол жылдан тарта болочоктогу Исхак Раззаковдун дүйнө таанымы, ой өрүшү өөрчүп, бөлөк чөйрөгө, бөлөк жашоого туш болуп жаркын келечегинин алгачкы кадамдарын аттай баштайт. Балдар үйүнүн тарбиячылары жаш Исхактын зээндүүлүгүн, окууга болгон шыгын байкашып, 1923-жылы Ташкент шаарында жайгашкан Намуна атындагы мектеп интернатына жөнөтүшөт. 1925-жылы педагогикалык техникумга тапшырат, андан соң Самарканд агартуу институтунда билим алууну улантат. Студент кезинде комсомол уюмуна мүчө болуп, бир топ ийримдерге жигердүү катышып, коомдук саясий иштерге камыр-жумур аралашкан, окуу жайдын жана аймактын эң алдыңкы, үлгүлүү жаштарынын катарын толуктайт. Педагогикалык ишмердүүлүгүн 1931-жылы Самарканд соода-техникумунда коом таануу сабагын окутуу менен баштайт. Кыска убакыттын аралыгында бир нече илимий конференцияларга делегат катары

катышып, докладдарды окуп, илимий макалаларын жарыкка чыгарып бир топ көрүнүктүү иштерди жаратат.

1932-1936-жылдары Москва мамлекеттик пландоо институтунда жогорку билим алат. Окууну аяктагандан кийин жазган дипломдук иши жогору бааланып, Окумуштуулар кеңешинин өзүнчө бир китеп кылып басып чыгаруу сунушуна татыйт. 1936-жылдан 1941-жылга чейин, катардагы Фергана облустук пландоо комитетинин төрагалыгынан баштап, Өзбек ССРинин Мамлекеттик пландоо комитетинин төрагалыгына чейин көтөрүлүп, үзүрлүү эмгектенет. 1940-жылы Өзбек ССРинин биринчи секретары Усман Юсуповдун чечими менен, республиканын эл комиссарлар кеңешинин төрагасынын орун басары болуп дайындалат. Бул кызмат менен кошо Өзбек ССРинин эл агартуу комиссары кызматын 1944-жылга чейин аркалайт. 1944-1945-жылдары Өзбек ССРинин катчысы кызматында аз да болсо татыктуу кызмат кылат. 1936-жылдан 1945-жылга чейин өзбек элинде Исхак Раззаковдун опол тоодой салымдары абдан көп. Каардуу согуш жылдарында бала бакчадагы балдарга ысык тамак берүүнү колго алат, билим берүү системасын көтөргөнгө да ири салымын кошот, согуш талаасында сыздап жаткан республикалардын жаш балдар, кыздарын Өзбекстанга алып келүүсүнө толук жоопкерчилигин аткарып, балдарга ыңгайлуу шарттарды түзүүдө чоң эмгек жумшайт. Ушул сыяктуу көрүнүктүү, ары жогорку мактоого арзый турган иш-аракеттери бааланып, Исхак Раззаков “өзбек элинин кыргыз уулу” деген журттун асыл наамына, сый-урматына татыйт. Өзбекстандын журт башчысы Усман Юсуповдун сунушу жана колдоосу менен, 1945-жылы 4-ноябрда КПСС БКнын Саясий бюросунун чечими менен И.Раззаков Кыргыз ССРинин Министрлер Кеңешинин төрагасы кызматына дайындалып, мисир туткан Ала-Тоосуна кайтып келет.

1946-жылы августта Кыргыз ССР Жогорку Советинин 11-сессиясында жалпы союздук планга ылайык республиканын эл чарбасын 1946-1950-ж.ж. калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн беш жылдык планын кабыл алган.

Бул план боюнча эл чарбасын калыбына келтирүүнү тезирээк аяктоо, оор өнөр жайдын, өзгөчө анын тоо кендерине, суу энергетикасына, айыл чарба сырьелоруна негизделген тармактарын өнүктүрүү, илимий-техникалык прогрессти күчөтүү, ишканаларды квалификациялуу адистер менен камсыз кылуу, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу милдеттери коюлган. Беш жылдык план боюнча 1950-жылы республиканын өнөр жайы 360 млн.сомдук продукция өндүрмөк. Бул 1940-жылга салыштырмалуу 94 процентке көптүк кылган. Биринчи кезекте оор өнөр жайын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Кыргыз ССРинин Министрлер кеңешинин төрагасы Исхак Раззаковдун демилгеси жана аракети менен 20 чоң өнөр жай ишканалары эл чарбасынын пайдалануусуна киргизилген. Алардын катарында Лебединовка, Аламүдүн 1,2, Үч Коргон ГЭСтеринин курулушу бүткөрүлүп, Токтогул ГЭСинин иштери башталган. Орто Токой, Папан, Төрткүл, Киров суу сактагычтары, Отуз Адыр, Чоң Чүй, Кулунду каналдары жана бир топ суу чарба курулуштары толугу менен бүткөрүлгөн. Аны менен катар Кызыл-Кыя жана Сүлүктүдөгү жаңы шахталар, Кант түстүү металлургия ишканасы, “Кыргызавтомаш” заводу, Ош электр-механикалык заводу, Фрунзе шаарындагы оңдоо-механикалык жана асфальт-бетон заводу, Таластагы кыш заводу ишке киргизилген. 1948-жылы 172 чакырымга созулган Кант-Балыкчы темир жолунун бүткөрүлүп, ишке кириши кичинекей республиканын жетишкен чоң ийгилиги болгон. Андан сырткары эң ири машина куруу тармагы өнүп-өсүп М.В.Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын куруучу ири завод, текстиль, трикотаж, бут кийим фабрикалары ишке киргизилген. Биринчи беш жылдыктын планы толугу менен ишке ашырылып, Кыргыз ССРи КПСС Борбордук комитетинин жогорку мактоосуна арзыган. 1950-жылы 7-июлда КПСС БКнын Саясий бюросунун башында турган Сталиндин буйругу менен И. Раззаков Кыргыз ССРинин биринчи катчысы кызматына, кыргыз улутунун туңгуч өкүлү катары бекитилет.

Исхак Раззаковдун тушунда өлкөбүздүн билим берүү, илим жана маданият тармактары эбегейсиз бийиктикке жеткен. Илимди терең түшүнгөн, маданиятты, улуттук адабиятты, искусствону өзгөчө кадырлап, кастарлаган Исхак Раззаков бул өңүттөн терең ой калчап, маданиятсыз, билим жана илимсиз өлкөнүн эртеңки жаркын келечегин жаратуу мүмкүн эместигин түшүнөт. 1950-жылдары И. Раззаковдун талыкпаган аракетинин натыйжасында Кыргыз педагогикалык институту, Кыргыз мамлекеттик институту болуп түзүлөт. Дене тарбия, Кыз келиндер, Пржевальск педагогикалык институттары ачылат. Ош мугалимдер институту Ош педагогикалык институту болуп түзүлүп, кошумча жаңы адистиктер киргизилет, окутуучулардын, студенттердин саны жогорулап, ОшПИнин материалдык-техникалык базасы кеңейип, жаңы окуу корпустары салынат.

1954-жылы республиканын тарыхында алгачкы жолу инженердик жана техникалык багытта Фрунзе политехникалык институту негизделет. Дал ошол жылы Кыргыз ССРинин Илимдер академиясы ачылат. Жаш кыргыз окумуштууларынын санын көбөйтүү, аспирантурага, докторантурага кыргыз жаштарын тартуу, Ленинград, Москва шаарларына окууга жөнөтүү чараларын өз колуна алат. 1958-жылы август айында И.Раззаков атайын токтом бекитет. Анда 3-класстан баштап 10-класска чейин милдеттүү түрдө кыргыз тилин окутууну киргизүү жагы дыкаттык менен каралып, ишке ашат. Окуу программасын жана методикасын иштеп чыгууну тапшырат. ЖОЖдордун студенттерине да кыргыз тилин окутуп баштоону буюрат. Кийинчерээк бул иш, аны кызматынан кетүүсүнүн бирден бир орчундуу себеби болот. Фрунзе шаарын борбор катары, калыптанып, өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурган. 1958-жылы республиканын тарыхында алгачкы троллейбустук линияны борбор калаада ачтырат. 1957-жылы кыргыз экранынын жүзү болгон, улуттук теле студиясын түптөп, обого чыгуусуна көп эмгек жумшайт. 1958-жылы Москвадагы Кремлдин чоң залында кыргыз маданиятынын жана искусствосунун 2-декадасынын өтүшүнө абдан көңүл бурат. Улуттук

адабиятты, акын-жазуучуларды, маданият, искусство, театр ишмерлерин өзгөчө урматтап, алкыштап турат. 1957-жылы Кыргыз ССРи ченемсиз ийгиликтерге туш болот. Алгач 45 адам айыл чарба жаатында мыкты жетишкендиктерге ээ болгону үчүн Социалисттик Эмгектин Баатыры наамына татыйт. Маданият жана адабият ишмерлери бир топ мамлекеттик сыйлыктарга да ээ болушат. Айыл чарба тармагында мыкты көрсөткүчтөргө ээ болгону жана бешинчи беш жылдык план ашыгы менен ишке ашкандыгы үчүн Кыргыз ССРи 1957-жылы Ленин ордени менен алгачкы ирет сыйланат.

1961-жылдын 10-майында Кыргыз ССРинин кезексиз 6-пленумунда Исхак Раззаковго далили жок каталар, кемчиликтер таңууланып, эл-журттун астында уяткарып кызматынан алышат. Кызматынан кеткен соң, Москвага жөнөтүлүп СССРдин Мамлекеттик пландоо комитетинде 1970-жылга чейин эмгектенет.

Исхак Раззаковдун бүтүн өмүр таржымалы, эл үчүн арнаган эмгектери, асылдыгы жана бийиктиги тууралуу азын оолак баяндаганыбыз аздык кылат. Бул макала улуу инсандын өмүр жолунун бир уучун гана баяндады десек туура болор. Кандай гана кезеңдерге туш болбойлу, ким жана кандай адам болбойлу дайыма улуу инсаныбыз калтырып кеткен: “Коом деген - сени менен мен. Сен ак болсоң, мен ак болсом, коом да таза болот”,-деген накыл кебин жүрөгүбүздүн түпкүрүндө туу тутуп, бийик кармансак анда келечегибиз мындан ары жаркын жана бакубат болот.

Адабияттар:

1. И.Раззаков “Жизнь, отданная народу: сборник документов и материалов” Б-2010
2. Кыргызстан тарыхы. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А.-Бишкек 2001.
3. Исхак Раззаков-Кыргызстандын залкар уулу. Илимий докладдар, макалалар, эскерүүлөр. Бишкек-2010.

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ

УДК 659.123.14(575.2)

Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ – МЕНИН ЖАШООМ

Алимжан кызы Мээрим, КӨУ
Илимий жетекчиси – Адышева Н. К., окутуучусу, КӨУ
E-mail: n_adysheva@mail.ru

Аннотация: *Макалада заманыбыздын залкар жазуучусу Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы адеп-ахлак идеясы изилденди. Ааламдашуу доорунда адамдын жашоодогу орду, анын улуулугу, бири-бирине болгон мамилесин, табигатка болгон көз карашын ачып берүүгө аракет жасалып, анализденди. Изилдөөдө Айтматовдун чыгармаларынын философиялык өңүттөн талданды жана айтматовтаануу багытында иш алып барган илимпоздордун эмгектери пайдаланылды. Аалам жазуучусунун мурастарынын гуманизмге, толеранттуулукка жана оптимизмге толгон баалуулуктары кайрадан иликтөөгө алынды. Теманын илим жана практика үчүн маанилүүлүгү автор көтөргөн маселелердин бүгүнкү күн менен үндөшүп, глобалдуу көйгөйлөрдү чагылдырып, философияда келечекти божомолдоодо таасири тиет деген пикирдемин.*

Ачкыч сөздөр: *Адам, адамгерчилик, абийир, өмүр, өлүм, тарбия, толеранттулук, жакшылык, адеп, наркомания.*

МОЯ ЖИЗНЬ – ПРОИЗВЕДЕНИЯ Ч. АЙТМАТОВА

Алимжан кызы Мээрим, КУУ
Научный руководитель – Адышева Н. К., преподаватель, КУУ
E-mail: n_adysheva@mail.ru

Аннотация: *В статье исследуется нравственная идея в произведениях выдающегося писателя нашей эпохи Ч. Айтматова. Была попытка раскрыть, проанализировано место человека в жизни, его величие, взаимоотношение, отношение к природе в период глобализации. При исследовании проанализированы философская аспекта произведений Ч.Айтматова и были использованы труды ученых, занимающихся айтматововедением. Вновь исследуется полны гуманизма, толерантности и оптимизма ценности наследие мирового писателя. Я думаю, что значительность темы для науки и практики в том, что поднятые автором задачи перекликаются с сегодняшними днем,*

отражают глобальные проблемы и повлияют по построение предположение будущего в философии.

Ключевые слова: *Человек, человечность, совесть, жизнь, смерть, воспитание, толерантность, доброта, нрава, наркомания.*

THE MY LIFE IN THE WORKS OF CH. AITMATOV

Alimjan kyzy Meerim, KOU
Research supervisor – Adysheva N.K., techer, KOU
E-mail: n_adysheva@mail.ru

Abstract: *The article explores the moral idea in the works of the outstanding writer of our age, Ch. Aitmatov. There was an attempt to uncover, analyze the place of man in life, his greatness, relationship, attitude to nature in, the period of globalization. The study analyzed the philosophical aspect of the works of Aitmatov and used the works of scholars involved in the subject of Aitmatov. His studies are full of humanism, tolerance and optimism of the value of the world writers heritage. I think that the significance of the topic for science and practice is that the tasks raised by author's echo the present day, reflects global problems and influence the construction of the assumption of the future in philosophy.*

Keywords: *Man, humanity, conscience, life, death, upbringing, tolerance, kindness, character, norcomania.*

Улуу замандашыбыз – дүйнөлүк масштабдагы жазуучу, кыргыз элинин залкар адамы Ч. Айтматов көп кырдуу чыгармачылыгында дүйнөлүк адабияттагы жаңы багытты ачып, анда элдик даанышмандык, адам улуулугу, акыл-эс сыяктуу баалуулуктарды, философиялык жана психологиялык өңүттөн изилдөөгө алынды. Анын чыгармаларында улуттук өзгөчөлүк, учурдун актуалдуу көйгөйлөрү, адамдын рухий жана адептик касиеттери, акыйкат жана адилеттүүлүк маселелери башкы орунда турат. Улуу жазуучу өз мекенинин чыныгы уулу болуу менен кыргыз элинин тээ байыртан тутунган баалуулуктарын дүйнөлүк деңгээлге чыгарып, аны менен тааныштырган. Адамгерчилик, улуу адеп-ахлакты туу туткан инсан катары ааламдашуу шартындагы көйгөйлөрдү көркөм сөз менен коомчулукка ачыктаган.

Заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов өзүнүн жашап өткөн өмүрүндө патриотизмге, гуманизмге, толеранттуулукка жана

оптимизмге жык толгон чыгармаларды жараткандыгы жалпыга белгилүү. Анын чыгармалары көптөгөн тилге которулуп, дүйнө элине тараган. Демек, бул жазуучу көтөргөн проблемалардын актуалдуулугунан, анын талантынын дүйнөлүк деңгээлинен кабар берет. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына мүнөздүү өзгөчөлүк фольклор, терең философиялык ой толгоолор, адам жана анын тегерегиндеги нравалык-этикалык маселелер.

Чыңгыз Айтматовдун өмүрү – анын жазган чыгармалары менен тамырлаш, тагдырлаш. Бала чагы сталиндик доор менен башталып, андан кийин улуу держава СССРдин аймагындагы бардык саясий окуялар менен байланышта өткөн. Атасынын саясий репрессияга тушугушу, балалык мезгил менен коштошуп, эрте кагылып, турмушка бышып, ак-караны айырмалаган инсанга айланткан. Анын жашоо тагдыры, ал жашаган доор чыгармачылыгынын башкы темасына айланган. Кыйын кезеңге туш келген балалык, атасыз өсүү, коомдогу карама-каршылыктар анын чыгармачылыгынын өзөгүн түзүп, аны дүйнөлүк алкактагы улуу инсан катары тарбиялады. Өзү жашап жаткан мезгилдин кубанычы менен кайгысы, жыргалы менен азабын жазуучу аң-сезимдүү туя билип, «коомдук илдеттерди» чыгармаларында чагылдырып, окурмандарга ар тараптуу ачып берди [9;151].

XX кылымдагы социалдык катаклизмдерди, согуштун каарын, социалдык турмуштагы катаал чындыкты көркөм аңдоого умтулган, философиялык, нравалык-этикалык, экологиялык-глобалдык маселелерди кабыргасынан койгон дүйнөлүк жазуучу өз чыгармаларында аалам жана адам, адам жана табигат, жеке адамдын тагдыры жана идеология өңдүү маселелер камтылып, ал маселелер тарыхтын жана адам тагдыры аркылуу көркөм иликтөөгө алган. Философиядагы адам проблемасы Ч. Айтматовдун чыгармаларында башкы орунда. Адамдын жашоодогу орду, ыйманы, турмуштагы карама-каршылыктары, дегеле тагдыр деген эмне, анын мааниси кандай суроолору орошон ойчулду түйшөлдүрүп, ага чыгармаларында жооп

издейт. Бул тууралуу белгилүү окумуштуу А.Акматалиев: “Тагдыр бир чети адам баласынын бешенесине жазылган, адамдык табияты менен бирге бүткөн жазуу болсо, экинчиден, ошол жазылган тагдырын өмүрүндө ардактап, барктап алуу, ага этият мамиле кылуу жеке адамдын акылынан, үчүнчүдөн, тагдыр аны курчап турган чөйрөгө да тыгыз байланыштуу болот эмеспи. Таксыр тагдырдын буйругу менен адам жашоонун жакшы-жаманын таанып билүүгө аргасыз”-дейт [4, 11].

Залкар жазуучу адам рухий күчтү, өзүнүн жашоо принциптерине туруктуу, эң негизгиси адам акыл-эсти, жакшылыкты, тынчтыкты, гумандуулукту, адилеттүүлүктү, сабырдуулукту алып жүрүүсү зарыл деген.

Чыңгыз Айтматов көп кырдуу жашоонун адиси катары өз чыгармаларын жараткан, реалдуу жашоодон четтеген эмес. Тескерисинче, адам проблемасы аалам бийиктигине чейинки аралыкта талданган. Негизги жашоо өзөгү – адам качан гана жогорку моралдык жана нравалык принциптеринин негизинде өз жашоосун кура алса, ал эми техникалык прогресс менен нравалык мамиле шайкеш келбесе, адамзат цивилизациясы ийгиликтүү өнүгө албайт. Анын окурмандарга калтырган белеги жакшылык, нравалуулук, толеранттуулук, жалпы адамдык улуу касиеттер, бабаларыбыз калтырган маданий баалуулуктарын сактоо, асыроо менен учурдагы ааламдашуу цивилизациясынын проблемаларына даяр болуп, туруштук берүү, ошондой эле артта калып калбоо. Кыйынчылыктарга карабастан, адам болуп калуунун өзү чоң жетишкендик. Залкар жазуучунун пикиринде адамга күндө адам болуу баарынан кыйын. Мисалы, “Ак кеме” повестинде Бугу-Эне жөнүндөгү миф менен эс тарткан бала таятасынын өзү ыйык туткан маралдарды атканын көргөндөн кийин, ага ишеничи жоголгонун көрөбүз [2]. Момун чал канчалык адилеттүүлүктү көкүрөгүндө жактап турса да, чыгарманын финалында ал бүтүндөй психологиялык жактан өтө татаал сыноого кептелип, өзүнүн нравалык принциптеринен таят. Мына ушундай чоңдордун дүйнөсүндө ата-энесинен тирүүлөй жетим калган баланын тагдыры

чыгарманын аягында трагедиялуу чечилишке ээ болот. Чоңдордун жасаган ишинен психологиялык жактан өтө оор жаракат алган баланын мындан башка аргасы калбайт. Өзүнүн идеалы болгон Бугу-Эненин кор болуп тебеленгенин көргөн бала ата мээримин, ата сыймыгын эңсөөдөн улам кыялында өзү жаратып алган экинчи идеалы Ак кемеге балык болуп сүзүп кетүүнү жападан жалгыз жол катары тандап алды. Мындан көрүнүп тургандай, баланын эң, жакын адамына эле эмес, коомго ишеничинин жоголгондугун туюуга болот. Ал тегерегиндегилер аны түшүнгүсү келбегенин, жашоодо сөзү менеи иши айырмаланган адамдардан чарчаганын сезет. Таятасынын кылган иши, анын ишенимин өлтүрүп, башка дүйнөнү тандоого түртөт. Жалпылап айтканда, повестте адам-табият, адамгерчилик, ишеним жана улуттук маданият маселелери философиялык өңүттөн талдоого алынган.

Ал эми «Саманчынын жолу» чыгармасында башкы каарман Толгонайдын улуу адам экендигин баяндайт. Бирдей бой жетип, эл керегине жараган үч уулунан жана өмүрлүк жолдошунан ажыраган АЯЛ, ЭНЕ башка түшкөн мүшкүлгө мүңкүрөбөй, белин бекем бууп өз кызматын аркалайт. Башка бирөөнүн тукуму болсо да жерибей, адамзаттын тукуму уланат деп, неберем деп чоңойтуп, адамгерчилик сапатты даңазалайт. Чыгармада көрүнүп тургандай, эң башкысы социалдык катаклизм – согуш. Адам баласын курут кыла албашына ишеним менен карап, жашоо улайт. Адамзат жаралып, кайра өлөт экен. Карап көрсөк, алмустактан бери өкүм сүрүп келген бул көрүнүш философиядагы башкы маселелердин бири. Бири өлүп, анын орду экинчиси менен толукталып, жашоо, адам тукуму улана берери чыгармада көркөм сөз менен баяндалган. Кээ бир адамдын аты болгону менен эмнеге жашап жатканын түшүнүп-түшүнбөй өтсө, айрымдары Толгонай сыяктуу тарыхта өлбөс-өчпөс из калтырат [2].

“Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повести адамдардагы сабыр, үмүт жана келечекке умтулуу маселелерин баяндайт. Чыгарманын негизги идеясы деңизде улуу туманда калган аңчылардын адамдык улуулугу. Чыгарма кандай

шартта болбосун адам улуугун сактап, келечек муунга топтогон тажрыйбасын берип, муундар аралык байланышты улантуучулукту даңазалайт. Кыйын кезеңде тагдырдын сыноосуна туруштук берип, адам бойдон калып, келечек муун жөнүндө кам көрүү улуулардын парзы экендиги көркөм сөз менен сүрөттөлөт [2].

Чыңгыз Айтматовдун философиясы адамзаттык баалуулуктарды тарбиялоого, жаратылышка аяр мамиле жасоого, улуттук маданиятты сактоо менен ырааттуулукка чакырып, келечек муунду тарбиялоодо чоң маниге ээ. Учурда өсүп келе жаткан жаш муунду акыл-эстик, адеп-ахлактык, дене тарбиялык, эмгектик жана эстетикалык жетилүүсүнө көмөктөш болуу, алардын чыгармачылык өнүгүшүнө тийиштүү шарттарды түзүү, алардагы гумандуулук мамилени калыптандыруу, ар бир жеке билим алуучунун өз алдынчалуулугун эске алуу менен гармониялык өнүгүүсүн камсыз кылуу коом алдындагы кечиктирилгис милдет болуп келет. Адамды тарбиялоодогу коюлган проблема Чыңгыз Айтматовдун эң алгачкы аңгемесинен тартып учурдагы аалам, космос, адам тууралуу жазылган чыгармаларынын баарында камтылган. Адамдагы акыл-эстин калыптанышы, аныкталган билимдерге ээ болуу, учурдун күрөө тамырын билүү эң жакшы касиет, бирок адам, улут, адамзат коомунун бир бөлүгү болгон соң, ошол өзү чыккан элдин улуттук өзгөчөлүгүн өзүнө алуу да адамдык бийик парасаттын бир белгиси.

Инсанды ар тараптан жана гармониялуу тарбиялоонун негизги бөлүгү - эмгекке тарбиялоо. Адамды эмгекке тарбиялоодо жүрөгү таза, келечек жыргалчылыгы үчүн жанын аябай күрөшкөн Дүйшөндүн, Алтынайдын, Толгонайдын, Султанмураттын, Эдигейдин образында ачык сүрөттөлөт. Согуштун апаат күндөрүндө өздөрүн “Аксай десанты” атаган топ, андагы али жаш болсо да элдин камы үчүн жан үрөп иштеп, фронтко өз салымын кошсом деген уландардын тагдыры, жеңиш үчүн керек десе жанын аябаган иш-аракети жаш муундарды эмгектенүүгө чакырып, эмгек эрезеге жеткирерин тымызын айтып тургансыйт. Ал эми Алтынайдын образы билим, тарбия алуудагы

жигердүү эмгектенүүсү ак эмгектин ачык күзгүсү. Кеч күздө согончогун ташка алдырып, суукка тоңуп, албан кыйынчылыктарды башынан кечирип, билим алып, ага көмөкчү болгон Дүйшөндүн иш-аракети, турмушунун өйдө-төмөнүндө мүдүрүлүп жыгылып, ак эмгектин натыйжасында турмуштук тажрыйбага ээ болуу менен интеллектуалдык каарманга айланышы башкалар үчүн үлгү болорунда шек жок [8;43].

“Кыямат” романынындагы өзөктүү проблема бул наркомания. Акыл-эси тумандап, ак-караны ажырата албаган адамдан эмнени күтүүгө болот? Учурдагы глобалдык проблемалардын бири болгон наркоманияга каршы азыртан ойлонуп, ага карата иш-аракеттерди азыртан көрбөсөк, адамзаттын келечегин тумандаткан бул илдетке учурунда көңүл буруп, жаш муундарды андан алыс тарбиялоого үндөө идеясы көтөрүлөт [2]. Ошол идеяны жаш муундардын көңүл чордонуна коюп, ага карата жигердүү иш жургүзүү бүгүнкү күндүн негизги максаты. Мындай социалдык илдеттердин инсанды калыптандыруудагы терс таасирин, кемчилигин, кыргыздын тамырына чабылган балта сымал ордун автор өтө маанилүү маселе катары түшүндүргөн.

“Тоолор кулаганда” романында да Айтматов “адам тагдыры” темасына басым жасаган. Чыгармадагы каармандар бүгүнкү күндүн адамдары. Аларды учурдун проблемалары, байлыкка кызыгуу адамдык касиетин жоготуп, чексиз караңгылыкка түртөөрү сыяктуу көйгөйлөр ойлонтот. Чыгарма жарыялангандан кийин жазуучу массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнүн суроолоруна жооп берип жатып, бул романы жөнүндө: “Чыгармаларымдын ичинен “Тоолор кулаганда” романы - менин жаңы эмгегим, жаңы сөзүм. Бул китеп азыркы доордогу ааламдашууну жана учурдагы биздин тагдырыбызды чагылдырат”, - дейт [1;217].

Жыйынтыктап айтканда, улуу калемгердин чыгармаларында көтөрүлгөн маселелер түбөлүктүү жана ар кайсы мезгилде доор талабына ылайык актуалдуу бойдон кала бермекчи. Ургаалдуу заман агымында күн сайын адам болуу биздин башкы парзыбыз, ошого ылайык турмуш өткөрүүбүз абзел.

Айтматовдун чыгармачылыгы – кыргыз элинин түгөнгүс рухий казынасы, адеп-ахлактын туу чокусу, улуттук мүнөздүн күчү. Автор көтөргөн маселелердин башында адамгерчилик, философиялык көрөңгө, азыркы учурдун маанилүү маселелерине ой-толгоо, аалам жана адамдын өз ара байланышынын мейкиндиктеги бейнеси турат. Адам жана анын ак иши, сүйүү жана үмүт, Жер бетиндеги жашоо жана келечек үчүн өзүн курмандыкка чалуу – эң башкы баалуулуктар болуп саналат. Ал бир гана эл же мамлекет эмес, жалпы адамзаттын көйгөй-маселелерин көтөрүп, дүйнөлүк интеграция башталганга чейин эле “азыр адамзатта жаңы, планетардык ойлонууну калыптандыруу зарылчылыгы келип чыкты”-деп, биринчилерден болуп айткан.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. «Биз дүйнөнү жаңыртабыз дүйнө бизди жаңыртат” - Ф.1988, 296-бет
2. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы. – 8 томдук. – Б., 2014.
3. Асаналиев К. Көркөм нарк - Ф.,1988.
4. Акматалиев.А. Аалам, адам жана Жаабарс – Б., 2006,11-б
5. Акматалиев А. Чингиз Айтматов: человек и вселенная. – Б., 2013.–57-6
6. Асаналиев К. Движение во времени. – Фрунзе, 1978. – 276.
7. Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века. – Б.,2012.- Т.2, с. 248.
8. Муратов А. Ч.Айтматов – жазуучу педагог. – Б., 2006
9. Тагаев Б. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы трагедиялуулук. – Б. 2005, 152-б.

УДК: 81’(001.53)

МААЛЫМАТ АЛМАШУУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТАЖРЫЙБАСЫ

Асилбек кызы Мадина, ОшМУ
Илимий жетекчиси – ф.и.к.,доцент Н.Мапаева, ОшМУ

Аннотация: *Макалада маалымат алмашуунун түрлөрү боюнча түшүнүк берилди. Маалымат алмашуу кыргыз элинин жашоосунда байыркы мезгилде эле күчтүү өнүккөндүгүн далилдей турган факт-материалдар, иликтөөлөр жана тажрыйбалар сунуш кылынды.*

Ачкыч сөздөр: *маалымат алмашуу, тилдик маалымат алмашуу, тилдик эмес маалымат алмашуу, “Манас”эпосу, сөз багуу, кеп таптоо, сүйлөө маданияты, угуу маданияты.*

КЫРГЫЗСКИЙ НАРОД ОБМЕНА ИНФОРМАЦИЕЙ

Асилбек кызы Мадина, ОшГУ
Научный руководитель – к.филол.н.,доцент Н.Мапаева, ОшГУ

Аннотация: *В статье рассматривается вопрос о видах обмен информаций. Также в работу включены материалы исследований и опыт который отрожает факты того что обмен информаций был развит в жизни кыргызкого народа еще с древнейших времен.*

Ключевые слова: *обмен информаций, языковой обмен информации, невербальные коммуникации, эпос “Манас”, обогащения слов, словооброзование, культура говорения, культура слушания.*

THE KYRGYZ PEOPLE OF INFORMATION EXCHANGE

Asylbek kyzy Madina, OshSU
Research supervisor – c.filol.s., docent N. Mapaeva

Abstact: *The article deals with the question about types of communication. The work also includes fact-materials, researching and experiences which reveal those facts that communication was developed in Kyrgyz people’s life since ancient times.*

Keywords: *communications, language communication, non verbal communication, the epos "Manas", wordbuilding, enriching speech, speaking culture, listening culture.*

Тексттин табиятын толук аңдап билүү үчүн адам баласынын маалымат алмашуусунун зарылчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн, белги, касиеттерин терең иликтөө зарыл [5;167]. Кыргыз тил илиминде филология илимдеринин докторлору, профессорлор: С. Өмүралиева, С. Мусаев, Б. Усубалиев, Т. Аширбаев, Ж. Мамытов, А. Абдыкеримова, З. Дербишева, К. Дүнканаев, Т. Маразыковдор – кыргыз тил илиминде маалымат алмашуунун табияты, текст таануу маселелери, стилистика, лингвопрагматика, когнитивдик тил илими багытында изилдөө иштерин жүргүзгөн окумуштуулардын катарын түзөт. Бирок маалымат алмашуу маселеси боюнча бүгүнкү күндө окумуштуу Т. Маразыковдун эмгектери алгылыктуу деп эсептелинүүдө. Анткени Т. Маразыков эмгектеринде маалымат алмашуунун теориясын, мыйзам ченемдерин, буга чейин ата-бабаларыбыз тарабынан түзүлүп, өнүктүрүлүп келген маалымат алмашуунун жол жоболорун, адат-салттарын, сүйлөө маданиятын, угуу маданиятын комплекстүү изилдейт. Баарыбызга белгилүү болгондой эле текст – маалымат алмашуунун бирдиги. Ал эми анын бүтүндөй табияты, түзүлүшү жана ишке ашуу механизмдери, технологиясы, маалымат алмашуусунун мыйзам ченемине, ал-абалына ылайык ишке ашат. Демек, маалымат алмашуунун өзүн, анын көп кырдуу, диалектикалуу мүнөзүн аныктоо тексттин табиятын ар тараптан таанып билүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзөт.

Маалымат алмашуу деген эмне? Маалымат алмашуу туюндуруучу (айтуучу, жазуучу) менен кабыл алуучунун (угуучунун, окуучунун) ортосунда ишке ашат. Мында эң негизги маселе кандайдыр бир маалыматтын туюндурулушу. Маалыматты туюндуруу зарылчылыгы маалымат алмашуунун өзүн жаратты. Анын көп түрдүү, көп кырдуу табиятын калыптандырды [4;5].

Маалымат алмашуу айлампасы жана андагы илимий-теориялык урунттуу маселелер тууралуу буга чейин көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Алар: Головин Б.Н., 1980; Мусаев С.Ж., 1993,2000; Александров Д.Н., 1999; Баева О.А., 2001; Бельчиков Ю.А., 2000; Плещенко Т.Б., Федетова Н.В., Чечет Р.Г., 1999; Введенская Л.А., Павлова Л.Г., Кошаева Е.Ю., 2000; Шейнов В.П., 2001; Хазагеров Г.Г., 2001-ж. [5;16].

Адам баласы жаралгандан тартып эле маалымат алмашуунун ар түрдүү жолдорун, түрлөрүн ойлоп тапканын жана бул багытта көптөгөн иш-аракеттерди жасаганын байкоого болот. Мисалы, бири-бири менен маалымат алмашуусу эки түрдө жүргөн.

1.Тилдик эмес маалымат алмашуу. Мында маалымат алмашуу тилдик каражаттардан башка белгилер аркылуу ишке ашат. Тактап айтканда, мимика, пантомимика, ымдоо, жаңсоо, баш ийкөө, сүрөт, музыка, бий, ар түрдүү шарттуу белгилер, ар кандай символикалар жана башка каражаттар аркылуу маалыматтарды туюндурушкан. Бул эң алгачкы маалымат алмашуу катары эсептелинет. Бирок тилдик эмес маалымат алмашуу толук кандуу маалыматты жеткире албай калган. Ошонун натыйжасында, зарылдыктын айынан тилдик маалымат алмашуу калыптана баштаган [4;6].

2.Тилдик маалымат алмашуу. Мында маалымат алмашуу тилдик каражат аркылуу ишке ашат. Тактап айтканда, айтуучу (туюндуруучу) угуучуга (кабыл алуучуга) өзүнүн оюн, сезимдерин, маалыматын тилдик каражаттарды колдонуу менен туюндурат [4;6]. Тилдик маалымат алмашуу - адам аң-сезиминин жогорку деңгээлде өнүгүшүн тастыктайт. Жаралышы боюнча тилдик эмес маалымат алмашуудан кийин жаралганы менен маалымат алмашуунун универсалдуу жана үстөмдүк жолуна айланды. Бирок маалымат алмашуу табияты боюнча өтө татаал кубулуш богондуктан, аны тилдик маалымат алмашуу менен эле чектеп коюуга болбойт. Тактап айтканда, бул маалымат алмашуунун эки түрүн биринен-бирин өйдө-төмөн коюу мүмкүн эмес. Анткени, бул эки түшүнүктүн өздөрүнө жараша артыкчылыгы,

уникалдуу мүмкүнчүлүктөрү бар. Ошондуктан, экөөнү бөлүп кароого болбойт. Бирин-бири толуктап турат десек жаңылышпайбыз. Маселен, тээ ата-бабаларыбыз жашаган доордон бүгүнкү күнгө маалыматтар кайдан келди деп ойлойсуз? Албетте, маалымат ташка чегилип жазылган рун жазууларынан, саймалы таштардан, ошондой эле элдик оозеки чыгармачылыктан (эпос, дастан, айтыштар, жомоктор, уламыштар ж.б.) байыркы ата-бабаларыбыз жашаган доордон, ошону менен бирге “Манас” эпосунда кеңири берилген. Тилдик изилдөө, тилге болгон мамиле дал ушул элдик оозеки чыгармаларда, тактап айтканда, “Манаста” камтылып турат. “Манас” эпосун кайсы бир деңгээлде кыргыз тилинин стилистикасы, сүйлөө маданияты боюнча үлгү ала турган окуу китеби катары да карасак болот. Анткени эпосто жан дүйнө бийиктиги, ой санаанын бийиктиги, таасирдүү, маданияттуу сүйлөөнүн негизин түзөрү, сөздү колдонуунун бүтүндөй маданияты, сөзгө маани чегерип, аны кубулта билүү өнөрү мыкты чагылдырып берилген. Ошондуктан “Манас” эпосу кыргыз элинин бүтүндөй философиясы, идеологиясы, дүйнөнү көркөм-эстетикалык кабыл алуусу жана аны көркөм чагылдыруусу гана эмес, кыргыз элинин көп кылымдардан бери түптөлүп келген тилдик түшүнүктөрүн, илим-билимин, тилдик туюмун, тилдик ой жүгүртүү тажрыйбаларын, сүйлөө өнөрүн да көрсөткөн улуу чыгарма [2;53].

Кыргыздар кеп багып, сөзгө чоң маани берип, өнөр алды - кызыл тил деп, сөздү баалап, ар бир сөздү салмактап сүйлөгөн, рухий байлыкты материалдык байлыктан жогору койгон элбиз. Адам баласынын ички дүйнөсүнө азык болуучу байлыктарды камтый турган алтын казынабыз - көркөм сөз өнөрү бар. Анын сыңарындай, тээ байыртан кеп таптаган бабаларыбыз коргошундай салмактуу сөзүнүн күчү менен бүтүндөй элди кан төгүүдөн, кыйроодон сактап келген. Мына ошондуктан сөз баккан, сөз сыйлаган, кеп таптаган адамдар кыргыз элинде сүйлөө маданиятын көпчүлүккө таратып, өзүлөрү элге дайыма үлгү болуп турушкан. Андай

адамдар ар дайым сый-урматка бөлөнүшкөн. Сөздү сөз келгенде айтпаса, сөз атасы өлөт деп, сөзгө аяр мамиле жасап, өз учуру келгенде айта билишкен. Ошентип, элибизде “сөз багуу” деген түшүнүктүн болушу бизде сүйлөө өнөрү күчтүү өнүккөндүгүн айгинелеп турат. Мунун өзү эле кыргыз эли байыркы мезгилдерде тилди иликтөөгө көңүл бурганын, маалымат алмашуунун жол-жоболору, салт-санаалары мурда эле калыптанып, мыкты өөрчүгөндүгүн көрсөтүп турат.

Илим-билими жок эл болбойт. Ар бир элдин илим-билимин алып жүрүү, аны сактап жана өнүктүрүүнүн ар кандай жолдору болот. Айрым элде илим-билим жазуу түрүндө сакталып өнүктүрүлсө, кээ биринде оозеки түрдө өнүгөт. Биз көчмөн эл болгондуктан, көчмөн турмуштун шартына ылайык, бүтүндөй өнөрүбүздүн бардык түрлөрүн көкүрөгүбүзгө сактап келген элбиз. Оозеки түрдө илим-билим муундан-мууна өткөрүлүп ушул күнгө жетти. Ушул өңүттөн караганда, байыртадан бери кыргыз элинде тилди иликтөө, таанып билүү иши оозеки түрдө өнүккөндүгүн байкоо кыйын эмес. Бүгүнкү күндө да сөз баккан бал тилдүү чечендерден, ак таңдай акындардан жана улуу өнөрдү алып жүргөн манасчылардан уучубуз кур эмес. Бул да болсо кыргыз элинин, кыргыз тил илиминин бир өзгөчөлүгү деп ойлойбуз.

Демек, кыргыз тил илиминде сүйлөө, сүйлөө маданияты жаңыдан гана илимий изилдөөгө алына баштады, кыргыз элинин сүйлөө маданияты жаңыдан гана өнүгүп келе жатат деген түшүнүк – жаңылыш түшүнүк. Себеби карт тарыхты ичине камтыган кыргыз элинин маданияты байыркы мезгилдерде эле жогорку деңгээлде өнүккөнү белгилүү экени жогоруда көрүнүп турат.

Кыргыз элинде сүйлөө маданияты өзгөчө бийик бааланган. Ал маданият көп кылымдар бою турмуштук катаал сыноолордон өткөн. Бүгүнкү күнгө чейин жетип келген көркөм адабий дөөлөттөр, эпостор, Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазуулар, элдин көөнөргүс акыл казынасын, маданиятын чагылдырган макал-лакаптар кыргыз элинде маданияттын байыркы мезгилден

бери өнүккөндүгүн далилдей алат. Макалдарда сүйлөө маданиятынын урунттуу спецификалык өзгөчөлүктөрү өтө кылдат анализге алынып, турмушта кеңири колдонулган [1;56]. Баарыбызга белгилүү болгондой, макалдар түзүлүшү кыска, мааниси нуска, тоодой ойду томуктай сөзгө батырган, элдин чыгармачылыгын, акыл-эсин өстүрүүдө өтө кеңири колдонулган, байыркы көөнөргүс мурастар болуп саналат. Албетте, макалдар биздин турмушубуздун бардык чөйрөсүнө байланыштуу ар түрдүү мааниде айтылат жана колдонулат. Бизди кызыктырганы - маалымат алмашууга байланыштуу макалдар. Изилдөөлөрүбүз көрсөткөндөй, маалымат алмашууга байланыштуу макалдарда сүйлөө маданиятынын нугу, жол-жоболору, ата-бабаларыбыз тарабынан кошо сунуш кылынган. Мисалы:

Адам өзүнөн эмес, сөзүнөн байкалат,

Сөз билген таап айтат, сөз билбеген каап айтат,

Жаман жайын айтам деп, баарын айтат. [1]

Бул макалдардын түпкү маанисинде жаман адамдын начар кылык жоругун туюндуруудан сырткары сүйлөшкөндө дайыма орундуу сүйлөө керек экендиги, артык баш нерселерди айтууга жол бербөө зарылдыгы сыяктуу акыл-нуска кошо берилген. Ошондуктан ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө, буттан мүдүрүлгөн турат, ооздон жыгылган турбайт, оозуңа келген сөздү айтпа, оюңда турган сөздөн кайтпа, ириген ооздон чириген сөз чыгат деген макалдар эскертүү түрүндө айтылып келинген. Бул макалдардын таалим-тарбиялык, дидактикалык, адамды инсан катары калыптандыруучулук, өнүктүрүүчүлүк мааниси чоң [1].

Маалымат алмашуу маданиятында уга билүү маданияты да орчундуу мааниге ээ. Кыргыз элинде бул багытта дагы уникалдуу ой-жүгүртүүлөр, изденүүлөр жана табылгалар мурда эле болгон. Аны эл жараткан макалдардан байкасак болот. Жакшы сүйлөй албасаң, укканды үйрөн деген макал маданияттуу, мыкты сүйлөөгө угуу аркылуу жетүү мүмкүн экендигин, маалымат алмашууда уга билүү өзгөчө чоң мааниге ээ экендигин туюндуруп

турат. Уга билүү адамдардын акылдуулугун, кеменгердигин, табигый жөндөмүн, талантын ар тараптан курчутат, чыгармачыл шыгын, демилгесин ойготот [3:61].

Угуу адамды адам кылып жарата турган күчкө ээ экенин кыргыздар мурда эле таанып билишкен жана угууга чоң маани беришкен. Ошондуктан:

Ойдон ой жаралат, акылдан акыл табылат;

Бир сүйлөсөң он тыңша;

Оозу оорубагандын, кулагы жоорубайт;

Сөздү көп тыңшаган чечен болот, сөз укпаган бечел болот деген макалдар арбын. Демек, адам угуу аркылуу өзүн-өзү табат, өзүн-өзү ойготот. Мына ушул сыяктуу методологиялык мүнөздөгү илимий-теориялык маселелер кыргыз элинде эбактан бери эле өздөштүрүлүп, күнүмдүк турмушта кеңири колдонулуп келген. Биздин бул изилдөө ишибиздин негизги максаты көөнөргүс рухий дөөлөттөрүбүздү, концептуалдуу ой-корутундуларды ар тараптан иликтөөгө алып, аны терең таанып-билүү болду. Жогорудагы иликтөөлөрүбүз жана факт-материалдар маалымат алмашуу кыргыз элинин жашоосунда байыркы мезгилде эле күчтүү өнүккөндүгүн далилдей алат.

Адабияттар:

1. Асаналиев Ү. Сөз – сөөлөт. – Б.: Бийиктик. 1999.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы (Стилистиканын жалпы маселелери) 1-китеп. – Б.: Ош: Кыргызстан, 2000. – 124 б.
3. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 4-китеп. - Б.: Бийиктик, 2004. – 128 б.
4. Маразыков Т.С. Текст: Маалымат алмашуунун негиздери. – Б.: Айат. 2014.
5. Маразыков Т.С. Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы, 2-китеп. - Б.: 2005. – 167 б.

УДК: 659.123.14

ТРАДИЦИИ ПОЭЗИИ СЕРЕБРЯНОГО ВЕКА В ТВОРЧЕСТВЕ ПОЭТОВ РЕСПУБЛИКИ 50-60-Х ГОДОВ XX ВЕКА

Бекмурзаева Асель, магистрант,ОшГУ
Научный руководитель – Н. М. Мурадымов, ОшГУ

Аннотация: *В статье дается обзор материалов о роли традиций поэзии серебряного века в творческом развитии литературы Кыргызстана 50-60-х годов XX века.*

Ключевые слова: *серебряный век, традиции, поэты-шестидесятники, оттепель, гражданская, медитативная лирика, переводы, русская и кыргызская поэзия.*

КЫРГЫЗСТАНДЫН 50-60-Ы ЖЫЛДАРДАГЫ АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА КҮМҮШ ДООР ПОЭЗИЯСЫНЫН САЛТТАРЫ

Бекмурзаева Асель, магистрант, ОшГУ
Научный руководитель – Н. М. Мурадымов, ОшГУ

Аннотация: *Макалада кыргызстандын 50-60-ы жылдардагы акындардын чыгармачылыгында орус күмүш доор поэзиясынын салттары берилет.*

Ачкыч сөздөр: *күмүш кылым (доор), салттар, 50-60-ы жылдардын акындары, хрущевдук оттепель учур, жарандык жана медидативдик лирикасы, котормолор, орус жана кыргыз поэзиясы.*

THE TRADITIONS OF SILVER AGE POETRY IN THE WORKS OF THE POETS OF THE SIXTIES OF KYRGYZSTAN

Bekmurzaeva Asel, master, OshSU
Research supervisor – N.M. Muradymov, OshSU

Abstract: *The article provides an overview of materials on the role of the traditions of silver age poetry in the creative development of Kyrgyz literature of the 1950s and 1960s XX centure.*

Keywords: *silver age, thaw, traditions, poets of the sixties, meditative lyrics, translations, Russian, Kyrgyz poetry.*

В 1953 году из жизни ушел «вождь советских народов» И.В. Сталин. Кончалась эпоха сталинизма и миллионы людей задавались вопросом, что будет дальше. Среди сталинских наследников в Кремле шла борьба: кто возглавит партию и страну? Как будем жить дальше? Общество ответ получило на XX съезде партии (1956). В «засекреченном» докладе Н.С. Хрущева «О культе личности и его последствиях» впервые открыто было сказано о серьезных нарушениях в годы сталинизма норм общественной, культурной жизни страны, о гонениях на творческую интеллигенцию, о шельмовании наследия прошлого. С 1956 года в стране начинается новая полоса – *хрущевская оттепель*. Поборники демократизации – *шестидесятники* - активно выступали против удушающей идеологии сталинизма. Творческая интеллигенция России и Кыргызстана с большими надеждами встречала первые перемены в жизни. Началась частичная реабилитация изъятого ранее наследия прошлой культуры (в том числе и поэтов серебряного века) и это встречалось с большим оптимизмом [1; 9, с.4].

Драматично сложилась судьба наследия поэтов *серебряного века* (это понятие, введенное Н. Бердяевым и Н. Оцупом, стало образным обозначением расцвета русской поэзии рубежа X1X-XX веков [11 /2002, с.5]. Долгие годы произведения Д.С. Мережковского, З.Н. Гиппиус, Н. С.Гумилева, О. Э. Мандельштама, А.А. Ахматовой, М.И. Цветаевой, И. В. Северянина, Вл. Ходасевича и др. были под запретом [9, с.159]. Даже Блока, Брюсова, Андрея Белого не спасало их вполне лояльное отношение к новой власти. Все десятилетия советской истории к ним сохранялось предвзятое отношение, как части буржуазно-декадентской культуры. Советская критика игнорировала очевидный творческий подъем в поэзии серебряного века, активные поиски нового стиля, языка, решительную борьбу символистов, акмеистов, имажинистов против старых, обветшалых норм поэтики. Критика не желала

видеть эстетическую чувствительность стихов поэтов, трезво оценить духовные метания лирического героя, тягу к мистике, оккультизму, интеллектуализму, размышлениям о боге, душе. Все это трактовалось как явление негативное, чуждое советской эстетике и морали [2; 6; 13].

Ситуация стала особенно сложной после известного доклада Жданова о журналах «Звезда» и «Ленинград» (1946). Выступление сталинского идеолога, а также публикация самого доклада (в Кыргызстане не было ни одной газеты, журнала, который бы не опубликовал сей документ, оперативно переведенный на кыргызский язык) настойчиво доводилось на бесконечных собраниях до «сознания трудящихся масс». Невиданному шельмованию были подвергнуты А.А. Ахматова, М.М. Зощенко, их обвинили в проповеди безыдейности, аполитичности, пропаганде идей *искусства для искусства.* «Не то монахиня, не то блудница, а вернее блудница и монахиня, у которой блуд смешан с молитвой», - так Жданов охарактеризовал великого поэта России [9;170]. Трудно сложилась судьба не только названных писателей. но и упомянутых в докладе Жданова других поэтов серебряного века – Вяч. Иванова, М. Кузмина, Д. Мережковского, Ф. Сологуба и др. Их квалифицировали так: это «певцы» реакционного мракобесия и ренегатства в политике и искусстве. В один ряд с такими «враждебными» советской литературе фигурами, как Анна Ахматова, Михаил Зощенко, снова поставили поэта Осипа Мандельштама. Его уже не было в живых, он погиб в лагере, но каток сталинизма продолжал шельмовать поэта. критика Вульгарно-социологическая критика ловко приклеивала хлесткие ярлыки, оскорбления, обвинения по адресу поэтов серебряного века. Это было обычным явлением в те времена [2; 6].

Вот почему в 50-60-е годы, когда общественно-политическая обстановка периода оттепели повернулась в сторону либерализации культурной жизни, у общества появилась надежда на возвращение их наследия [7; 10]. . Стали упоминаемыми ранее «неугодные» имена, иных даже стали печатать малыми

дозами (например, стихи С.А. Есенина, А.А. Ахматовой, О. Э. Мандельштама, М.И. Цветаевой). Правда, под запретом оставались Д.С. Мережковский, З.Н. Гиппиус, Вл. Ф. Ходасевич, К. Д. Бальмонта, так как они-де «белые» эмигранты. Радикальная часть деятелей науки и культуры прикладывала огромные усилия, чтобы нарушить молчание вокруг многих замалчиваемых имен [2;7; 14]. Например, Н.Я. Мандельштам удалось «пробить» к посмертной публикации некоторые стихи из цикла «Воронежские тетради». О полном издании произведений бывшего «врага народа», как и других «нежелательных» авторов, не могло быть и речи. Цензура однозначно запретила печатать стихи О.Э. Мандельштама в первом выпуске альманаха «День поэзии» (1956). Уже в брежневские времена читатели получили книгу «Разговор о Данте» (1967). В 1973 году Большая серия «Библиотеки поэта» выпустила сборник О. Мандельштама «Стихотворения». Почитателей весьма огорчили низкая культура издания, конъюктурные комментарии, трафаретная вступительная статья: а самое обидное – были изъяты наиболее сильные вещи поэта. Хрестоматия Н. А. Трофимова «Русская литература XX века» (М.: 1966) также минимально давала тексты поэтов серебряного века (о трудной «эпопее» издания этой книги надо говорить отдельно). Правда, по стране ходили тысячи потрепанных книжечек *самиздата, тамиздата* со стихами Гумилева, Ахматовой, Цветаевой, Бальмонта, Ходасевича, Мережковского, Гиппиус и др.

Разумеется, нельзя было даже мечтать о печатании стихов названных поэтов в газетах и журналах Киргизии оттепельной поры. И тем не менее, в 50-60-е годы читатели республики, как и во всем Союзе, имели возможность приобщиться к наследию изъятой литературы. В республике проживал солидный слой сосланной интеллигенции из Ленинграда, Москвы, центральных районов, которая в меру возможностей стремилась к эстетическому освоению прошлой культуры. При редакциях журналов и газет («Литературный Киргизстан», «Советская Киргизия», «Комсомолец

Киргизии» и др.) действовали *лито*, всевозможные кружки, творческие объединения, проходили вечера поэзии. В те годы республика бурлила всплесками творческой жизни, которому критики дали название *киргизского серебряного века* (О. Ибраимов). Естественно, самой яркой фигурой был певец оттепели Ч. Айтматов, чья книга «Повести гор и степей» образно выразила эпоху хрущевских перемен. Она была востребована читателями всех возрастов. Широкую популярность обрели произведения поэтов и писателей нового поколения – С. Эралиева, С. Жусуева, М. Алыбаева, Р. Шукурбекова, М. Абылкасымовой, М. Байджиева, Дж. Садыкова, О. Султанова, Т. Кожомбердиева, Р. Рыскулова и др. В росте их популярности помимо национального фактора следует иметь в виду и благотворное воздействие традиций русской поэзии, в том числе серебряного века [7;65-66]. В годы оттепели Кыргызстан открывал сокровища серебряного века – произведения Блока, Есенина, Мандельштама, Ахматовой, Цветаевой, Северянина, Бальмонта, имевших особое влияние на читателей. На студенческих вечерах, в молодежных кампаниях звучало их трепетное слово. Ведь наследие поэтов рубежа веков тяготело ко всему новому, нетрадиционному. Шестидесятники училась у поэтов той эпохи видеть свежим взглядом прошлое и настоящее, отказываясь от традиционного толкования их опыта через призму конфронтации реализма и модернизма. Замечено: читателям важно было увидеть синтез художественных состояний эпохи рубежа Х1Х-ХХ веков, противостояний и взаимодействий, притяжений и отталкиваний

Например, муза Ахматовой и ее современников, многими кыргызстанцами воспринималась как соединение достижений золотого и серебряного века [15; 16-53]. Это хорошо выразил Е. Евтушенко: «она связала эти времена» и «если Пушкин – солнце, то она в поэзии пребудет белой ночью» («Памяти Ахматовой»). Многие шестидесятники творчески вырастали под сенью серебряного века, что видно по стихам русских поэтов Кыргызстана А. К. Борцова («Стихи об охоте»), А.П. Бережного

(«Сентябрины»), Е. Г. Колесникова («Моя звезда»), Ю. Смышляева («Звездный этюд») С.Г. Сусловой («Моей Азии»), В.И. Шаповалова («Купол неба»), А. Никитенко («Свет в судьбе», «Полсолнух») и др. В их произведениях встречаем либо эпиграфы или реминисценции из Ахматовой, Цветаевой, Есенина, Северянина, Пастернака. Не случайно, В. И.Шаповалов писал: «этот голос - это зов Марины, Анны» («Встреча»). Целых два десятилетия (50-80-е гг.) стали временем бережного освоения богатейшего наследия авторов сборников «Четки», «Вечер», «Белая стая», «Волшебный фонарь», «Версты». В годы оттепели Ахматова и Цветаева были самые востребованные русские поэты в республике (с ними мог соперничать только С.А. Есенин). Справочная книга «Анна Андреевна Ахматова. Рекомендательный список за 1965-1988гг.» (Бишкек. Научная биб-ка КНУ, 1989) дает картину активного интереса людей к музе русского поэта. Это видно по стихам С. Сусловой, А. Никитенко, В. Шаповалова и др.

Тексты поэта А. Никитенко часто обращены к Ахматовой, Блоку, Есенину, Мандельштаму, Пастернаку. Для него они духовные ориентиры. «Я поэт возлеесенинский», – подчеркивает Никитенко. В творчестве ряда кыргызских поэтов шестидесятников (С. Жусуев, О. Султанов, Р.Рыскулов, М. Абылкасымова, С. Акматбекова и др.) мы ощущаем ахматовско- цветаевские темы, мотивы, ритмы (любовь, измена, одиночество и др. [2;3;7;14]). В республике немало сделано для популяризации творческого иаследия поэтов серебряного века. Местные журналы и газеты периодически печатали стихи дозволенных цензурой авторов. На страницах журнала «Ала-Тоо» (1989, №6) увидели свет стихи Анны Ахматовой в переводе Сагын Акматбековой. «Мугалимдер газетасы» (21-06-1989) публикует стихи поэта в переводе Э. Келдибаевой. Весом вклад в пропаганду поэтического наследия Ахматовой народного поэта КР С. Жусуева. В сборнике «Русские поэты» (2002) находим его переводы стихов «Мне голос был», «Когда человек умирает», «Памяти друга», «Клятва»., «Мужество» и др. Кыргызскому мастеру удалось тонко

передать ахматовские интонации, поэтику ее стиха. Критика отмечала должный уровень переводов из Ахматовой кыргызского поэта Нурпаиса Жаркынбаева. Названные поэты республики творчески переняли многие мотивы, темы из «кладовых» серебряного века. Не случайно, литературовед О. Ибраимов отмечает весомое влияние на поэзию шестидесятников опыта мастеров слова *серебряного века.* Литературовед выделяет *серебряный период кыргызской культуры* [7;65-94; 202-236]. Благотворное воздействие традиций поэтов рубежа веков на мастеров кыргызского слова (С. Эралиев,С. Джусуев, М. Абылкасымова, Р. Рыскулов, О. Султанов, М. Абулкасымова, М. Буларкиева, С. Акматбекова и др.) ощущается в плане усиления философского, медитативного начала их стихов.

Справедливо отмечено (К. Асаналиев, К. Артыкбаев, А. Садыков, А. Эркебаев, О. Ибраимов), что начиная с середины 1950-х годов кыргызская литература переживает эпоху подлинного восхождения к зрелости. И в этом значима роль традиций русской литературы рубежа Х1Х-ХХ веков. Кыргызстан в послевоенные десятилетия сделал ощутимые шаги в экономике, культуре, они сказались в экономическом и культурном росте. Маленькая республика стала краем больших строек, строительства новых заводов, фабрик, мощных гидростанций. Все это было результатом возросшей культуры общества, очевидных сдвигов в экономике, науке, образовании. Кыргызстанцы поверили в хрушевскую оттепель, общество было заворожено нашими успехами в космосе. Люди потянулись к знаниям, вырос авторитет вузов, школ. Во многих сферах жизни происходили отрадные перемены – ощутимо оживили свою работу мастера кино, театра, музыки.

Активизировали свое творчество писатели старшего поколения Т.Сыдыкбеков («Люди наших дней», «Среди гор», «Батийна»), К. Джантошев («Каныбек», «Чолпонбай». «Курманбек»), А. Токомбаев («Перед зарей», «Своими глазами», «Мелодии комуза»), Т.Уметалиев («Дорожная песня»,

«Белое золото», «Дорога на Памир», «Душевные стихи», «На китайской земле»), К. Маликов («Молодость», «Орто Токой») и др.

Развивая поэтические находки великого А. Осмонова, смело о себе заявило новое поколение: С.Эралиев («Ак Моор», «Встреча с Пушкиным», «Застенчивые звезды», «Путешествие к звездам»), С. Джусуев («Надежда», «Звездные горы»), Б. Сарногоев («Горы и горцы»,«Баяс», «Я не одинок», «Ак калпак»), Р.Рыскулов («Звездный возраст»), Т.Кожомбердиев («Мы живем высоко в горах», «Солнце над вершинами»), О. Султанов («Горные дни», «Звездные ночи»), М. Абылкасымова («Веру в сердце храню», «Чолпон») М.Буларкиева («Памирские цветы», «Капля», «Верность»), Н. Жаркынбаев («Весна молодости», «Жизнь начинается в горах»), Ж. Мамытов («Люблю огонь», «Время»), А. Омурканов («Светлое чувство»), С. Тургунбаев («Вечерний троллейбус»), Э. Турсунов («Тайны дружбы») и др. Мощный всплеск поэтических талантов был сродни эпохе русского серебряного века [12].

Радовали успехи новой кыргызской прозы: М. Байджиев («Каракурт», «Возвращение»), Ш. Абдыраманов («Знакомые люди», «У подножия Арстанбапа»), Э. Борбиев («Я тоскую по весне»), К.Жусупов («Жажда жизни»), Н. Байтемиров (« Последний патрон» «Жылдызкан»), К. Бобулов («Девушка с юга»), Т. Касымбеков («Хочу быть человеком»), К.Каимов («Ночь на перевале», «Брови начальника»), А. Джакыпбеков («Суровый путь») и др. На страницах русской и кыргызской периодики активно обсуждаются вопросы расширения творческих контактов русской и кыргызской литератур (К. Асаналиев, К. Артыкбаев, К. Джидеева, А. Садыков, Е. Озмитель, М. Рудов и др.). В эти годы идут острые споры о традициях и новаторстве, о повышении мастерства в переводах и оригинальном творчестве (М. Байджиев, Ш.Уметалиев Е. Озмитель, З. Мамытбеков и др.). А. Супрун в статье «Киргизские переводы русских писателей» (ЛК, 1958, №6), Е. Озмитель («За мастерство и новаторства против шаблона» /ЛК, 1960, № 4), К. Эшмамбетов

(«Школа мастерства» / СК, 29-01-1960) говорили о проблемах диалога двух поэтических культур. О необходимости учиться мастерству у поэтов рубежа Х1Х-ХХ веков писала М. Богданова (Время новых поисков / ДН, 1960, № 3).

Самым внушительным показателем профессионального роста кыргызской литературы 50-60-х годов стало присуждение 35 летнему Ч.Т. Айтматову звания лауреата Ленинской премии. Его книга «Повести гор и степей» стала в прямом смысле небывалым прорывом в искусстве слова народов содружества. Такого в СССР никогда не было: лауреатами подобных высоких государственных пермий обычно становились писатели с большим стажем жизни и работы, как говорится *аксакалы*. Молодой Айтматов открыл всему миру страну гор и степей, небольшую трудолюбивую республику, край ярких, самобытных, поэтичных людей. И он был не одинок. Не менее весомыми были успехи мастров слова в поэзии, прозе, драматургии Киргизии. И думается, вполне справедливо данный отрезок национальной литературы образно теперь называют *золотым и серебряным веком*. Именно в те 50-60-е годы Кыргызстан взял сильный старт в освоении искусства слова и в этом творческом процессе была особенно значима роль традиций и новаторства [1; 4; 5; 7; 14].

Таким образом, благотворное воздействие традиций золотого и серебряного века в кыргызской поэзии проявилось в том, что заметно активизируется жанров-стилевые новаторские поиски в стихе, прозе, драматургии; возрастает гражданско-публицистическое, философско-медитативное начало в творчестве не только русских (С.Фиксин, А. Борцов, Е. Колесников, В. Бережной, С.Суслова, В. Шаповалов, А. Никитенко и др.), но и кыргызских поэтов (С. Эралиев, С.Жусуев, Р. Рыскулов, О. Султанов, Б. Сарногоев, М. Алыбаев, М. Абылкасымова, С. Акматбекова, М. Буларкиева и др.). Героем поэзии становится обычный человек, с его раздумьями о судьбе, мыслями о Боге, о жизни, о добре, о зле. Поэты решительно обновляют природу кыргызского поэтического слова, выступают за новые формы поэтического

выражения лирического *я*, против обветшалых норм старой поэтики. В этом видится значение опыта поэзии серебряного века для жанрово-стилевого обогащения литературы Кыргызстана.

Литературы:

1. Айтматов Ч. Открытие берега // Советская Киргизия, 14 - 1Х – 1964.
2. Агапова А. С. «Моя душа мгновений след…» (Как начиналась Марина Цветаева) //РЯЛШК, 1993, № 1-2, с.39 -41.
3. Багно В.Е. Русская поэзия серебряного века и романтический мир. – Спб, 2005.
4. Гвоздиковская Т. Стилевое своеобразие лирической поэзии конца 50-60-х годов и классические традиции //Жанрово-стилевое своеобразие многонациональной советской литературы. Сб. науч. статей. – Фрунзе, КГУ 1980, с. 28-40.
5. Даутов К. К новым рубежам // Живое единство. Сб. статей. – М.: Сов. писатель, 1974, с. 262 -297.
6. Дмитриева Е.В. Поэтическая дуэль (поэзия Серебряного века) // РЯЛШК, 2018, № 1, – С.16 -36.
7. Ибраимов О. Осмоновская поэтическая школа или основные черты кыргызского «серебряного века» 60-х годов // История кыргызской литературы ХХ века. В 2-х тт. – Б,: 2013, т. Т. 2, – С. 65-94. – Его же: Продолжение «серебряного века» в 70-х годах: новаторы и традиционалисты // История кыргызской литературы ХХ века. В 2-х тт. – Б,: 2013, т. Т. 2, – С. 202- 236.
8. Ешенова Н.А. Мурадымов Н. М. Поэзия Серебряного века // Русская литература ХХ века. – Бишкек. Кутаалам, 2013. – С. 27-51
9. Ешенова Н.А. Мурадымов Н.М. Возвращенные поэты // Русская литература ХХ века. – Бишкек. Кутаалам, 2013. – С. 159-183.
10. Лирика Серебряного века. Сост. С. Дмитренко. – М., Олма-пресс, 2004. 653 с.

11. Поэты Серебряного века: Серебряный век русской поэзии XIX-XX вв. Сост. И. Мазнин – М., Эксмо-Пресс, 2001. - 381с. - Поэзия Серебряного века в 2-х тт. – М., Дрофа, Вече, 2002.
1. 12. Самудинова З.К., Ковская Н.Е. Наш киргизский Есенин (Алыкул Осмонов) // РЯЛШК, 1994, № 3-4, с. 96-112.
12. Серебряный век // Литература и язык. Современная иллюстрированная энциклопедия. Под ред. А.П. Горина. – М.: 2006.
13. Слащев Е. Живой родник традиций // Литературный Киргизстан, 1958, № 6, с. 118 -120.
14. Сто одна поэтесса Серебряного века. – СПб., ДЕАН, 2000. С. 238.
15. Щербкова Е.В. Анна Ахматова. «Я научилась просто, мудро жить…» / РЯЛШК, 1990, № 6, с.53 -59.

УДК:376.74 (575.2)

УЛУТТУН УҢГУСУ – МАМЛЕКЕТТИК ТИЛИНДЕ

Гайымова Насипгүл, ОшМУ
E-mail: rejepkyzy@.gmail.com
Илимий жетекчиси – филол.и.к., доцент Нармырзаева К., ОшМУ

Аннотация: *Бул макалада мамлекеттик тилдин коомдогу, илимдеги , кептеги орду жана Чыңгыз Айтматовдун мамлекеттик тилге кошкон салымы жөнүндө маалымат берилди. Эне тилдин тарыхы , өнүгүү жолу, азыркы учурдагы абалына түшүндүрмөлөрүнө анализ жүргүзүлдү . Мамлекеттик тилдин аброю , орду, жарандардын , кызматкерлердин ага болгон мамлекеттик деңгээлдеги мамилеси берилет.*

Ачкыч сөздөр: *улут, тил, элдүүлүгү, атуулдук милдети, расмий тил, полисемия, моносемия, лексика, эмоция.*

ОПАРА НАЦИИ – ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЯЗЫК

Гайымова Насипгүл, ОшГУ
Научный руководитель – к.филол.н., доцент Нармырзаева К, ОшГУ

***Аннотация**: В этой статье поворится о роли государственного языка в обществе, науке и вкладе внесённым Чынгызом Айтматовым в развитие государственного языка. Так же говорится об истории родного языке, его развитии, анелизируется его современное состояние. Особое внимание уделяется престижу государственного языка, его месту и уровни отношения к нему граждан ислужащих.*

***Ключевое слова:** нация, язык, идентичный, гражданский обязанность, офисиалный язык, полисемия, моносемия, лексика, эмоция.*

THE SPINNING OF THE NATION IN ITS STATE LANGUAGE

Gayumova Nasipgul, OshSU
E-mail: rejepkyzy@.gmail.com
Research supervisor – c.filol.s., docent Narmyrzaeva K.

***Abstract:** The role of state language in society, science speen and Chyngyz Aitmatovs contribution of state language infor`ed in this article. The history of mother tongue, the way of its present situation prestige, position and citizen`s workers relationships to were given.*

***Key words**: nation, language, identical, human responsibility, official language, polisemi, monosemi, lexis, emosion.*

“Ар бир тил өз эли үчүн улуу”,-дейт залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов. Кыргыз тилинин кан-жанында кыргыз канынын жүрүүсү кыргыз үчүн ыйыктардын ыйыгы, улуулардын улуусу болушу парз.

Ар кандай улуттун башкы байлыгы анын эне тилинде. Эне тилсиз эл карып. Ошондуктан тил адамдарды байланыштырып туруучу негизги курал жана каражат болуп эсептелбестен, ал ошол элдин элдүүлүгүн тастыктап турат. Гениалдуу жазуучу, дүйнөлүк аренага белгилүү болгон сүрөткерибиз Чыңгыз Айтматов тил боюнча ойлорун билдирип, проблемаларды алып чыккан.

Тил жөнүндө сөз – улут жөнүндө сөз дегендик, кайсы улут болбосун анын түбөлүктүүлүгү тилинде. Кыргыз тили, кыргыз баласына эненин сүтү менен бир келген немат катары кабылданат. Тилге кыянаттык кылуу десек, ал

улутка кыянаттык кылуу. Биз эне тилибизди кыргыз тилин улуттун мамлекеттик тили деп жар салып жатабыз... Ооба, мыйзам боюнча ошондой... Бирок, иш жүзүндө болуп жатабы деген табышмактуу суроосун жалпы коомчулукка өзүнүн макалаларынын биринде билдирген. Жазуучу, ошол мезгилдин учурдун актуалдуу проблемаларына курч калемин шилтеген. Айтматовдун тил боюнча ойлорунан жыйынтык чыгарууга болот.

Коммунисттик системанын тушунда авторитардык режим өкүм сүрүп турганда учурдун актуалдуулугун жараткан, келечекте глобалдык проблемалардан болуусу толук мүмкүн болгон, эне тилибиздин орду, пайдаланылышы жөнүндө масалени алгачкылардан болуп, Ч.Айтматов көтөрүп чыккан. Ал мезгилдин кыска түшүнүгүндө тил тууралуу сөз кылуу «улутчулдук» катары эсептелинип, айрым төбөлдөр, Айтматовду «улутчул»-деген, каралаган оюн жарыялашкан. Алардын оюн четке каккан новатор жазуучу, бул маселени көтөрүп чыгуу жазуучулук милдети катары эсептеп, улуттун уңгусу болгон эне тилибиз үчүн башын сайып, өмүрүн берүүгө даяр экендигин билдирип жана башка ушул сыяктуу ойлору менен катар вирус сыяктуу тилге, улутка каршы болгондордун мизин майтарган.

Нукура кыргыз тилде сүйлөгөн заманыбыздын залкар өкүлдөрүн жана эне тили үчүн арнаган асыл саптары, не бир түркүн сөздүн гүлүн терген акын-жазуучулар, коомдук ишмерлердин бул сыпаттарын артыкчылык менен баалап, алар эч болбогон жерде, ушул жол аркылуу да мекенге кызматын өтөп, бир өмүрдө патриот катары калары бышык экендигин айткан жазуучу Чыңгыз Айтматов [1; 489].

Жазуучуну өкүндүргөн жери, замандын оруташып кетиши. Буга ким күнөөлүү? Мамлекетпи? Жок, албетте. Эгерде күнөөлүүнү издесек, анда кайра эле өзүбүздүн алсыраган коомубуз болуп чыгат. Мамлекетте учурда тил саясатын жүргүзүү боюнча эч кандай тоскоолдуктар жок. Статистикалык маалыматтарга таянсак: Кыргыз Республикасынын Конституциясында, мамлекеттик жана расмий тили жөнүндө мыйзамдарында. 2013-2017-

жылдарда мамлекетибизди туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында, элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясында, ошондой эле, Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн,тил саясатынын өркүндөтүүнүн улуттук программасында өлкөбүздө жашап жаткан этностордун эне тилин сактоого жана коргоого кепилдиктери камсыз кылынган. Өкмөттүн нечендеген токтомдору токулуп, аларды ишке ашырууга жетиштүү акча каражаттары бөлүнгөн [3].

Ошого карабастан, көп маселелерди чечүү боюнча жүргүзүлгөн иш-аракеттер жыйынтыгын бербей келүүдө. Анын бирден бир себеби, баягы эле өзүбүздүн кайдыгерлигибиз болууда. Коомдун ар бир мүчөсү аракет жасап, жапа тырмак киришсек, кичинекей аракеттердин жыйынтыгы чоң ийгилик жаратмак.

Тескерисинче, орус тилин авторитет катары кабыл алып, кыргыз тилин таптакыр унутта калганына бирде кейисек, бирде боор ачырлык. Бул дегенде зыянын тартат дегенден алысмын, бирок мекенге, тилге болгон милдетти аткаруу ар бир атуулдун милдети. Ага кыянаттык кылып, андан чанып кетүүнү атуулдук намысыбыз кечирбейт. Адам баласы үчүн өз абийиринин алдында жооп берүүсү өлүмгө тете экендигин айткым келди.

Айтматов жогорудагы сөзүндө, өзүнүн орус тилин чанбаганын, чанууга да бир себеп жок экенин, бул тилди сүйөрүн, алдыңкы дүйнөлүк тилдердин сап башында кароосун жана да «кыргыз тили-оң колум, орус тили- сол колум»-деп, алар бирин-бири толуктап тураарын жана бизге орус тилин көпүрө каражаты катары пайдалануубузга кеңеш берген. Тил үйрөнүүгө тыюу салуу эмес. Бул, тескерисинче, түшүнүк. Башка тилдерди үйрөнгүлө, окугула, бирок эне тилиңерди эч качан унутпагыла, өмүрүңөрдүн соңуна дейре окуп өткүлө деген чакырык. Азыркы заманда

Тил – байланыштын негизги куралына айланып, дүйнө таанымды жогорулатууга өбөлгө түзүп жатат. Биз каалайбызбы же каалабайбызды ,

көпчүлүк учурда башка тилдер аркылуу дүйнөлүк тарыхтан тарта дүйнөлүк маданиятты, ал эмес дүйнөлүк дөөлөттөргө да саякат жасап таанып-билүү жөндөмдүүлүккө ээ болуп жатабыз.

Көрөңгөлүү кыргыз тили нечендеген ашууларды ашкан, тарыхка бай тил, мунун далили катары төмөнкү ыр саптарын алсак болот.

Акындын багын ачкан тил,
Акылды элге чачкан тил,
Кылымдар өчпөй, тутанган,
Бабабыз Манас баккан тил.
Ааламга элди тааныткан,
Айтматов багын ачкан тил [6].

Демек, кыргыз тили Манас Манас болуп турган мезгилден бери өз наркын жоготпой, эл таланып, журт чачылып кеткен убакта да биздин тилибиз, маданиятыбыз элдик мурас катары бааланып, ушул убакытка дейре жеткен. Урматтуу, тил күйөрмандары! Эми акыл калчап ойлонуп көрбөйлүбү, кыйын кездердин баарына туруштук берип, жеңип келген тил, азыркы учурда, эч кандай себеп жок, тоскоолдуксуз өз азаматтарынын колунан пайдалануудан чыгып, колдонуудан баш тартылып жаткандыгы акылга сыйбаган иш. Тилди сактап калуунун же андан ары өнүктүрүүнүн эң негизги фактору, улуттук тилибизди – мамлекеттик саясаттын негизинде, өлкөнүн расмий турмушуна катарлаш жашатууну көздөө керек. Демек, мамлекеттик бийик деңгээлдеги иш-чаралардан четтетилип калынса, анда ал күнүмдүк турмуш тиричилиги үчүн гана пайдаланылган тил катары жашап, өзүнүн жалпы улуттук милдетин жоготот. Биз улуттук тилибизге ыңгайлуу чөйрөнү түзмөйүн аны өнүктүрө албашыбыз бышык кеп. Андыктан тил ийкемин жогорку деңгээлге көтөрүүгө ар бирибиз аракет кылуубуз керек. Мамлекеттик чогулуш жана өкмөттүк же бейөкмөттүк, жада калса, акын-жазуучулардын, мектептеги ата-энелердин жана башка ушул сыяктуу жыйындар , расмий тилде өтүп жаткандыгы баарыбыз үчүн маалым. Ушул тил маселесине

сураштыруу жүргүзсөк, ким эле болбосун, ал мамлекеттик кызматкерби, уюштуруучубу, балким жөнөкөй эле бир жарандыр, баарынын жообу бир, түз эле эне тилибиздин түшүнүксүздүгүн шылтоо кылышкан. Мына ушунун өзү биздин эне тилге болгон кызыгуунун жоктугуна, анын жыйынтыгы ушул сыяктуу түшүнбөстүктөрдү жаратып жатат.

Жогорудагы түшүнбөстүктөрдү жоюу үчүн, кыргыз лексикасына саякат жасап көрөлү. Лексикасы бай тил, ар бир сөздүн мааниси бар, маанини туюндурбаган сөздөр пикир алышууда сөз менен сөздү , сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу кызматын аткарып, күндөлүк турмушубуздун ажырагыс бир бөлүгү, табылгыс бир куралы катары пайдаланылып келе жатат.

Негизинен эле кыргыз лексикасын түзүү, ал жөнүндө изилдөө өзгөчө бир түйшүктүү аракет болгондуктан, бул багытта эмгектенгендер сейрек болууда. Сөздүн табигый лингвистикасы- пикир алышуунун кыймылдаткыч күчү катары, лексиканын уюткулуу көрөңгүсүнүн мазмунунун авторлору окурмандарына көрсөтүү үчүн жасаган аракеттери эмгектеринен көрүнүп турат. Алардын аркеттери текке кетпестен. Лексикалык өнүгүү жолун улантып келе жатат. Ал эми ушул аркеттердин саяпкерлери, илимпоз изилдөөчүлөрү: К.К. Юдахин, Б.М. Юнусалиев, Б.Ө. Орузбаева, Ж. Шүкүров, Х. Карасаев, Ж. Мукамбаев, Ж. Мамытов, Т. Аширбаев, Ж. Осмонова, А. Жалилов, К. Дыйканбаев, А. Сапарбаев, К. Сейдахматов, К. Конкобаев, С. Өмүралиева, Р. Эгембердиев, И. Абдувалиев, Ш. Жапаров, Т. Сыдыков, Т. Сыдыкова , К. Нармырзаева жана башкалар.

Эне тилдин сөздүк курамындагы ар бир сөздүн негизинен лексикалык жана грамматикалык мааниси болот. Ал эми кызматчы сөздөрдө грамматикалык мааниси болуп, лексико-семантикалык мааниси болбойт.

1. Сөздүн лексико-семантикалык мааниси:

Адам баласынын таанып-билүү аракети зат, окуя жөнүндөгү түшүнүктүн шарттуу белгиси катары пикирлешүү процессинде боёкчолорду жаратып, сөздүн лексико-семантикалык маанисин пайда кылат. Мында кырдаалга

жараша өзгөрүп турушун шарттайт. Мисалы: мүчө, уюл, саат жана башка сөздөр.

2. Сөздүн грамматикалык мааниси:

Мында тилдин тыбыштык турпатынан калыптанган сөздөрдүн абстракциялык алкагындагы көрүнүш баяндалат. Сөздөр жеке турганда да, сүйлөм ичинде да өзүнчө бир маанини билдирет. Мисалы: Улуттун уңгусу – эне тил. Жогорудагы сөздөрдүн ар бирин бөлүп да, сүйлөм тизмегиндеги турпатында да талдоого болот. Улут, мамлекет, өлкө , мекен сөздөрүнө синоним, бул анын лексикалык мааниси. Грамматикалык маанисинде болсо, улут – деген сөз эмне деген суроого жооп берип, зат атооч болот. Уңгу – деген сөз жеке турганда ар кандай маанини туюндуруп, көпчүлүк учурда башка маниге өтүп кетет. Сүйлөм ичиндеги маанисин алып көрсөк :таянаары, жүзү сыяктуу сөздөргө синоним болуп, лексикалык маанини туюндурду. Эмнеси деген суроого жооп берип, тактооч болуп эсептелинди. Ал эми эне тил деген сөз кошмок сөз болгондуктан, эки сөздү ажыратпай бир кароого туура келди. Лексикалык мааниси: улуттун тили, эненин сүтү менен келген катары эсептелинип, эмне деген суроого жооп берип, зат атооч болуусу аркылуу бул сөздүн грамматикалык маанисин тактап алдык.

Сөздүн лексикалык мааниси менен грамматикалык маанилери өз ара тыгыз байланышта болуп, алардын логикалык маанисине карата грамматикалык маанисин аныктоого болот.

3. Сөздүн контексттик жана эмоционалдуу маанилери:

Тексттеги сөздөрдүн таасиринин негизинде сөздүн башка бир мааниде берилиши же кошумча маанини туюндурушу контексттик мааниси болуп саналат. Мисалы: «Кайра куруунун шарапатынан улам, караңгы көз караштар жоюлуп, оюбузду ачык айтып, түз сүйлөгөнгө көнүп, ар кандай ишке сын-пикирибизди да билдирип жатабыз.» Келтирилген мисалдарда: «көз караштар жоюлуп», «ачык айтып», «түз сүйлөгөнгө», «сын-пикирибизди билдирип

жатабыз». Сөз айкаштары аркылуу ойдун контексттик маанилерин берип жатабыз.

Өзүнүн ички сезимин окурманга жеткирүү үчүн, көкүтө эмоцияга малып сүйлөө:

1.Улут болсом, тилим менен улутмун. 2.Эне тилим эчен кылым карыткан,
Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан.

Күчтүү сезим менен айтылып жаткан ойду эмоционалдуу кылып берүүдө.

4. Сөздүн өтмө жана түз маанилери:

Сөз эч кандай бурмаланбай, ой түз айтылса, анда сөздүн түз мааниси болот. Ал эми өтмө мааниде образдуулук жана эмоционалдуулук менен тыгыз байланышта болуп, көркөм чыгармаларда, анын ичинде поэзияда арбын учурайт. Мисалы: Кыргыз элинде «жакшы адамды сөз ээрчийт, жаман адамды чөп ээрчийт» деген макалдын сюжеттик өзөгүндө сөз, чөп ээрчийт деген сөз курамы турат да, ойдун образдуулугуна өбөлгө түзүп турат. «Мезгил жебеси көзгө илешпейт» убакыт ушунчалык тез өтүп жатат деген мааниде. Ушул сыяктуу мисалдар, сөздүн өтмө маанисин кеңири ачып, түшүнүктүү кылып берүүдө.

5. Сөздүн конкреттүү жана абстракттуу маанилери:

Сезүү оргондары аркылуу кабылдап, таянууга мүмкүн болгон сөздөр конкреттүү болсо, мисалы: үй, саат, көйнөк жана башкалар. Анда сөздүн конкретүү маанисин тастыктоодо. Ал эми : жаштык, убакыт, эне тил, үмүт, күч жана башка ушул сыяктуу сөздөр абстракттуу маанидеги сөздөр болуп эсептелет. Мисалы: «Отко салсаң, чокко салсаң күйбөгөн»-мында эне тил жөнүндө сөз болуп жатат. Тил абстракттуу зат болгондуктан , аны отко, чокко салмак түгүл, кармай да албайбыз. Мында жалпыга маалым болгондой, образдуулуктун боёгу менен ойду тарткан.

6. Сөздүн жеке жана көп маанилүүлүгү:

Эне тилибиздеги сөз менен маани бири-бирине тутумдаш келип, маани берүүсү жагынан сөздөр түрдүү учурайт. Мисалы: китеп, акча , комуз,

маданият деген сөздөр бир эле маанини берип, илимде жеке маанилүү же моносемия деп аталат. Ушундай эле кош маанидеги ат катары колдонулган сөздөр: алма, өрүк, жаңгак, жүзүм, чай деген сөздөрдү кошууга болот, башкача айтканда, бул сөздөр жемиштердин дарагы менен сыңар мөмөсүн да туюндурат. Ичүү үчүн чай , жана да кургак чайды түшүнөбүз. Дүйнөлүк тилдерде сөздөр кеңири жана көп мааниде колдонулат. Алар ич ара байланышта болуп, баштапкы маанисинен кийинки мааниси аркылуу өзгөрүүгө учурайт. Сөздөрдөгү бул көрүнүш полисемия деп аталат. Мисалдарды «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнөн» [4;442] алууга болот. Мисалы: 1) Көзүнүн жашын көл кылып, какшап ыйлап боздоду («Мендирман») - боздоо, зарланып катуу ыйлоо. 2) Суусамырдын суусун көрдүң беле апа? Тим эле муздагынан мээ какшайт. (Байтемиров) - катуу үшүү, муздоо.

Сөздүктөгү келтирилген мисалдарда: какша деген сөзгө карата берилген түшүндүрмөлөргө, аныктамаларга маани жактан ажыратууга, өз ара өтө чиеленишкен көрүнүш экендигин билүүгө болот [2; 23-29].

Өз кезегинде бул адабий тилдин өнүгүүсүнө кам көрүү жана шарт түзүү дегендикти түшүндүрүп, тилдин лексикалык орду, лексико-семантикалык системалуу курамы жөнүндө коомчулукка түшүндүрүү иштерин жүргүзүү керек.

Тилсиз элдин тукуму курут болгон,
Тилин сактап калган эл улут болгон.
Ата салтын, мурасын унуткандар,
Акыр түбү тирүүлөй дудук болгон! [7].

Белгилүү акын Жеңишбек Жумакадырдын эне тил жөнүндөгү ырында, тилдин түбөлүктүүлүгү ачык баяндалды. Агайдын оюн улай тилдин адам рухундагы орду, анын адамдын жан дүйнөсүндөгү, жүрүм-турум маданиятындагы ролу, биз элестете алгыс көркөм каражаттар менен берилет. Жыйынтыктап айтканда, ата-бабалардан эки куттуу, ыйык мурас калган. Бири

Ата Мекенибиз Кыргызстан болсо, экинчиси эне тилибиз – кыргыз тили. Мекен жана эне тил бир коомду улут катары кармаган жана улуттук аң-сезимди өнүктүргөн эки чоң ыйык баалуулук болуп саналат. Мекенди, эне тилди коргоо жана өнүктүрүүгө кан-жаныбызды аябай, тикеден- тике туруп, тилди адабий тилдик деңгээлинен илимдин тилдик деңгээлине көтөрүп, сезимталдык менен жоопкерчиликтүү мамиле кылууга тийишпиз. Өлкөнүн келечеги болгон жаштар, биз ушул баалуулуктарды , өзүбүздөн кийинки муундарга кемитпей, жогорку деңгээлге алып чыгып, мурас катары өткөрүп берүүгө милдетүүбүз. Андыктан тилди өнүктүрүүгө ар бирибиз салымыбызды кошуп, атуулдук милдетибизди аткаралы. Мамлекеттик тилибиз – улуттун улуулугун даңазалаган улуу тил. Кыргыз тилибиз – улуттун уңгусу, аны аздектөө ар бирибиздин ыйык парзыбыз. Качан гана республикабызда эне тилибиз толук кандуу мамлекеттик муктаждыкка айланганда гана өсүп-өнүгө алат жана биримдигибиз бекемделип, ынтымагыбыз артып, кылымдарды карыткан элибизди, маданиятыбызды дуйнөгө кеңири тааныта алабыз.

Адабияттар:

1. Акматалиев А., Ч. Айтматовдун чыгармалар жыйнагы: 2009-ж, 8-том,489-б.
2. Жапаров Ш., Сыдыкова Т., Азыркы мезгилдеги кыргыз лексикологиясы жана лексикографиясы: – Бишкек. 2013. 23-29-б.
3. Кыргыз маданият борбору: https://kmbs.kloop.asia
4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү : 1984,1-том, 442-б.
5. Нармырзаева К. Кеп маданияты – 2015
6. Эне тил : https://tyup.net
   Эне тилин эсирип чангандарды , эне тилде ашатып сөккүм келет! https://www.super.kg

УДК №39

Ч. АЙТМАТОВ – ДООР ЖАҢЫРТКАН КАЛЕМГЕР
Ч. АЙТМАТОВДУН УЧКУЛ КЕПТЕРИНИН МААНИСИ

Далиева Умида, БатМУ, САИ
Илимий жетекчиси – Абдиева А. М, окутуучу, БатМУ ,САИ

Аннотация: *Бул макалада Кыргыз Эл жазуучусу, залкар калемгер, прогрессивдүү ойчул Чыңгыз Айтматовдун учкул кептери, педагогикалык насаат ойлору жана алардынфилософиялык, психологиялык мааниси тууралуу маалыматтар туурасында баяндалат. Бул макала өз ичине бир канча терең маанини камтып, жалпы адамзатты тарбиялык, руханий жактан азыктандырат. Ошондай эле демилгелүү жаштардын аң-сезимин, дүйнөгө болгон көз карашын өзгөртүү менен биргеликте, киндик каны тамган Ата-мекенине, эне тилине болгон сүйүүсүн андан ары да күчөтүп, түбөлүктүү дос болууга, толлеранттуулукка, патриоттуулукка жана чындыкка тарбиялайт.*

Ачкыч сөздөр: *адабият, жазуучу, Эне тили, Ата-мекен, сүйүү, философия, достук, тарбия, китеп, патриот.*

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ – СОВРЕМЕННЫЙ ПИСАТЕЛЬ (ЗНАЧЕНИЕ КРЫЛАТЫХ ВЫРАЖЕНИЙ АЙТМАТОВА)

Далиева Умида, БатГУ, СРИ
Научный руководитель – Абдиева А.М., преподаватель, БатГУ, СРИ

Аннотация: *В этой статье рассказывается о трех рассказах кыргызского народного писателя, прогрессивного мыслителя Чингиза Айтматова, о мыслях педагогического наставления и их философском и психологическом значении. Эта статья содержит в себе несколько глубоких смыслов, воспитывает и духовно питает общее человечество. Уверен, что такая инициативная молодежь вместе с изменением сознания, мировоззрения и мировоззрения будет и дальше усиливать любовь к Родине, к родному языку, воспитывать вечных друзей, толерантность, патриотизм и правду.*

Ключевые слова: *литература, писатель, родной язык, Родина, любовь, философия, дружба, воспитания, книга, патриот.*

CHYNGYZ AITMATOV − RESUMED THE ERA (THE MEANING OF AITMATOV

Dalieva Umida student, BatSU, SRI
Research supervisor – A. M. Abdieva, teacher, BatSU, SRI

Annotation: *In this article is told about three stories of the Kyrgyz folk writer, great author, the progressive thinker Chingiz Aitmatov, about the thoughts of pedagogical instruction and their philosophical and psychological significance. This article contains several deep meanings, educates and spiritually nourishes the common humanity. I am sure that such an initiative youth, along with a change in consciousness, worldview and Outlook, will continue to strengthen love for the Motherland, for the native language, to bring up eternal friends, tolerance, patriotism and truth.*

Key words: *literature, writer, native language, Motherland, love, philosophy, friendship, bringing up, book, patriot.*

Киришүү:

Немец философиясынын ири өкүлү Людвиг Фейербахтын “Жазуучу-акындар өзүлөрү жашаган доорлордун абийири жана ар-намысы!”-деп айткандай, өзүнүн бийик чыгармалары менен жүрөгүбүздө балалык кезибизден эле жай алган, улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун көзү тирүү болгондо 91 жашка чыкмак. 12-декабрь бүткүл дүйнөгө таанылуу, прогрессивдүү инсан, улуу ойчул, гуманист, коомдук ишмер, жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнү. Бул күн тарыхтын өчпөс күнү. Өлкөбүздө ушул күн-жазуучунун урматына карата “Улуу адабият күнү” деп белгиленген. Ч.Айтматов биздин аң-сезимибизди чындыкка сугарып, дүйнөлүк цивилизациянын маданий чөйрөсүн байытууга өзүнүн зор салымын кошкон. Жазуучунун маарекеси мамлекеттик деңээлде белгиленип келет. Анын ысымы түбөлүк жашай берет. Дүйнө элдерине кыргызды “Манас” атабыз кандай таныткан болсо, Ч. Айтматов дагы дал ошондой таанытты. Планеталык масштабдагы улуу жазуучу менен улутташ, мекендеш, замандаш экендигибизге ар дайым сыймыктанабыз [1;2].

Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун өмүр-баяны жана чыгармачылыгы жөнүндө баарыбыз эле кенен маалыматка ээбиз. Жазуучунун чыгармалары, өз жери үчүн жасаган эмгектери элдин эсинде ар дайым сакталат. “Кыргыз” деген сөз менен “Чыңгыз” деген ысым ажырагыс бирдикке айланды. Мен бул макаламда алдын ала заманды көрө билген жазуучунун философиялык терең маанилүү төмөнкү учкул кептерине токтолмокчумун.

“Ааламдын көркүн-көз ачат, адамдын көркүн сөз ачат”-деп улуу ойчул адам баласы көзү менен ааламдагы кооздуктарды көрө билерин, ошондой эле адамдын сүйлөгөн сөзүнөн анын ким экендиги анык болору туурасында айтылат.

“Сүйүүдөн аалам жаралат, сүйүүнүн өзү керемет” – деп айткан. Жазуучу бул менен адамдардын дүйнөгө болгон сулуу көз карашын кеңейтип, жашоодон суктаныш керектигин айткан. Мындан биз жазуучу бул дүйнөнү сүйгөн, анын кереметтерине суктанып, бир өмүр адабиятка, адамдарга болгон сүйүүсүн арнап келген залкар инсан экендигин билебиз. Буга Ч. Айтматов 2004-жылы драматург – Султан Раев менен болгон маегин далил кылып алсак болот [2;480].

Залкар жазуучубуз Ч. Айтматов эне тилге да басым жасап, элдин улут катары өнүгүп-өсүшүндө улуттук тилдин мааниси чоң экендигин көрсөтөт. Чындыгында эле кайсы улут болбосун анын түбөлүктүүлүгү тилинде эмеспи. Жазуучу “Кыргыз тили кыргыз баласына эненин сүтү менен бир келги катары кабылданат, тилге кыянат кылуу бул ошол улутка кыянат кылуу менен тең” - деген ачуу чындыкты сезимибизге жайгаштырып кетти. Ошондой эле улуу жазуучу “Кылымдан кылым өтүп, жер жүзүндө кыргыз жашап турса, кыргыз тили да жашай берет”-деп эскерет. Андыктан, биз “Манастай” зор мухитти жараткан Айтматовдун сөздөрүн эсте сактообуз керек.

Эл ичинде “Чыныгы дос башка кыйынчылык түшкөндө билинет” деп айтылат эмеспи. Жазуучу бул макалды толуктап: ***“Дос кыйынчылыкта билинет дешет. Менимче бактылуу кезинде да билинет”***дейт.

Алп калемгер достук жана тууганчылыкты адабият менен байланыштырып: ***“Эгер мен жолуккан инсан Чеховдун чыгармаларын сүйүп окуса, анда ал менин досум болот, анда ал кыргыз элинин сыймыгы “Манасты” биринчи жолу угуп, анын океандай чалкыган эпостун көңүлдүү күүсүн, сулуулугун сезсе анда – ал менин карындашым болот,”***- деп айткан. Мындан, биз жазуучунун достукка болгон чындыгын жана урматын, табияттан жөнөкөй мүнөзгө ээ инсан экендигин билишибиз мүмүн.

Улуу кара сөз сүрөткери туулуп өскөн жерин туу тутуп: ***“Эң ириде өзүндүн киндик кан тамган жериң тууралуу ойлогондо, жалпы дүйнө тууралуу акыл калчайсың”*** -деп айткан. Ч. Айтматовдун карындашы Роза Айтматованын: “...бир жолу мен радиодон бир журналисттин интервьюсун угуп калдым. Бала чагынан Чыңгыз байкемдин чыгармаларын окуп, жазуучунун туулуп өскөн айылын көрүүнү эңсегендигин, кийинчерээк Шекерге барганда кадимки эле кыргыз айылы экендигине күбө болуп, жазуучу өз чыгармаларында туулган жерин бир башкача эңсеп, анын жаратылышын, тоолорун, тунук булактарын өтө көркөмдүк менен, терең сүйүү менен сүрөттөп жазганы мени аябай таң калтырды” деп айтканын радиоберүүдөн укканын айтып эскерет. Мындан даанышман жазуучу киндик каны тамган жерин бийик тутуп, анын кооз жактарын көрө билгендигин, чыгармаларында мекенинин өзү үчүн кымбат экенин чагылдырганын билсек болот.

Жазуучу заман менен бирге чыгармачыл жаштар менен тыгыз байланышта болуп, жаштарга өзүнүн адил камкордугун макалаларында, интервьюларында, кеңешмелеринде да берген, алар менен ой бөлүшкөн. Ал балалык кездерин эстеп: “Мен китепти дайыма ыйык нерсе катары калтыроо жана абдан кастарлоо менен кармап көрөр элем, ал кезде мен үчүн начар китеп деген болчу эмес, мен китептин ар бир тамгасына аябай суктанар элем, ал эми китеп жазган киши менин көзүмө ар дайым Пушкиндей жана Толстойдой көрүнөр эле,” - деп айтат жазуучу (3).

Мен жазуучунун китепти жана анын ар бир тамгасын ыйык билип, аны урматтаганына таң калып, ал инсанга болгон урматым дагы бир жолу ашты. Тарых тартып алган бул кайтпас келечек мындай инсанды кайра жаратпаса керек.

"Чыныгы сүрөткер-байланыш жасоонун ачкычы"-деп өзүнүн кеби боюнча Айтматов-саясатчы жана Айтматов-художник болду десем жаңылышпаймын. Бул улуу инсандын эки жагы, эки багыты жана алыскы максатка карай бирдей ишенген эки бекем канаты бар болгон. Чыныгы эл сүйгөн патриот. Азыркы күндө жазуучулар арбын, жазам десе актуалдуу темалар көп, бирок Ч.Айтматовдой жазуучу аз. Айтматовго окшогон адамга ар бир кылым муктаж, бирок жазуучуга окшогон инсан 100 жылда бир жолу бул дүйнөгө келет. Бирок дүйнөнүн өзгөртүүгө мүмкүн болбогон акыйкаттары көп. Залкар жазуучу ***"Сени тааныгандар жашап жатканда сен тирүүсүң"***-деп айткандай, элдин улуу калемгеринин руху жер жүзүндө даңазалуу чыгармалары бир өмүр жүрөгүбүздүн төрүндө түбөлүк жашайт.

Адабияттар:

1. "Кыргыз Туусу" гезети. 2018- жыл. 6-ноябрь, 2-бет
2. Чыңгыз Айтматов. "Маектер жана макалалар". 8-том, 480-бет
3. Р. Рахманалиев "Культура чтения великих песателей", 170-бет
4. "Кут Билим" гезити 2018-жыл 20- июнь 7-бет.

УДК 894.

КЫРГЫЗ ДРАМАТУРГИЯСЫ КЕЧЭЭ ЖАНА БҮГҮН

Маматкадыр кызы Айбарчын, ОшМУ
E-mail: aibarchyn2345@gmail.com
Илимий жетекчиси – филол.и.д., проф. м.а. Жамгырчиева Г.Т.

Аннотация: *Макалада кыргыз драматургиясынын тарыхынан жана учурдагы абалынан кыскача маалымат камтылган. Драматургия жанрынын өнүгүү эволюциясын көрсөтүүдө балдар дүйнөсүн чагылдырган драмаларга, ага байланыштуу социалдык маселелерге басым жасалат.*

***Ачкыч сөздөр**: кыргыз драматургиясы, “Закым кубалаган балдар” пьесасы, конфликт, образдык талдоо, аң-сезимдик деңгээл, ыймандуулук, гуманизм.*

КЫРГЫЗСКАЯ ДРАМАТУРГИЯ ВЧЕРА И СЕГОДНЯ

Маматкадыр кызы Айбарчын, ОшГУ
E-mail:aibarchyn2345@gmail.com
Научный руководитель – филол.и.д., проф. м.а. Жамгырчиева Г.Т.

***Аннотация:** В статье охвачен материал об истории кыргызской драматургии. В показе эволюции развития жанра драмы обратится внимание драмам отражающим детское мировосприятие и связанные с ними социальные проблемы.*

***Ключевые слова:** кыргызская драматургия, пьеса “Дети гоняющееся за миражом”, конфликт,образный анализ, сознательный уровень, нравстенность, гуманизм.*

KYRGYZ DRAMATURGY YESTERDAY AND TODAY

Mamatkadyr kyzy Aibarchyn, OshSU
E-mail:aibarchyn2345@gmail.com
Research supervisor – d.filol.s., professor Jamgyrchieva G.T.

***Abstract:** The article covers material on the history of Kyrgyz drama. In a demonstration of the evolution of the drama genre, attention will be paid to dramas reflecting the children's worldview and related social problems.*

***Keywords:** Kyrgyz dramaturgy, the play “Children Chasing a Mirage”, conflict, imaginative analysis, conscious level, morality, humanism.*

Киришүү.

Кыргыз кесипкөй жазма адабиятынын бир салаасы катары жана кыргыз театр өнөрүнүн өнүп-өөрчүй башташы менен драмалык адабияттын келип чыккандыгы маалым.

Тактап айтканда, 1920-жылдардын экинчи жарымында ал кездеги борбор шаарыбыз Фрунзеде (Бишкекте) жаңы ачылган борбордук педагогикалык техникумунда драма жана ыр-хор ийрими уюштуруп, сахнада ойноого арналган адабий тексттерди ийримге кагышуучулар өздөрү жаза баштаган. Чакан пьесалардын авторлору ал кездеги студенттер Т. Байжиев,

Ж. Бөкөнбаев, К. Жантөшев, К. Маликов, С. Сасыкбаев, М. Элебаев болгон. Алсак, «Койчулар», «Айылда», «Лениндин уулу», «Түштө», «Биз комсомол», «Жоголсун байлар» деген бир жана көп көшөгөлүү пьесаларынын аттары мемуардык эскерүүлөрдө эскерилет.

1926-жылы ачылган улуттук музыкалык драма студиясынын жамааты ойной турган драмалык чыгармалардын кыргыз тилинде жаралбай жатканынан аябай кыйноо тарткан.

Драматургия жанры – адабияттын өзгөчө бир түрү. Анын адабий чыгармачылыктан тышкары театр искусствосуна байланыштууу машакаттары да бар. Драмада турмуштук окуялар менен адам тагдырлары бир маанилүү конфликтке байланыштырылып, кульминацияга жеткирилип, чектелген убакыт жана мейкин аралыгында көбүнчө каармандардын диалогдору, монологдору аркылуу гана сүрөттөлүп берилет [1;84].

Кыргыз кесипкөй адабияты жаңыдан түптөлө баштаган кезде, жаш жазуучулардын арасында кадыресе драмалык чыгармалар жазып бере тургандары аз, атүгүл жокко эсе эле. Ошондуктан алгач М. Елениндин «Молдо Насреддин», Н. Гоголдун “Текшерүүчү” сыяктуу котормо чыгармалары коюлган, ролдорду студиянын окуучулары аткарышкан. Улуттук драма-музыкалык студиянын тарбиялануучулары М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей», Б. Калпаковдун «Эскиден калган энчилер», М. Дөгдүровдун «Чалкан чаккандар» деген пьесаларын коюшкан. Аталган пьесалардын тексттери да өз убагында жарык көргөн эмес, кол жазмалар түрүндө деле биздин күндөргө жетип келген эмес. Алардын ичинен тек М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей», К. Жантөшевдин «Карачач» драмалары кийинчерээк (биринчиси 30-жылдары, экинчиси 50-жылдары) кайра иштелип, басылып чыккан. «Кайгылуу Какей» 4 көшөгөдөн, 45 көрүнүштөн турган. Драмада катышуучулардын саны жыйырмадан ашык болгон. Анда аялдар азаттыгы темасы козголот. Азыркы драматургиябыздын мыкты үлгүлөрүнө салыштырганда М. Токобаевдин пьесасынын мазмун-формасы алда канча

комсоо корүнот. Бирок аталган пьеса улуттук драматургиянын өз мезгилинин көрүнүктүү чыгармасы катары адабиятыбыздын тарыхында ардактуу орун алды.[1;67].

К. Жантөшевдин «Карачач» пьесасы да тема жагынан «Кайгылуу Какейге» үндөш. 20-жылдардын экинчи жарымында өз мезгилинде театр сахнасында коюлганга арзыбаса да, өзүнчө китеп түрүндө басылып чыккан пьесалар бар. Алар – С. Карачевдин «Теңдик жолунда» (1928), «Төрага Зейнеп» аттуу пьесалары. «Төрага Зейнеп» – С. Карачевдин көлөмдүү пьесасы. Пьесада 1920-жылдардын орто ченинде айыл-кыштактагы таптык жиктелүү терендеп келген учурдун көрүнүштөрү сүрөттөлөт. Негизги конфликт (чыр-чатак) жергиликтүү айылдык кеңештерге шайлоо өткөрүү өнөктүгүнө байланыштуу келип чыгат. «Төрага Зейнеп» пьесасында Совет бийлигинин караңгы эл массасын сабатка үйрөтүү, маданий жактан агартуу, бай-манаптардын тамырын кыркып, десин кайтаруу, кадырын кетирүү үчүн жасаган аракеттеринен улам кыргыз арасында келип чыккан жаңыча саясий кырдаал, таптык позициялар, психологиялык тирешүүлөр чагылган. Бирок сөзгө алынып жаткан пьеса нукура драмалык чыгарманын даражасына көтөрүлө алган эмес. Анда курч сюжет, толук кандуу образдар, эсте каларлык көрүнүштөр жок. Пьесанын мазмунуна натуралисттик сүрөттөө, стилине таасирсиз көп сөздүүлүк мүнөздүү экендиги адабий сында белгиленген [2;178].

Кийинки мезгилдерде, айрыкча 1960-90-жылдарда кыргыз драматургиясынын эволюциялык өнүгүүсү жаңы баскычтарга көтөрүлдү, бул убакыт аралыгында улуттук драматургияга Т. Абдумомунов, Б. Жакиевдер баштаган калемгерлер эмгек сиңиришти. Биздей студент кезинде эле Т. Абдымомунов театрга көп барып, сахна өнөрүнө болгон чоң сүйүүсү калыптанган экен. Чыгармачылыгы "Кумдуу чап", "Курман" пьесалары менен башталат. Т. Абдымомунов отузга чукул драмалык чыгармаларды жаратып, пьесалары кыргыз театрларынын сахналарынан түшпөй байма-бай коюлуп

турган. Ал 1959-1971-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун 1-катчысы, 1974-1987-жылдары Кыргызстандын театрлар коомунун төрагасы болуп эмгектенген.

Көзү өткөндөн кийин 1991-жыл улуттук драматургия жаатында эң мыкты пьесаларга бериле турган Кыргыз Республикасынын Токтоболот Абдымомунов атындагы адабий сыйлыгы уюшулган.

Ал эми Бексултан Жакиев биринчи эле драмасы “Атанын тагдыры” аттуу чыгармасы менен таанымал болот. Драмадагы каармандардын конкреттүүлүгү, психологиялык абалдарынын жана мүнөздөмөлөрүнүн айкындыгы, сүрөттөлгөн окуялардын турмуштагыдай ишенимдүүлүгү, көркөм каражаттарынын ийгилиги, эч кимге окшобогон почерки, чын ыкластуулугу драматургдун пьесасы боюнча спектакль чыгарышкан театр жамааттарынын, алар аркылуу көрүүчүлөрдү өзүнүн дүйнөсүнө дароо ээрчитип кетти. Студенттик чөйрөдөгү адабият жана өздүк көркөм чыгармачылык ийримине катышуусу, улуттук адабияттан башка совет жана дүйнөлүк адабият менен кенен таанышуусу ага чоң таасир берген. Б. Жакиев студент кезинде башкалардын ичинде өтө сергек аң-сезимдүү, өзгөчө башынан өткөргөндөрүн кызыктуу кылып сүйлөгөндү жакшы көрчү. Адабиятта ат салышууга аракеттенген жаштардын арасында болсун, драмалык ийримдерге, коомдук иштерге катышпасын Б. Жакиев өзүнүн турмушка болгон мамилесин, жекече психологиясын, көз карашын калыптап өсүп бара жаткан тулку катары башкаларга таасирдүүлөрдүн бири болгон. Ал бардык учурда адабий кубулуштарды коомдун перспективалык өсүшү менен бирге карайт. Өзүн-өзү жана башкалардын чыгармачылыгын анализдей жана калыс баалай билүүгө умтулгандык ага мүнөздүү. Драматургдун өзүнүн айтуусуна караганда, “Атанын тагдыры” алгач прозалык чыгарма катары жазыла баштаган. Анын үчтөн бир бөлүгү жазылып бүтүп калган кезде, кандайдыр образдар сахнага авторду эрксиз жетелей берди. Б. Жакиев прозаны таштап, драма жазууга киришти. Балким, ошол мезгилде көп актылуу пьесалар боюнча

жарыяланган конкурс да болочок драматургду пьеса жазууга түрткү берген болуу керек. Эл артисти Муратбек Рыскулов: “Жакшы режиссёр таап, тезинен жаңы сезон башталганда театрга сунуш этүү керек”, - дейт. Ал көптөн бери ойноого кумар болуп жүргөн каарманын издеп тапканына ыраазы болгонун билдирип жаткансыды. Чынында эле Акылбек актёрдун ички чыгармачылык потенциалына төп келген кейипкер болуп чыккан. “Атанын тагдырынын” кыргыз драма театрынын сахнасында 500 жолу коюлушу маданий турмушубузга маанилүү окуялардан болуп саналат [2;234].

М. Тойбаевдин балдарга арналган “Сыйкырчы кыз” (ыр менен жазылган эки бөлүмдүү пьеса-жомок) драмасынын баш каармандары: Акай, Чакай, чоң ата, сыйкырчы кыз жана башкалар. Драманын элге кеңири таралуусуна анын “Манас” эпосунун мотивинде жазылгандыгында.Ошондой эле Барпы Алыкуловдун ырларынын мотиви да колдонулган [3;142-162].

Ал эми эгемендүүлүк жылдарында драматургияда жаңы тема, жаңы образдар жаратылды. Драмалык чыгарманын өзөгүн түзүүчү конфликттер чагылдырыла баштады. С. Раев жалпы адамзаттык темаларды козгоп, Ж. Кулмамбетов, К. Сактанов ж. б. күрдөөлдүү иштесе, балдар дүйнөсүн чагылтууда, алсак, К. Асаналиева сыяктуу калемгерлер салым кошту десек болот деген ойдобуз. Драматург Асаналиева Кыял Ысык-Көл мамлекеттик университетинин “Жалын” элдик театрынын негиздөөчүсү, жетекчиси. Анын “Закым кубалаган балдар”, “Айдагы так”, “Карт дарактын көз жашы”, Аман Саспаевдин пьесасынын негизинде жазылган “Каныкейдин алтын билериги” деген драмалары жазылган. Анын ичиинен балдар драматургиясына арналган “Закым кубалаган балдар” пьесасы 2018-жылдын 12-апрелинде автордун жетекчилигинин астында Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин студенттери тарабынан коюлган. Пьесанын өзөк окуясын учурдагы көйгөйлүү маселелерден болгон адам органдарын сатуу,көчөдө калган жетим балдардын тагдыры түзөт. Пьесанын каармандары: Көчөбек, Таштанды, Медер, Сары кыз, Кипариза,

Альберт, Аязгүл Санатова. Мында баш каармандардын бири Аязгүл Санатованын ролун өзүм аткарган элем.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз драматургиясы учурда өнүгүү жолунда десек болот, анын көркөм адабий чыгармачылык жана театр искусствосун байланыштырган көпүрө экендиги белгилүү. Келечекте анын бир бөлүгү катары балдар драматургиясы дагы кеңири өөрчүү жолуна түшсө деген тилектебиз.

Адабияттар:

1. Асанбеков. С. Азыркы кыргыз драмасы. – Ф., 1981.
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Т. 6. – Б., 2012.
3. Тойбаев М. Драмалар жана комедиялар. – Ф., 1990.

УДК:82.282(575.2)2

Ч. АЙТМАТОВДУК ААЛАМДЫН КОТОРМО МАДАНИЯТЫНДАГЫ ОРДУ

А. Мамашева, ОшМУ
Илимий жетекчи – А.Парпиева, окутуучу, ОшМУ

Аннотация: *Макалада ааламдашуу доорунун глобалдуу талаптарын шайкеш келген улуу калемгергер жазуучунун, котормо маданияты,котормочулук ишинин актуалдуулугу каралат.*

Ачкыч сөздөр: *котормо техникасы, котормо, котормо иши, котормонун түрлөрү,айтматовдук аалам дүйнө тааным.*

РОЛЬ АЙТМАТОВСКИЙ ВЕСЕЛЕННЫЙ В ПЕРЕВОДИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЕ

А. Мамашева, ОшГУ
Научный руководитель – А. Парпиева, преподаватель ОшГУ

Аннотация: *В этой стати в соответствии с требованием глобализации, мировой журналист изучил личность автора так же по изображением.*

Ключевые слова: *Мироощущение планетарное мышление, перевод, техника перевода, переводическое дело.*

UNIVERSE ROLE OF CH. AITMATOV CULTURE OF TRANSLATION IN EUROPE

Mamasheva A., OshSU
Research supervisor – Parpieva A., teacher, OshSU

Abstract: *In accordance with the re quirements of the era of globalization, the world`s journalist examined the writer`s personality, and the image recording in this article*

Key words: *attitude, understanding, nationwide mind, human, Spain, translation.*

Киришүү:

Дүйнөдө сөз кудуретинин атак-данкына жетүүгө жан үрөгөндөр, аны жайылтууну башкаларга сиңирүүнү каалагандар жок эмес. Кыргыздын уулу Айтматовдун чыгармаларынын дүйнө элинин жүрөгүнөн түнөк таап отурганына 160тан ашуун тилге которулуп, 70 миллиондон ашык нускада жарык көрүп жашап турганы анык далил боло алат.

Кайдай гана кесиптин ээси болууну эңсеген илгери үмүт менен билим алып жаткан студент болбосун, Айтматовдун чыгармаларындагы “адам болуу” жөнүндөгү философиялык ойлорунан, андан чыккан тыянактардан сабак албай койбойт. Кыргыз-Европа факультетинин котормо жана котормо тааануу адистигинин студенти катары мени айтматовдук ааламдын көркөм нускасы менен кошо которулуу жааты, анын чыгармаларынын дүйнө элине чоң талап менен кабылданып жатканы кызыгуу арттырды.

Бул изденүүдө Айтматовдун эл аралык кеменгер жазуучулугу, котормочулугу жана анын чыгармаларын которгон котормочулар жөнүндө болмокчу.

Котормого эзелтен эле терең маани берилип, чоң ызаат көрсөтүлүп келет жана А. Осмонов, У. Абдукаимов, С. Жигитов, А. Токтогулов, Т. Чоротегин жана бир катар котормочуларды атап өтсөк болот.

“Котормо ишинен канчалык өөн издегенибиз менен дүйнө элдерин байланыштырып келген жана байланыштыра берүүчү асыл кесип” деп айткан Гёхе [2;284].

Канча тил билсен, ошончо көп дил билесин демекчи ааламдашуу доорунун бирден бир талабы көп тил билүү болгон сыңары, котормочулукка чейин ошол тилдин коён жатагына чейин билүү абзел же азыркы талап менен С1 деңгээлинде өздөштүрүү керек.

А.С. Пушкин “котормочуларды агартуу бекеттеринен улам алмашылып туруучу почта киресинин аттарына теңеген. Арийне котрмочу карандай эле аткаруучу эмес тигил же бул улуттун үгүтчүсү экени белгилүү. Алардын ишкердиги гана көп улуттуу маданияттын мамыр-жумурлуна шарт түзөт” деп эскертет. Менимче котормо таанууда, котормо ааламына баш багууда чыгармачыл табит, тубаса интуиция, ички маданият жана күрдөөлдүү мээнет жаткандай. Жогоруда аталган факультетибизде атайын Европанын Испания шаарындагы КАДИС университетинен келген окутуучубуз Иннма Веласко менен сабактардан соң бир эле заматта эки мамлекеттин ортосундагы алыстыкты жана байкалбаган жакындыкты сезе билүүгө болот. Айтайын дегеним конок окутуучубуз дагы Айтматовдун чыгармаларын испан тилинде окуп жогору баа бергендигинде. Атай кетсем Аугистин Видальдын котормосуна таандык “Саманчынын жолу” повестин таасирленүү менен талкуулады. Демек, менталитетине, улутуна, динине, өлкөсүнө карабай мыкты таланттуу котормочунун иши жетиштүү болот [4;222].

Заманбап турмушта котормо иши, котормо таануу дешсе, биз сыяктуу студенттердин жоон тобу, аталган факультетке тапшырарда тагыраак ага чейин түшүнүгүбүз бир аз башка нукта эле. Котормо дегенде, котормочу дегенде кайсы бирөөгө, туристтерге же чет элдик тарапка котормочулук кылуу жана жакшы киреше табуу. Ошондой эле чет өлкөгө чыгуу, дүйнө кыдыруу жана жакшы жумушка орношуу деген ойлор келер эле. Азыр деле ал ойлордон такыр алыстаган жокпуз, бирок котормо ааламында тил илимин, биз үйрөнүп жаткан англис, испан тилдериндеги сөздөрдүн эквивалент маанисинин генетикалык кодун таба билүү керек экенин түшүнүп жеттик. Ч. Айтматовдун жана башка акын-жазуучулардын чыгармаларын, башка элдерде кеңири тарап

андан руханий азык алышарын уксак дагы, эмнегедир котормочулук кесиптин, машакаттуу ишинин четин аңдап биле баштадык.

Котормочулукта карандай сөздүк менен фразаларды которбой, сөздү которуу же анын жараткан, жашаткан нравалык психологиялык атмосфераны кабылдай билүү. Бул сөздүн образын которуу дегендикке жатат. Экинчи тарап сөздүн таржымалын таанып өзөгүн сезген менен барабар. Башкача айтканда, табиятты таанууда жана элдин руханий тарыхында терең символдук поэтикалык алгачкы таасиринде жашашы керек. Кээ бир булактарда мындай да болуп калат: мисалы кыргыз тилинен которгон котормочу кайсы каармандын диалогун жалпы жонунан сөздүктүн деңгээлине жеткире которуп берсе, албетте, башка улуттарга жүрүп жаткан окуянын өзөгү айтайын деген нравалык-психологиялык маңызынан алыстап кетет. Ага каармандардын образынын түпкү айтайын деген идеясы, талаш эмнеде экени, конфликт кайдан пайда болгону таптакыр түшүнүксүз. Эмне үчүн дегенде которулуп жатканда кирген образдык мааниси, мүнөзү, окуяны курчутуп жаткан подтекстти төкпөй-чачпай которуп берүү татаалга турат.

“Айткандарыныз кадиксиз денизчи, бирок иш жүзүндө... анчалык катаал талапка арзый турган котормолор азыраак, - дечүлөр да чыгат” -деп белгилүү лингвисттер айтып келишет. Жогоруда таланттуу авторлордун бир катарын атап өттүк, албетте, тизмени андан ары деле улай берсек болот. Эмне үчүн булардын – улуттук авторлордун изденип тапкан нукура таланттуу чыгармалары котормочунун ишкердик спецификациясын түз эле тийиш экендиги маалым.

Тил тагдыры. Бул көбүнесе тигил же бул тилдеги сөздөрдү чыгармачылык менен элестүү ылгап алууга гана эмес, ошол сөз – образдарга сыйган нравалык концепциялык түшүнүктөн улам чыккан маңызга байланыштуу болот. Азыр негизинен бардык тилдер чоң сыноонун кечирип жаткандай сезилет. Алардын астында бүгүнкү биз сыяктуу жаштардын дүйнөгө болгон ой жүгүртүүсүн аны тарыхый көз караш келечекке болгон ышкыбызды толук чагылта алууга

